**Камчыбек Илиязов**

# СУРАКСЫЗ ӨКҮМ

Бишкек-2017
"Улуу тоолор"

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
А 43

**Илиязов Камчыбек**

А 43 **Сураксыз өкүм: Б.:** «Улуу тоолор», 2017, 172 б.

ISBN 978-9967-477-73-5

Бул китептин биринчи повестинде карапайым үй-бүлөдөн чыккан мүнөзү шайыр, акылдуу, сөзгө чечен, ары келбеттүү, эрки күчтүү Айдардын үйлөнүү тоюна жарым айча калганда баардык ой-максатын таш каап, акыйкатсыздыкка туш болушу,адилетсиздиктен келип чыккан кайгы-муң, сүйүшкөндөрдүн бири-бирине жетпей, баштарынан өткөн кайгылуу окуялары, ал экөөнүн бул окуяга чейинки өткөргөн күндөрүн эскерүүсү баяндалат. Ошону менен бирге акыйкаттык үчүн өз жанын дагы аябаган адвокат Кайраттын бул окуяны өз демилгеси менен иликтөөдөгү ой-чабыты кыйынчылыктары, окуялары,тергөөчү менен соттун кылмыш ишти иликтөөдөгү жаңылыштыктары, алардын жаңылыштыгынын жыйынтыктары чагылдырылат. Кыштын керемет этюддары элестүү көрсөтүлгөн. Бул повесть болгон окуяга негизделип, жыйырма жылдан ашык судья кызматында иштеген адам тарабынан жаэылган.

Экинчи новелладагы аруу сүйүүсүн эч кимге алмаштыра албаган секелек кыз Айзаданын жалындаган сүйүүсү, анын турмушу, сүйгөнү Эрмек үйлөнүп кетсе дагы аны он жылдап күтүүсү, таарынып жүрүп, акыры ага кайра жолугуп, бирок бир себептерден улам жигиттин кыздан эмес, кыздын жигиттен кайра өзү кечирим суроосу, арзып-күтүүлөрдүн ишке ашышы бяндалат.

А 4702300100-17

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4

ISBN 978-9967-477-73-5

© Илязов к., 2017

# СУРАКСЫЗ ӨКҮМ

Повесть

Теректердин баш жагын чулгаган тумандан бирде көрүнүп, бирде көрүнбөй калып жатышкан чуру-чуу түшкөн каргалар даректардын баштарына конуп олтура баштаган мезгилде кымкарлап жаай баштаган кар, улам барган сайын күчөп, жерди тегиз агарткан.

Жаңы жаап жаткан кургак карды таптаган көчө толо кыйма-чийме, тынымсыз унаалар. Жол жээктеп кеткен жөө адамдар басуучу жол менен алгачкы жааган карга кубанышып, өйдө-төмөн сейилдеп баскандар. Бири- бирин чанага салып сүйрөшүп , ары- бери чуркап, ойногон балдар.

Ошондой кереметтүү, кыштын алгачкы жааган карлуу, шаардын бейпил түнүндө Айдар өзүнүн достору менен кафеде олтуруп, он жети күндөн кийин боло турган үйлөнүү тоюна план түзүп, кайсыл досу эмне кызматты аткарары туурасында өз ара макулдашып, түнү бир оокумда сыртка чыгышты.

Кафенин бийик тепкичинде Айдар, асманды карап, кафенин үстү жагына орнотулган түнкү фанардын жарыгынан көрүнгөн майдалап жаап жаткан карды бир азга тиктеп туруп калды. Салкын таза абаага чыкканга, бир чети тойду өткөрүү түйшүгүн достору менен бөлүшүп жеңилдей түшкөнгө көңүлү сергип, муздак абадан кере дем алды.

- Түнү менен минтип жааса... -деп Айдар, кар өтө эле катуу жаап жатат го дегендей таризде досторун карап, жылмайып койду.

Кээ бирөөлөрү тамеки күйгүзүшүп, бир азга ал тепкичте туруп калышканда алардын арасынан бирөө Айдарга карап, досторуна кайрылды. -Эй балдар, ким кайсыл тарапка, Айдарды ким ала кетет?

-Жок, достор, мен өзүм эле, -деди кыйма-чийме машиналар жай өтүп жаткан көчө тарапты бурулуп караган Айдар,- ушундай тайгакта эмне кыласыңар убара болуп, такси деген көп.

Жолдошторун убара кылгысы келбеген Айдар, алар токтотуп салып койгон таксиге жайланып олтурду. Кыялында алдыда боло турган тою. Кетип жатып да ой тизгигинен арыла албады: чоң кафеде эки тарап болуп коюлган орундуктардан турушкан тойдун катышуучулары кол чаап, аларды ээрчий карашат. Тойдун шандуу музыкасы менен ортолукта Нургүл аны колтуктап, чубалып жер чийген, үлбүрөгөн назик көйнөгү менен шандуу басып, төрдү көздөй өтүп бара жатышат. Ал жердегилердин баардыгы суктанып карашат. "Экөө бири-бирине өтө жуп экен"-деп шыбырашкандардын сөздөрү анын кулагына угулат. Ан сайын Айдар, бул менин сүйгөнүм", - деп эч кимге теңебес Нургүлүн көзүнүн кыйыгы менен суктанып карап, башын бийик көтөрүп кетип бараткан учурда машинанын тормозунун үнү чыгып, бултактап тайгаланып барып, ал бараткан унаа үйүлгөн топуракка урунуп токтоду. Өзүн бош таштап, кыялга батып келаткан Айдар алдыңкы орундукту сүзүп ала жаздап, астыга жүткүнүп барып, кайра орундуктун жөлөнгүчүнө

далысы менен урунду.

-Ой байке, эмне болуп кетти?

-Жол туурасынан казылган тура,- деп таксист рулду эки колу менен мыкчып кармаган боюнча алды жагын карап туруп калды. - Белги дагы коюп коюшпайт, аз жерден түшүп кете жаздадык. Кудай бир сактады.

-Ии, баса,-деп оордунан козголуп, башын көтөрүп эки орундуктун ортосунан алды жакты караган Айдар өзүн күнөлүү сезди.- Кечирип коюуңузчу байке, менин эсимден чыгып сизди эскертпей калган турбайынбы. Ушул жер эртелеп эле казылуу болчу, ошого машинамды айдап өтө албай жөө кеткен элем да.

-Кудай бир сактады да, дагы бир аз катуурак келгенимде түшүп кетет элек. Эми эмне кылдык, айланып өткөн жол барбы?

-Жол жок. Бул жагы жакын эле калды байке, басып кетсем болот, убара болбой эле коюңуз.

-Түн бир оокум болуп калды, көчөңөр тынч элеби?

-Тынч эле байке. Кудай сактасын, бул жагына бир, үч жүз , төрт жүз метрче калды.

-Мейли анда,-деген айдоочу башын ийип, эңкейип алдыңкы айнек аркалуу бир аз обочороок жердеги көчөнүн фанарын карады.- Көчөңөр жарык эле экен, бирок кеч болуп калды.

Айдар казылган чуңкурга коюлган тактай көпүрө менен акырын аркы өйүзгө өтүп, тайгакта ордунан жыла албай жаткан таксини бир азга карап турду. Дөңгөлөгү тайгакка чимирилип туруп калган унааны көрүп туруп ичи чыдабаган Айдар кайра аркага өттү. Дөңгөлөгү ордунда чимирилип, аркасы былтактап жаткан машина-

нын бир дөңгөлөгү үйүлгөн топурактан чачылып калган бош топуракка такала түшүп, аны сүйөп түртүп жаткан Айдарга баткакты чачып, ордунан булкуп жүрүп кетти. Дөңгөлөктөн чачылган баткак аралашкан топурак кийимине, бети-башына чачыраган Айдар эмне дээрин билбей туруп калды. Караңгыда ага жардам берип, тайгактан чыгарышып, бирок баткак чачырап бети-башы, кийимдери ылай болуп туруп калган Айдарды байкабаган таксист унасын айдап жүрүп кетет.

Түндүн бир убактысы болуп калгангабы көчө тынч. Бир гана майдалап, сапырылып, болоор-болбос желге уюлгуган кургак кар бурганактайт. Айдар жолун улап, анда-мында карагайдын башында күйгөн күңүрт жарыкта тынч көчө менен шыпылдап басып баратат. Баткак болгон кийимдерин анда-мында токтой калып кагып, колуна жолдун жээгиндеги бардюрлардын үстүнө топтолуп калган кардан сыдырып алып, колунун баткагын жууп келе жаткан учурда ага кандайдыр бир кыйкырык угулгансып кетти. Чочуп кеткен Айдар эки жагын карап, тык токтоп тыншай калды. Бир азга тыңшап тургандан кийин, "кулагыма жөн эле угулгансып кетти окшойт" дегендей кылып кайра жолун улады. Бир эки кадам шилтегенден кийин кайра эле ошондой кыйкырык үн кайталанды. Кайра дароо токтоп эки жакты элендеп, катар- катар үйлөргө көз карашын бирден-бирден токтотуп, кыйкырык каяктан чыкты дегендей, ар бир үйгө кулагын төшөп, кыдырата карады.

Терезелеринен күңүрт жарык көрүнгөн тушундагы үйгө көз кырын таштап, "кыйкырык ушул жактан чыгып жатабы" дегендей карап туруп калды. Ошол мезгилде

ал үйдөн, эркек кишинин: "жайлап сал! Жайлап сал деп атам!" деп кыйкырган үнү угулду. Айдар дароо чуркап ошол үйдүн фундаментинин түбүнө далдаланды. Бир азга өзүнүн үстү жагындагы терезени карап, тыңшап тургандан кийин чөнтөгүнөн мобилдик телефонун алып чыгып, анын өчүк экенин көрдү. Телефонун колунда кармаган бойдон "эмне кылсам" дегендей кылып ойлонуп туруп, кийин кайра телефонун чөнтөгүнө салып, башын көтөрүп, колдору менен терезенин кырына асылды. Бийик фундаментке жармашып, терезенин кырына колдору менен тартынып мойнун созуп үйдүн ичкери жагына көз чаптырды. Ичкеридеги чала жабылган эшиктин ары жагындагы бөлмөнүн жарыгынан колунда бычак менен ары-бери баскан бирөөнүн сөлөкөтүн көрдү. Аңгыча "абийири жоктор! ... айбандар! " - деген аялдын ый аралаш добушу угулуп, бир азга тынчый калып, аны тумчуктуруп жаткансыган алыстан чыккансыган добушу кайра жаңыланды. -"Өчүмдү ала тургандар бар акмактар! Акыры кармаласыңар, канкорлор!"- дегенден кийин ал үн кайра жок болуп кетти. Ошондон кийин кайра эле, баягы эркектин, "өлтүр! өлтүрүп сал деп атам! Эми бул жалап мурдакыны дагы жазып экөөбүздү тең каматат!" "Акырын дейм канчык!"- деген добушу угулду.

Эмне болсо дагы ага жардам берүүнү ойлоп калган Айдар дароо терезеде асылып турган жеринен түшүп, үйдүн дарбазасын көздөй бөжөңдөп чуркады. Дарбазанын жанындагы калитканын, дарбазанын дагы бек экендигин билгенден кийин калиткага асылып, андан ашып түшмөчү болду. Шашып калган Айдар калитканын үстүнкү кырына топтолуп калган карды темир калиткага ара-

лаштырып кармап асылам деп колу тайып кетип, кайра аркага чалкасынан кулап түштү. Белинин катуу ооруп калганына карабастан, тура калып кайра асылып, чөнтөгүндөгү жүз аарчысы менен калитканын үстүндөгү темир түтүкчөдөгү карларды сүртүп, кайра түтүкчөгө асылып, тартынып туруп калитканын үстүнө чыкты.

Чала жабылган үйдүн сырткы эшигинен ичкериге кирип, добуштар угулуп, кыздын ыйы аралаш кыйкырыгы чыгып жаткан бөлмөнүн сыртынан тыңшап, "эмне кылсам" дегендей Айдар бир саамга буйдалып туруп калды. Кийин ал баардык күчүн жыйнап, бир азга эле кечиксе кеч болуп калаарын түшүнүп, ошол эшикти дароо ачып, эшикти ачкан калыбында, болгон күчү менен, "эй балдар бул жакка! Бул жакта экен! Кармагыла! "- деп кыйкырып, башын сырт жакка буруп, бирөөлөрдү чакыргандай аракеттерди жасады.

Бир кызды диванга басып алып, үнүн чыгартпай тумчуктура баштаган кылмышкер Айдардын кирип келип кыйкырган добушунан улам, кыздын башынан басып турган колун кое берип, селейип туруп калды. Анын жанында колуна бычак алып аларды карап турган экинчиси дагы чочуп кетип, эшик тарапты карап кылчайып, турган жеринен бир, эки кадам оң тарабына, кайра бир эки кадам сол тарапка чуркап тыбырады.

Аңгыча Айдар сырт жакка башын буруп кайра эле, - "келгиле бул жакка! Бул жакка деп атам!" - деп болгон күчү менен дагы бирөөлөдү чакырды. Ошол мезгилде бети-башы кан болуп, эси оой баштаган кыз өзүнө келе түшүп башын көтөрүп, Айдар тарапты карап, нес болуп туруп калды. Болуп жаткан окуяга жеткиликтүү түшүн-

бөй калган эки кылмышкер бир ал кызды, бир терезени карап, максаттарына жете алышпай, аны өздөрүнө күбө кылып таштап кетип жатышканына бушайман болушкансып, же капысынан келип калышкан аларды кармоочулардын көзүнчө аны өлтүрө алышпай туруп калышты. Анан колунда бычак кармаган кылмышкер эки аттап терезеге чыгып, бычактын сабы менен терезени күч менен ургулады. Айнек күбүлүп түшкөндө ал аркасын бир карап, экинчисин дагы качтык дегендей ишарат берип сыртка секирип кетти. Аны көрүп турган экинчи кылмышкер дагы эки аттап жетип, дароо терезенин кырына ыргып чыгып, аттап-буттап чалынып ары жакка секирди.

Ошол мезгилде ордунан турган кыз Айдарды карап, көздөрүн жалжылдатып аны көздөй чуркады. Кылмышкерлер кызды бошотуп, ага дагы зыян келтирбей качып чыгып кетишкенине жеңилдей түшкөн Айдар дагы кызга утурлап, бир эки кадам шилтеди. Чуркап жеткен кыз кан болгон бети-башы менен Айдардын кучагына жыгылып, эсин жоготуп, анын ийнинен кучактаган колу ылдый жылмышты. Анын эси ооп калганын сезген Айдар дароо кыздын белинен кучактап, акырын ылдыйга түшүрүп жерге олтургузду. Бир саамга өзүн жоготуп олтуруп калган кыз өзүнө келе түшүп, көзүн ачып, колдорун Айдарга сунуп жалооруду.

-Сизге рахмат агай, - деди кыз өзүн токтото албай калчылдап. - Кетеличи бул жерден! Кетеличи!

-Бул үй сеники эмеспи,- деп Айдар болгон окуяга түшүнгүсү келди. -Булар кимдер деги ?

-Буларды тааныбайм. Кайра келип калышпасын! Кыздын көз жаштары куюлуп, мурдунан аккан канына

кошулуп жатты. - Кетеличи агай, баардыгын кийин айтып берем.

Ал кыздын ушунчалык өзүн жоготуп турганын көргөн Айдар дагы жашып кетти.- Сен бул акмактарга эмне кылдың эле! ...

Эмне деп сүйлөөрүн билбей, корккonунан тили буулуп, кекечтенип калган кызды аяй караган Айдар:- жүр карындашым, мейли, кийин айтып бересиң, кеттик,- деп ордунан тура албай калган кызды жөлөп, акырын бел тарабынан көтөрүп тургузду.

Мууну бошоп, алсыз, араң басып бараткан кызды жөлөп, тайгак тепкичтен колун берип, акырын түшүрдү. Кийин ал кызга ушул жерде тура турчу дегендей колун жаңсап түшүндүрүп, өзү болсо шамдагайлык менен дарбазанын түбүндөгү калиткага жетип, аны ары бери түртүп, тартып көрүп туруп калды.

Бетине кардан сүртүп, мурдунан куюлган канды уучуна тоголоктогон кар менен аарчып жаткан кыздын жанына кайра эле жетип келген Айдар: - дарбаза жактан чыга албайт экенбиз, баары бек, бул жактын башка эшигин билбейсиңби?- деп колу менен үйдүн арткы тарабын көрсөттү.- Кантип чыгып кетсек болот экен?

-Жок, билбейм агай, -дейт калчылдаган кыз добушун араң чыгарып. -Алар деле чыгып кетишпеди окшойт.

-Жок, алар качып кетишти! - деп Айдар колу менен дарбаза тарапты ашырып көрсөттү. -Анда канттик! Эмне кылсак? Эмне кылсак? - деп улам сөзүн кайталай не кыларын билбей турган Айдар элеңдеп эки жакты карады.

Дароо бир нерсени ойлогон Айдар чечкиндүү аракеттерди жасап, кыздын колунан тартып үйдү айланып,

удаа турган кошуна үйдүн огороду аркылуу өтүп кетмекчи болуп бурулуп жөнөдү.

Ал жакка баскысы келбей кеткенчиктеген кыз чочулады: - алар ушул жакка кетишти, алдыбыздан чыгып калышсачы?

-Жок, алар качып кетишти! Коркпо! Башка чарабыз жок!

Айдар кызды колунан тартып, экөө тез-тез басып үй менен сарайчанын кычыгынан эми өтүп бараткан учурда экөөнүн баштарына аркаларынан катуу нерсе урулуп, көздөрүнөн от чыгылышып жерге кулап түшүштү. Экөөнө тең жымжырттык өкүм сүрдү.

* * *

Түнү менен токтобой жааган кургак карга тосулуп калган дарбазанын жанындагы калитканы күч менен түртүп ачкан аял бурулуп кайра жаап, балтырга жетип калган, адамдын изи түшө элек карды кечип, унаалар жүрүп, эки из болуп тапталып калган чоң көчөнүн жолуна чыгып, шашылып аялдама тарапка жөнөдү. Капарсыз кетип жаткан аял, көп жылдардан бери бала-чакасы менен Москва шаарында жүргөн кошунасынын үйүнүн дарбазасы бир аз ачылып калгандыгын байкап, дароо кадамын жайлатып, ал үйдүн тушуна келгенде токтоп, ойлонуп туруп калды. "Кирсемби, кирбесемби" дегендей бир саамга туруп калгандан кийин жай басып дарбазага келди. Дарбазадан башын ичкери тарапка салган аял: Бурулча! Ай Бурулча! - деп үн чыгарды. Үйдө бирөөлөрдүн бар экендигинен дарек берген эч нерсе байкалбагандан кийин ал бурулуп кетип кала албай дарбазадан ичкериге баш багып, чала жабылган чоң

үйдүн эшигинен уурданып киргенсип өйдө, ылдый, туш тарабын карап, акырын басып ичкериге кадам таштады. Узун далистеги оң, сол тараптагы эшиктерди бирден ачып баш багып келип, жүрөгү сезгенсип, эң төрдөгү эшикти ачаардан мурда эмнегедир токтоп туруп калды. Ичкериде бирөө тургандай сезилип, башын кыйшайтып, кулагын эшик тарапка тосуп, бир саамга тыңшагандан кийин акырын эшикти туткасынан кармап тартты. Бөлмөгө баш багып, коркуп кетип дароо башын тартып алып, эшикти кармаган калыбында же эшикти жаап качып кете албай, же кайра кирип бара албай туруп калды. Чыдабай кетип кайра эшикти өзүнө тартып, бөлмөнү караганда, көзүнө канга боелуп, полдун четинде жаткан кыз, анын жанында кан болгон бычак колунан түшүп жаткан дагы бир бала чалдыкты. Коркуп кеткен аял катуу кыйкырып, эшикти тарс жаап үйдүн тепкичиндеги карга тайгаланып, жыгылып-туруп, чуркап качып чыкты.

Дагы деле кар тынбай жаап жатты. Үйдүн алдына кошуналар топтолушту. Алардын жанынан өткөн адамдар дагы, бул жерде эмне болуп жатат дегенсишип, кадамдарын жайлатып, тушуна келгенде токтоп калып жатышты.

Үйгө кирип чыккан аял, топтогу адамдарга кайра-кайра сөзүн кайталады.-Экөө тең өлүп жатат! Экөө тең! ... Канга боелуп, тим эле, билбейм! Жүрөгүм түшүп калды!

Аларга жаңы кошулгандарга аял дагы эле кайра башынан баштайт. -Кирип барсам эле ... экөө эки жерде өлүп жатат! Кыздын ич жагынан аккан кан тим эле көл. Полдо кан болгон бычак, бычактап кетишиптир! Үй чак-

челекей, ... ой айта көрбө, ушундай коркуп кеттим!

Топтун ичинен ал үйгө тиешеси бардай болгон бирөө тынчызданды.

- Бул үйдүн балдарынан эмеспи?

- Жок, жок! Алар бир топ жылдан бери Москвада го, бала-чакасы менен кетип калышкан!

- Сизден кийин дагы бирөөлөр кирип көрүштүбү?

-Жок, жок. Милицияга телефон чалсам, азыр барабыз, эч ким кирбей турсун деди эле, ошого эч кимди киргизбей турам.

- Анда бул үйдөгүлөрдүн тууган - уруктарынан го, болбосо кантип кирет эле.

-Билбейм. ...Билбейм!- деп дагы деле жакшы токтоно албай муун-башы калчылдаган ал аял топтолгондорду айландыра карады. - Туугандарынан болушу деле мүмкүн, жаш эле немелер го!

Аңгыча милициянын машинасынын сиренасынын добушу алыстан чыгып, үстүндөгү жарыктарын жаркылдатып, бирде кызыл тарабы, бирде көк тарабы алмак-салмак жаркылдап, бири-бирине үн алышкан эки машина топтошкон адамдардын тушуна келип токтошот. Андан милиция жана граждандык формачан адамдар жабырап түшүшүп, биринин аркасынан бири ээрчишип, ал жерге эки жактан келе беришип, жаңы карда жолдун нугу түшүп калган из менен үй тарапка бет алышты. Алардын арасынан бирөө обочороок жерде топтолуп турушкан адамдарга бурулуп, аларга кайрылды. -Саламатсыздарбы! Бизге телефон чалган адам бул жерде эмеспи?

Элдин арасынан кичине оордунан жылып, өзүнүн

кыймыл- аракети менен аял белги берди. - Мен чалдым силерге.

-Бул жакка бир минутага мүмкүнбү?

-Мейли, - деп ал аял анын артынан басты.

Бир аз жерге басып, ал топтон бөлүнүшкөндөн кийин милициянын кызматкери аялга карады. - Бул үй эки- үч жылдан бери бош турган үй депсиз эле, анда кантип кирип калдыңыз?

-Ишке кетип жатсам эле дарбазасы бир аз ачылып калыптыр. Ким бар экен, булар эки-үч жылдан бери жок эле, же өздөрүнөн бирөө-жарымы келип калганбы деп кире койбоюнбу.

- Экөө бекен?

-Ооба, экөө, бир кыз, бир бала.

-Мен сизди издеген себебим, сиз бул иш боюнча күбө болуп калдыңыз, эч жакка кетпей турсаңыз, кийин түшүнүк кат алып коелу, мейлиби?

-Мейли дечи, өтө коркуп калдым.

-Коркпоңуз, - деп башын ийкеген ал андан ары кадамын улап үйгө кирип кетти.

Үйдүн ичи чак-челекей чачылган. Ортого салган килемдин четинде бир кыз, бүк түшүп, эки буту эки жакка тизесинен ылдый жагы тайтайып, бир колу менен ичи тарапты кармаган абалында жатат. Ал кыздын ичи тараптан кан полго агып уюп калган. Андан обочороок жерде мизи кан болгон бычак, бөлмөнүн төрү тарабына коюлган дивандын түбүндө жыгылып жаткан арактын бош бөтөлкөсү. Стол аңтарылып, андагы тамак-аштын калдыктары баш- аламан чачылган. Дивандын үстүнө салынган төшөк уйпаланган, полдун терезе тарабында

үстү толо айнектин сыныктары. Терезенин айнеги талкаланып, сырттан жааган кар терезенин ички бетиндеги тектирге үйүлгөн. Бөлмө чыкыроон суук.

Бөлмөгө кирип келишип өздөрүнүн милдеттерин аткара баштаган кызматкерлердин үстүнө кирген тергөөчү чочугансып туруп калды. -Ой, кана экинчиси? Кызык го,- деп ылдамдап сынык терезени көздөй басты.- Ия, эмне, качып кеттиби?

-Ооба, эки өлүк деп айтылды эле да ээ?- деп үйдүн булуң-бурчтарын карап баштаган дагы бирөө токтоп калды. - Ой ага маани бербептирбиз го?

Кызды айландырып карап баштаган ал жердегилердин дагы бири чочуп башын көтөрдү. -Ооба, мен дагы эки өлүк деп уккандай болдум эле да,- деп ал жерди эми жаңы көрүп жаткансып айландыра карады.

Ал жердегилердин баары жасап жаткан кыймылдарын токтотуп, бирин-бири карап туруп калышты. Ошол учурда терезенин тектирчесиндеги үйүлгөн кардын үй тараптагы бөлүгүнө түшүп калган изге окшогон тапталып калган кардын четин караган тергөөчү башын терезеден салып, энкейип сыртты карап, кайра башын дароо тартып алып, жанына келген кызматкерге кайрылды. -Карасаң, адамдын изи ээ, карасаң!- деп тергөөчү тынчызданды.- Эмне болду ия, группанын балдары! Тез телефон чалчы, тезирек келишсин! Тергөөчү бөлмөдөгү дагы бир кызматкерге добушун катуу чыгарып, буйрук берди. -Сырттагы, бизге телефон чалган аялды чакырчы!

Сырттан бөлмөгө милиция кызматкеринин коштоосунда кирген баягы аял корккондой түр менен кыздын

жаткан жерин карап туруп калды. Аны караган тергөөчү: - ой эже, буларды экөө дептирсиз эле го?

-Ооба, экөө болчу! Бул жакта дагы бир бала чалкасынан жаткан эле,- деп ал аял кыздын жанындагы жерге колун жансады.

-Кандай бала эле? Анда ал качыптыр да. Даана көрдүңүзбү? Коркcондо экөө болуп көрүнбөдүбү?

-Жок айланайын, кандай корксом деле, кантип жаңылайын.

-Ооба, демек ал бала качыптыр, көрдүң да ээ, адамдын изин, - деди тергөөчү терезеден башын салып, аны менен бирге сыртка баш баккан кызматкер тарапты карап.

Тергөөчү ойлонгонсуп бир азга бир точканы тиктеп туруп калгандан кийин: - эже чыга бериңиз, бирок кетип калбай сыртта болуп турсаңыз-деп, кийин ары-бери басып тынчсызданды. -Эмне болушту ия? Же өзүбүз эле чыгалыбы, изин кубаласак кармап алаарбыз?

Аңгыча, чоң машина келип токтоп, андан кара кийимчен, оозу-мурду тумчуланган, куралчан атайын топтун балдары биринин аркасынан бири секирип түшүп жатышканын көргөн тергөөчү жеңилдей түшкөнсүдү.

-Келишти,-деди жай сүйлөп. Кийин ал шыпылдап сыртка жөнөдү.

Ал үйдүн короосуна киришип, тушардан ашып калган калың карга башаламан из салышып, шашылышып, өйдө-төмөн чуркашып, катарга тизилип калышкан атайын топтун кызматкерлеринин алдына чыгып, тапшырма бере баштаган алардын командиринин сөзүн жула сүйлөгөн тергөөчү: - бирөө терезеден секирип кетиптир, изи

дапдаана,- деп колун ошол терезе тарапка жаңсады:
- Баш-аламан кылбай акырын ошол изди кубаласаңар эле кармайсыңар. Изине караганда азыр эле качкан, үстүнө кар деле түшө элек экен, - деди.

Тапшырманы алышып, бөлүнүшүп, короонун эки тарабына чуркап кетишкен атайын топту аркасынан карап туруп калган командир бурулуп, тергөөчү тарапка басты.
-Эки өлүк дейби?- деп ичкериде эмне болуп жатканын көргүсү келди.

- Бирөө эле, экинчиси качыптыр да. Кызды мыкаачылык менен өлтүрүптүр, аябай урган көрүнөт, кыздын бети башынан тамтык жок, кийин сайып салыптыр.

-Жаңы эле болуптурбу?

-Каяктан, кыз эбак эле катып калыптыр.

-Анда эмнеге эми качты?

-Бир бөтөлкөнү жалгыз ичсе. Мас болуп кете албай калса керек да.

-Бир бөтөлкөнү ичкенин каяктан билдиңиз?

-Бөтөлкөсү жатат, бопбош. Мас болуп алып темтеңдеп баскан, көрүнбөйбү столду аңтарып салыптыр, баары талкаланган.

Экөө ээрчишип, үйдүн эшигин көздөй бет алышты.

Баш кийимдерине, үстүндөгү кийимдеринин ийиндерине кар туруп калган адамдарга дагы эки тараптан кошулган адамдар болуп, ал жерге эл көбөйүп кеткен. Жол боюнда, үстүндөгү көк- кызыл жарыктарын улам алмаштырып, биринен сала-бирин жаркылдаткан милициянын эки жеңил унаасы, анын катарында капталында "Тергөө тобу"- деген жазуусу бар дагы бир УАЗ маши-

насы, үйдүн дарбазасы тарапка буруп токтогон “Тез жардам” унаасы дагы үстүндөгү көк-сары жарыгын жаркылдаткан абалында турса, алардан бир аз ылдыйраак, көчөнүн аркы тарабында атайын топтун кызматкерлери келген чоң чүмкөмө машина токтоп турат. Чогулган элге таңданып токтой калып өтүп кетип жатышкан көчөдөгү машиналар, өйдө-төмөн өткөн адамдар. Үйдүн тегереги баш-аламан, көпчүлүк.

Бир убакта үйдүн дарбазасын атайын топтун бир кызматкери ачып туруп калганда ары жактан төрт тарабынан төрт адам көтөргөн кыздын денеси салынган табытты көтөргөндөр көрүнөт. Анын денеси чүпүрөк менен жабылган. Ошол учурда, баардыгына абдан кызык болуп, аны күтүп турушкан чогулган эл моюндарын созуп, "дуу" этип ошол тарапка жүткүнүшөт. "Кызды алып чыгышты, кызды алып чыгышты", - деген күбүр-шыбырлар.

Алар кыздын денесин табыты боюнча машинанын арткы эшигинен салышып, табытты акырын машинанын төр жагына түртүп жылдырышып, кийин эшиктерин жаап, ак халатчан экөө машинанын эки тарабынан алдыга өтүп, олтурушуп, чогулуп туруп калган элге машинанын мигалкасы менен, "качкыла, бизге жол бергиле!" дегендей эки-үч жолу кыйкырткандан кийин машинанын арткы дөңгөлөктөрү жумшак карды чачып жүрүп кетти.

Бир аздан кийин кайрадан эле үйдүн дарбазасы кайра ачылып, андан башын ылдыйга салдырган абалында, эки колунун каруусунан экөө кармап, аркасынан бир канча атайын топтун кызматкерлери ээрчип Айдарды алып чыгышты. Ал жерде топтолуп турушкандар аны

жек көргөндөй турпаттары менен ошол тарапка жүткүнүштү. Аңгыча аларды узатып чыккан атайын топтун кызматкерлеринин бир канчасы алардан бөлүнүп, жүткүнгөн эл тарапты тосушту. Ошол учурда алар Айдарды топтолгон элдин чети менен машинага алып өтүштү.

Сыртта болсо самсаалап, Айдар достору менен, өмүрүндөгү бактылуу күндөрүнүн бирин кантип өткөрөрүн пландаштырып, жылуу кафеде олтурганда башталган кургак кар дагы деле жигиттин эмне болуп жатканы менен деле иши жок тынымсыз бурганактады.

* * *

Айдар тергөөчүнүн кабинетинде, төр тарапка коюлган столдун аркасында олтурган тергөөчүнүн мандайында, эшиктен кире бериштеги оорундукта олтурат. Эки тарабында Айдарды кайтарган эки милиция кызматкери тикесинен турушат. Тергөөчүнүн столунун алдына тигинен койгон столдун бир тарабында Айдарга чакырылган адвокат, дагы бир тарабында кылмышкерлерди издөө бөлүмүнүн башчысы Тилек. Кабинетинде күйгөн жарыкка алым сынбаган тергөөчү столдун четине бекитилип, компьютердин баскычтары тарапка каратып коюлган моюну койкойгон чыракты "чырт" эткизип жандырып, столдун үстүндөгү кагаздарынын бирин алып, аны үңүлүп бир азга окуп, унчукпай олтургандан кийин, ал жердеги жымжырттыкты бузду.

-Мына, бычактын сабынан чыккан колдун изи сеники экен,- деди тергөөчү эксперттин берген кортунду кагазын столдун экинчи чекесине алып коюп. Кайра дагы бир кагазды алып, ага дагы бир азга үңүлүп,окугансып тургандан кийин кайра эле үнүн катуу чыгарды. -Ал

жерден алынган арактын бөтөлкөсүнөн табылган колдун тагы да сеники болуп чыкты! -деп ал кагазды дагы биринчи кагаздын үстүнө койду. - Мастыгыңды өзүң деле моюнуңа алып жатпайсыңбы! Арак ичпейт элем, ким ичиргенин билбейм, - деп боорду эзгениң эле болбос. Сага бирөө уктатып туруп оозуңа куюп койду дейсиңби өзүң айткандай? - деп күлдү. Тергөөчүнүн сөзүн тыңшап, анын кыймыл-аракеттерин карап олтурган ал жердегилер дагы жылмайышты.

Тергөөчү кайра кабагын бүркөдү. -Курткаңдан табылган кандын тагы дагы экспертизага берилди, ал кан дагы өлгөн кыздын каны болуп чыгат, аны деле мойнуңа алсаң керек! Мас болуп алып каякка оонагансың билбейм, кийимиң бүт ылай, ал ылайы кыздын кийимдеринен дагы табылды! - деп, сөзүнүн акыры жагында үнүн катуулатып келип, ордунан тура калды. -Анан, анан дагы кызды өлтүргөн жериңден нак кармалдың ! Сага дагы кандай далилдер керек, ия! - деп бир азга башын мыкчып тургандан кийин колун кайра ылдыйга түшүрдү. -Өз убалың өзүңө, жакшылыкты билбейт окшойсуң, мейли сенин үстүңдөн кылмышкерди издөө бөлүмү өздөрү иштеп көрсүн анда, башка айла жок! Каяктагы жомокту айтасың?!-Ал кызды коргоп калайын дедим эле!

-Сотка деген бар, милиция деген бар. Кана анда, ошол кылмышкерлердин ошол жерде болушкандыгы туурасында бир эле далил келтирчи.

Унчукпай, ага каяша айтсам кайрадан кылмышкерлерди издөө бөлүмүнө жөнөтүп жүрбөсүн, -деп олтурган Айдар башын көтөрдү.- Терезени мен сындырган жокмун.

-А терезеби? Терезени именна сен сындырыпсың да,

биз ал жерге барганга чейин ошол жерде тургандар угушуптур,- деп тергөөчү эми кантер экен дегендей кылып, кытмыр карап туруп калды. -Же алардын түшүнүк каттарын окуп берейинби, ия?

Айдар дароо башын сыйпалап, өлүп жаткан кыздын жанынан туруп, үйдүн сынык терезеси аркылуу чыгып кетмекчи болуп терезенин кырына топтолуп калган карга тайгаланып кетип, башы менен терезенин сынбай калган жогору жактагы бөлүгүн сүзүп алып, башы тилинип, айнектин шалдырап күбүлүп калганын эстеп кетти.

Эмне дээрин билбей олтуруп калган Айдарга үстөмдүк кылган тергөөчү: - дагы кандай далилдериң бар? Башыңды айнек тилип кеткенин өзүң айттың го, анда кимден качып, терезени талкалап, башың менен айнекти сүзүп жүрөсүң?

Дагы бир аз тынчтыктан кийин Айдар: -жолдош тергөөчү мен ал үйдү билбейм, же тууганым болбосо, ал жакка кантип кирет элем? -деп ал өзүнүн ак экендигин далилдөөгө дагы бир жолу далалат кылды.

-Ии ушул сурооңобу? Бул аливиңе мындай: сен ошол көчөнүн баш жагында жашайсыңбы? Күндө ошол үйдүн жаны менен өтөсүңбү? Өтөсүң, чынбы? Ал үйдүн бош турган үй экенин угуп, көрүп эле жүргөнсүң да, ээ, анткорлонбо,- Айдарды моюнга алдырууга аракеттенген тергөөчү кылмышкерлерди издөө бөлүмүнүн башчысын карады. -Же мунун алибисин силер текшертип көрөсүңөрбү?

-Же ал кызды тааныбасам,-деп Айдар дагы актанууга аракет кылды.

-Ал кызды абдан сонун таанiйсың. Ал Москвадан келгенден бери башын айландырып жүргөнүңдү унутуп калдыңбы? Бул туурасында ал кыздын туугандарынын түшүнүк каттары бар. Ата- энеси кызы менен алек болуп жатышат, кийин алар баарын айтып беришсе керек. Бир сөз менен айтканда биз бир күндө баардык далилдерди чогултуп, сотко даяр кылып койдук, андан көрө күнөөңдү мойнуңа алып, болгонун болгондой кылып жазып берсең өзүңө жеңил болот, анын үстүнө чындыкты айтсаң өзүң дагы жеңилдей түшөсүң.

- Эй, Айдар, тергөөчүгө алып барсаңар мен баарын айтып берем дегениңден бул жакка алып келдик. Болбосо мойнуңа коюп туруп алып чыгат элек, эми айтып бербейсиңби, ия?- деп баятан бери унчукпай башын жерге салып, аларды тыңшап олтурган кылмышкерлерди издөө бөлүмүнүн башчысы бир азга туруп калган жымжырттыкты бузду.

Алардын сөзүнө деле кулак салбагандай, башын жерге салып столдун буттарын тиктеп, сөз кезегин күтүп жаткан адвокат оңдонуп олтурду. -Эми Айдар, өзүң билесиң дечи, бирок булар айткандай кылып, ал кызды байкабай өлтүрүп алып, ал жерден кете албай калдым, өзүм эле колго түшүп берейин дедим, бирок сырттагы элдерден коркуп милициялардын келишин күтүп олтурдум эле деп, кылмышыңа өкүнүп, органга өзүң келди болуп катталсаң сот дагы жаза берүүдө мыйзамда көрсөтүлгөн жазанын үчтөн экисинен аша албайт. Ойлонуп көр. Мен өлтүргөн жокмун деп жатасың дечи, аны деле текшерип көрүшөт го,- деп кошомат кылганын ачык эле билдирген адвокат тергөөчүнү карап койду.

Жер карап баарын угуп олтурган Айдар, "акмаксың го, кармалгандарга ушинтип акыл айтып жардам берип, күнөөсүн жеңилдетесиңби?"- дегендей кылып башын көтөрүп жаман көзү менен адвокатты карады.

-Мейли, өз убалың өзүңө, мойнуна алгандардын канчасына жардам бердик эле, мойнуңа албасаң эмне кылат элек - деп кайра туруп, тергөөчү бир нерсени эстеп кетип чочугансып, же эмне, мени менен бирме-бир калып, окуяны мага кайра башынан айтып берсиңби, ия? - деди.

Айдар ойлонгонсуп калгандан кийин, булар кимдер эле, булардын көзүнчө деле айтып берем дегендей кылып жанындагыларды айландыра карады. -Керек болсо сизге деле кайра жазып берейин.

Айдардын олтургандарды айландыра караганын башкача түшүнгөн тергөөчү ичинен сүйүнгөнсүп, көздөрүн удаа-удаа ирмеди.

-Ырас эле, кээ бирде бирме-бир олтурганда жакшы ойлор келчү эле,- деп колун жаңсады. -Баарың чыгып тургулачы.

Ал жердегилер эмне кылсак дегендей кылып туруп калышты.-Чындап эле чыгып турсаңар мен Айдар менен бирме-бир сүйлөшүп көрөйүн,- деген тергөөчү башын чулгуп эшик тарапка жаңсады.

Баардыгы ордуларынан турушту. Тергөөчү, Айдарды кайтарып жүрүшкөн милициянын кызматкерлерине карады. -Силер деле чыга турсаңар! Сагын, коркпо, эч ким деле көрбөйт, эшиктин эле алдында болосуңар, бир нерсе болсо чакырам!

Баардыгы сыртка чыгып кетип жаткан учурда тер-

гөөчү колун созду. - Сагын ! Эй Сагын! кишендин ачкычын таштап койчу, Айдардын ильхому келип кетип чындыкты жазып берейин деп калса?

Кайра аркага бурулган Сагын: - шеф, болбойт да, ансыз да мыйзамды бузуп жатабыз, - деди ага капа болгонгондой.

-Жок, каяктагы мыйзам бузуу, ... мен өзүм жооп берем! - деди тергөөчү күчөнө.

-Мейли деп атам го!

-Алыс кетпей, эшиктин алдында күтүп тургула!

Баардыгы чыгып кеткенден кийин сөздү эмнеден баштасам дегендей кылып чиренип тергөөчү тамдын төбөсүн карады. - Ии, эми айтчы, мына эч ким жок. Ой айтып атпайымбы сага, жардам берем деп, явка с повинной сөзсүз болот, балким байкабастыктан адам өлтүргөндүн статьясы коюлуп калабы?

-Мен кылмышкерлерди издөө бөлүмүнүн балдарына болгонун болгондой кылып жазып бердим.

-Уктум, мен бул жакта олтурганым менен баарын угуп атам, текей терип олтурган жокмун, тынбай иштеп атам, ... ыссык кезинде. Демек бир сөз менен айтканда айтканымдан кайтпайм де, ия? Ушундайбы?

-Керек болсо сизге деле кайра жазып берейин.

-Жомогундун кереги жок, же эмне, алардан жашырганыңды мага жазып бересиңби?- деп тергөөчү кытмыр күлдү. -Мейли, жазсаң жазчы, абийриң кыйнап калса балким чындыкты жазып жибересиң.

Тергөөчү мойнун созуп, эшик тарапка кыйкырды. -Сагын, эээй Сагын! Чакырчы мунун адвокатын, анан, эртең адвокат катышкан эмес деп жүрбөсүн,- деп "мына

баары мыйзам чегинде болуп жатат” дегенсип Айдарга карады.

Сагын бөлмөгө баш бакты. - Угуп атам шеф? Эмне дейсиз?

-Эмне дейт элем, жакшы нерселер болгону турат окшойт, адвокатын чакырып койчу бул жакка, ал дагы мунун жанында олтуруп турсун.

-Шеф, адвокаты басып кетти эле. Билбейм, кайсыл кабинетке кирип кетти экен?

-Издеп тап!

-Шеф, шеригим дагы суранып бир жакка барып келе калайын, деп кетти эле, ал келип калса эле адвокатты таап келем.

-Жок, мени бул жеп кетмек беле, түшүнүктүү бала экен ансыз деле жалпы тил табышчуудай болуп турабыз. Бар, бара бер, тездет, издеп таап кел, анан эртең дагы адвокаты жок сурак бергем деп жүрбөсүн.

-Мейли шеф,-деп Сагын сыртка чыгып кетти.

Аңгыча тергөөчүнүн кол телефону шыңгырады. -Да, ... ооба шеф, бирөөнү сурак кылып жаттым эле. ... Мейли азыр барам,- деп ал жооп берип,телефонун өчүрүп туруп калды. Кайра телефонунан бирөөнүн номерин издеп таап: - эй Куштар, билесиңби, мени шеф тез кир деп чакырды... Жок мен ойлоп атам баягыны Мурат айтып койгон окшойт. Шефтин маанайы жок го... Мейли дечи. Андан көрө сен Муратка кирип сурап турчу, айтып салбаптырбы?... Мен азыр кирем сага. Сөзүбүз бир жерден чыксын да.

Тергөөчү телефонун басып өчүрүп, ордунан дароо туруп, эшикти ачып карап, сыртта эч ким жок экенин

көргөндөн кийин кайра эшикти тарс жаап, Айдардын жанына басып келип, столдун четинен кишендин ачкычын алды. Айдарды ордунан тургузуп, анын колунун бир тарабын чечип, кишендин ошол чечилген тарабын бөлмөдөгү жылуулук келүүчү трубага бекитмекчи болуп жатканда кайрадан телефонуна коңгуроо келди. Ошондо ал ачкыч менен кишенди бекитип, шашып телефонун чөнтөгүнөн чыгарам деп буйдалып жатып, кишендин ачкычын колунан түшүрүп жиберди. Кичинекей ачкыч столдун алдына салынган килемченин четине жеңил түшөт. Шашып жатып аны байкабай калган тергөөчү телефонун колуна алган боюнча тура калып, шашып өзүнүн ордун көздөй басты.

-Да, угуп атам. Мурат жок бекен. Аны билбей туруп кантип кирем шефке. Даярданып алышым керек эле да.

Аябай толкунданып өзүн жоготкон тергөөчү телефонун деле басып өчүрбөй, аны колуна кармаган боюнча ойлонуп туруп калды. Кийин Айдарга карады.

-Мейли, тура турчу, балким башыңа жакшы ойлор келип калаар, ойлонуп тур, мен азыр,-деди шашып бушуп бөлмөдөн сыртка чыгып, эшикти ачкычы менен сыртынан бекитти.

Тергөөчү шашып, узун коридор менен тез-тез басып барып, ылдый-өйдөгө кетүүчү тепкичке жетип, аркасына кылчайып ойлонуп туруп калды. Кийин тез-тез басып, ошол тепкич аркалуу ылдыйга түшүп жөнөдү. Аңгыча, үстүңкү кабаттардан түшүп келе жаткан бирөөлөрдүн добушун угуп, дароо токтоду.

-Сагын сенсиңби?- деп катуу үн чыгарды.

-Ооба шеф, мен, адвокатты таап келаттым эле,- деди Сагын анын жообун күтүп.

Тергөөчү чөнтөгүндөгү көп ачкычтардын арасынан кабинеттин ачкычын издеп, колуна алган топ ачкычтарды аралаштырып эки- үч секундача буйдалып калгандан кийин кайра аларга кайрылды. - Сагын, мен кишендин бир жагын батерейкага бекитип койдум, кабинетим бек, сыртынан карай тургулачы, мен азыр, тез эле... - деп тепкичтер менен тыбырап чуркап, түшүп кетти.

Кишенди батарейкага бекитип жаткан учурда кишендин ачкычынын түшүп калганын көрүп калган Айдар, ачкычты экинчи колу менен алганга чейин дагы ойлонуп, көпкө чейин тиктеп турду. Кийин башын билинэр-билинбес ийкегенден кийин эңкейип, ачкычты бош колу менен алды. Ошол учурда сырттан добуштар угулуп, кабинет тарапка басып келе жаткан адамдарды сезип, ачкычты кайра ордуна коюп, туруп калды.

Ал адамдардын эшиктин алдына келип сүйлөшүп туруп калганын сезген Айдар киришет дегендей күттү. Айдар буларга чейин эле тергөөчүнүн аны бекитип кеткенин, азыркы келгендер башка адамдар болушу мүмкүн экенин баамдап, эңкейип кайра ачкычты алып, аны экинчи колундагы кишендин ачкыч салуучу жерине салып, бир азга дагы сырттагы добуштарды тыңшагандан кийин ачкычты тез-тез бурап, колун кишенден бошотту. Билегин ушалаган боюнча добушун чыгарбаганга аракеттенип, жеңил басып терезенин түбүнө жетти. Терезени кантип ачса болот экен дегендей байкап,анын өйдө, ылдый жагын карап, туткасынан кармап тартып көрдү. Терезенин эч жери бекибегенине көзү жеткен-

ден кийин аны дагы өзүнө тартып, акырындан жылдырып, добушун чыгарбай ачты. Андан аркы аракеттерин тездетип, башын салып сыртты карап, көчө тарап экендигин көрдү. Имараттын түбүнө тамдын башынан жылмышып түшкөн кардын бар экендигин көрүп, ал жерден түшүп качып кетсе болооруна көзү жеткенден соң, терезеге чыгып, ичкери тарапты карап бурулуп, терезенин ички бетиндеги кырын кармаган калыбында бутун ары жакка түшүрүп, салбандатып туруп колун кое берди. Ал ошондо "гүп" этип жаңы эле тамдын башынан түшкөн апапакай кардын үстүнө кулап түштү.

* * *

Нургүл болсо, Айдар менен болуп жаткан окуялардан кабарсыз, өзүнчө кыялданып, жакында боло турган үйлөнүү үлпөтүнө чакыруу баракчасынын үлгүсүн даярдап, компьютерде, чакыруу барагы деген коолдолуп жазалган баракчанын үстүнө өзү менен Айдардын сүрөтүн коюп, сүрөттөрдү бирде чоңойтуп, бирде кичирейтип, ордуларын алмаштырып жылдырды. Улам башын эки жакка кыйшайтып карап, кайра эле сүрөттөрдүн ордун алмаштыра ошол эле мезгилде ал, андан обочороок жердеги телевизордо болуп жаткан жаңылыктарга дагы назар салып олтурду.

Бир убакта алып баруучунун "өзгөчө коркунучтуу кылмышкерге издөө салынат",- деген сөзүнөн улам башын көтөргөн Нургүл бурула, дагы кандай кылмыш болду экен дегендей кылып телевизорго үңүлдү. Дароо Айдардын сүрөтү экранга толо көрсөтүлүп, анын аркасынан алып баруучунун үнү угулду. - Кечээ түнү Бишкек шаарынын жаңы конуштарынын бириндеги ээн үйдө жаш кыз

мыкаачылык менен өлтүрүлгөн. Ал кылмышка шектүү катары окуя болгон жерден кармалган Баястанов Айдар Капарович тергөөдөн качып кеткен. Азыркы күндө анын дарегин билгендер болсо ички иштер органдарына билдирип коюшуңуздарды өтүнөт. Маалыматтын ким тарабынан берилгендигинин эч кимге билдирилбестигине толук кепилдик бар. Кимде-ким ушул адамды көргөн-билгендер болсо төмөндөгү телефондор аркалуу байланышка чыгып коюшуңуздарды суранат, -деп айтылгандан кийин экрандан Айдардын сүрөтү жок болду.

Нургүл ыйламсырап, эмне деп жатат, чын эле Айдарды айттыбы дегендей кылып нес болуп жалдырап, же ыйларын билбей туруп калды. Бул эмне деген шумдук, түшүмбү же өңүмбү деп, оюна эч нерсе келбей , көзүнүн каректерин эки жакка жылдырып, көзүн тез- тез ачып, жуумуп, бир нерсе ойлогонсуганы менен Нургүлдүн башына эч нерсе келбеди. Өзүнө өзү суроо берип:- чын эле Айдарды көрсөттүбү, ал ушундай балабы? Жок ал эмес, кантип ушундай болсун, -деп ичинен сүйлөнүп, кийин чыдай албай бетин басып ыйлап жиберди.

Анын оюна ар кандай нерселер келди. Кечээ кечинде Айдарга телефон чалса ал телефонун алганда каткырык, музыка чыккан жайда экендиги угулган. Ошондо ал, "Нүкү мен бирөлөр менен олтурдум эле, кечирээк өзүм чалайынчы" - деп аны менен сүйлөшө албай койгон. Ошондон кийин дагы тынчсызданып ага чалса анын телефону өчүк эле. Эртеси дагы улам-улам чалып, ушул кезге чейин эле аны менен байланыша албай жаткандыгын эстеди. Дагы чалып көрүшүм керек деген ой менен дароо ордунан туруп дивандын четинде тур-

ган телефонун алды. Айдардын телефону мурдагыдай эле өчкөн боюнча турганын угуп, кайра келип компьютердин алдындагы орундукка олтурду. Жаагы менен башын оң колунун манжалары менен карыштап жаагын чекесине кошуп чеңгелдеген боюнча столду чыканагы менен таянган абалда олтуруп дагы айтылган маалыматтын чын төгүнүнө жетүүгө аракеттенди.

Жок! Андай эмес! Сен Айдар, чындап адам өлтүрдүңбү? Жок, жок! - деп үнүн чыгарып ыйлады. Ал түнү Нургүл уйку бетин көрбөй, бир ыйлап, бир сооронуп, же башка бирөөлөр менен уккан маалыматы туурасында ой бөлүшө албастан таң атырды.

Сыртта болсо кар басаңдап калганы менен чыгыштан агарып аткан таңда кургак кардын жеңил кыпындары дароо жерге түшпөстөн, каалгып учуп, кайра көтөрүлүп, кайра салмагын көтөрө албай жерге жай калкып жатты.

Таңкы жашоо башталып, машиналар кыйма-чийме, үч күндөн бери тынбай жааган кардын тапталган тайгак жолу менен, суукtan үндөрү угулар-угулбас болуп, арттарынан суук абага бууларын үйлөгөн машиналар көчө толо кымгуут. Кимдин каякка кетип, кимдин каяктан келип жатканы менен деле иштери жок, баары эле ар кай тарапка шашылган адамдар. Тайгак жолго деле карабастан биринен-бири ашып өтүп, аялдамаларда тыгылышып, кайсыл жерге болсо дагы токтой калышып, жүргүнчүлөрдү талашкан маршруттук таксилер.

Маршруттук таксинин биринде Нургүл башын ылдый салып, чекесин алаканы менен таяп, чыканагы ичине жөлөнгөн абалда, машина улам силкилдген сайын

башы шалактап, башынын салмагы менен чыканагы ичин түрткүлөп, уктаганы же жөн эле көзүн жумуп келе жатканы белгисиз кетип жатты. Маршруттук таксинин терезелери аяздын саймасы менен тордолуп, сырт жак көрүнбөйт. Айдоочусу улам токтогон аялдамасында анын аталышын айтып кыйкырат.

Бир убакта Нургүл түшө турган аялдамага жетип калдым окшойт дегендей башын көтөрүп, эки жакты элеңдеп карап, сырттагы, азыркы анын абалындагыдай эмес, кайгы-капасы жок, бул күнгө чейинкидей бактылуу жашоосундагыдай адамдарды, бейпил турмушту көргүсү келгендей болду. Ордунан туруп, буту араң шилтенип, маршруттук таксинин алдыңкы эшигин көздөй, анын жогору жактагы кармоочторун улам үзүп кармап алдыга жылды.

Компьютерде бир нерсе жазып, башын албай олтурган тергөөчү аял кишинин учурашкан добушунан улам өйдө боло калып, эшик тарапты карап, алдында турган сулуу кызды көрүп, эмнегедир жыйрылгансыды.

-Кириңиз, бул жакка,-деп тергөөчү обдулуп, колун алдындагы орундук тарапка жаңсады. -Мен азыр!

Жай басып келип олтурган Нургүл, аны менен анча деле иши жоктой болуп, ал анын алдына келип олтурганга чейин кайра эле компьютерден бир нерсе жазганын улантып жаткан тергөөчүнү күтүп олтуруп калды. Ал олтургандан кийин дагы бир эки сүйлөмдү жазгандай болгондон кийин гана тергөөчү башын көтөрдү. - Ойду жоготуп койбоюн деп... кечиресиз. Коош, келип калыпсыз, кандай ишиңиз бар эле?

Нургүл уялыңкы тартып, сөздү кантип баштасам де-

гендей ордунан козголду. -Сиз Баястановдун ишин тергеп жаткан тергөөчүсүзбү?

Креслого жөлөнүп, капарсыз олтуруп калган тергөөчү абалын оңдоп, дароо жөлөнгүчтөн алдыга жылып, "ии, ким болсоң дагы Баястановдун адамы экенсиң да" дегендей өңүн өзгөртүп, дароо сенге өттү. - Баястановдун кимиси болосуң, акмактын?

Нургүл эмне деп айтаарын билбей, мукактанып, - мен анын ...

-Ия, кызысыңбы? Сүйлөшкөн? Тапкан экенсиң сүйлөшө турганды, жакшынакай эле кыз экенсиң, кичине өзүңө теңди тапсаң болмок экен.

Нургүлдүн унчукпай, дагы эмне дейт экен дегендей ылдый карап олтуруп калганынан пайдаланып, тергөөчү андан ары сөзүн улады.- Билесиңби, ал кыздын боюнда бар экенин?

Нургүл эмне деп жатат дегендей түшүнө бербей башын көтөрүп тергөөчү тарапты карады.

-Эмне ишенбейсиңби? Кандай гана мыкаачылык менен өлтүргөн! Көрөсүңбү?

Ал өзү олтурган столдун тартмасынан бир топ сүрөттөрдү алып чыгып Нургүлдүн алдына таштады. Алардын ичинен үстүңкү кабаттагыларынан эки-үч сүрөт чачылып, көрүнүп калды. Ал кыздын бөлмөдөгү кан болуп жаткан жериндеги сүрөттөрү эле.

Нургүл ал сүрөттөрдү чогултуп, колуна алып, аларга үңүлүп карабастан эле тергөөчүнүн столунун четине койду.

-Алып көрсөң. Көрсөң, анан айтасың сүйгөнүңдүн ким экенин.

-Ушул кызды Айдар өлтүргөнүн каяктан билдиңер?- деп Нургүл тартынгансып, аны уялыңкы карады. -Тийиштүү далилдериңиз барбы?

-Ой, кызыксың го, кантип билбейм, аны ошол кыздын жанынан кармап келсек.

-Ошол жерден кармалса эле эмне Айдар өлтүргөн болобу? - Бир аз чыйрала түшкөн Нургүл чечкиндүү болгонсуп, аны менен Айдардын күнөөсү бар-жоктугу тууарсында талашып,тартышып көргүсү келди. -Жок Айдар андай жигит эмес, мен аны жакшы билем.

-Жакшы билбейт экенсиң да, ал акмактын акмагы! Карасаң эки бирдей адамды өлтүргөнү аз келгенсип, экинчи кабаттан секирип качып кеткенин. Качып каякка барат эле, кармалат дечи. ... Атың ким?

-Нургүл.

-Нургүл, ал акмак жигитиңдин кылмышын бир эле күндө далилдеп койгонбуз. -Мына, бул эксперттердин корутундулары, - деп бир топ кагазды столунун алдындагы тумбасынан алып чыгып, столго коюп, аны бириндетип карады. -Мына, ал кызды өлтүргөн бычак ошол бөлмөдөн алынган, анын сабындагы так сенин жигитиңдин колунун тагы экен. Ошол жерден арактын бош бөтөлкөсү табылган, андагы так дагы анын колунун тагы болуп чыкты. Ошол күнү катуу мас болгон, ага дагы нарколог кортунду берди. Жигитиңдин кийген курткасынан кандын тактары алынган, ал кан дагы ошол өлгөн кыздын каны экен. Ал кызга жакындабаган болсо анда каяктан кыздын каны анын кийимине жугат. Ал ошол күнү катуу мас жүрүп ылайга оонаганбы, билбейм, кийими бүтүн ылай экен эле, ылайдын тагы

кыздын кийиминен дагы алынды. Кызга жакындабаса каяктан анын ылайы,-деп ишендирдим окшойт дегендей кылып Нургүлдү тиктеди.-Бул эксперттердин эле корутундулары, ал эми аларды көрүп жүргөн күбөлөрдү сураганга үлгүрбөдүк.

Нургүл ичинен ыйламсырады. - Аларды бирге көрүп жүргөндөр да бар бекен?

-Ананчы, суроо бересиң да, жолугушуп жүрбөсө каяктан анын боюнда болот.

Чекесин манжаларынын уучу менен ушалап, ылдый карап олтуруп калган Нургүл анын сөздөрүнө ишенип, андан ары чечкиндүүлүгү жоголуп, бирок, дагы да болсо кээ бир ишене бербеген фактыларын тактагысы келди.

Кайрадан башын көтөргөн Нургүл:- Айдар арак ичпей эле да.

-Ооба, эртедир кечтир ушундай шектенүүлөр, талаш-тартыштар болот деп анын камын көрүп, канын алдырып текшертип койгонбуз. ... Эртеси күнү 1, 3 процент спирт чыкты, бул деген түнү өзүн билбеген катуу мас болгон дегенди билдирет. Ооуу ,... силердейлердин канчасын көргөнбүз.

Ындыны өчкөн Нургүл эмне дээрин билбей олтуруп калды.

Нургүл шалдырап, алсыз, акырын басып милиция бөлүмүнөн чыгып, тепкич аркылуу жай басып түшүп, каякка барарын билбей турду. Алды менен көчөнүн бир тарабына басып, кийин токтоп, көзүн жуумуп бир азга тургандан кийин кайра жай басып жолдун чекесине чыгып, үйүлгөн кардан колуна уучтап, ал карды бетине сүртүп, тергөөчүнүн кабинетинде анын сөздөрүнө,

жандай көргөн сүйгөнү Айдардын жоруктарына алоолонгон бетин суутуп, бетинде ээриген кардын суусуна кошулуп аккан жашын тыя албай, шолоктогон боюнча алдыга басты.

Эбак эле кеч кирген, сыртта болсо чыкыроон суук. Катар тизилип, кызыл жарыктар менен ары көздөй, жолдун экинчи тарабында сары жарыктар менен бери көздөй, эки багытта кетип жатышкан машиналардын көчөдөгү түгөнгүс катарын бийиктен карап, кийин, терезенин ортоңку айнегинин бурчтарына пайда болгон аяздын саймаларын тиктеп турган Нургүл жай басып күзгүнүн алдына келди. Кечке ыйлап, шишиген жүзүн бир азга карап тургандан кийин акырын басып келип компьютердин алдына олтурду. Компьютерди көңүлсүз жандырып, бир колун столдун үстүнө сунуп, аны башына жаздап кыйшайды. Көзүн жумуп бир азга жаткандан кийин көтөрүлүп, түздөнүп олтуруп компьютерден өзүнүн Айдар менен качанкы бир түшкөн сүрөттөрүн ачып, анын атын биринчи уккан күндөрүн эскерди.

* * *

Окуу жаңы эле башталып, ар кимиси өздөрүнүн көңүлү жакындар менен биригип, бөлмө алышып, студенттер жатаканалардан орун алышып, жайланыша баштаган күз айы эле. Нургүл эми эле башталган окуусунан келип, бөлмөдөгү жаңы сырдалган каалга, терезелерден чыккан жытты чыгарып, терезени чоң ачып коюп, керебетинин үстүндөгү тектирчедеги китептерин тизип, аларды иреттеп жаткан учурда сырттан муңканган аккардиондун үнү чыгып, аны коштоп ырдаган жагымдуу бир обон угулду. Ушунчалык сонун ырдалып жаткан үнгө

чыдай албай, бул ыр каяктан чыгып жатат дегендей кылып терезеге келип, эки жакты тыңшай карады. Ырдын алардын терезесинин тушундагы жатакананын ачык турган терезелеринин биринен чыгып жатканы угулду. Бир азга кулак түрүп тургандан кийин, ал терезелердин биринен бирөө чыга калып анын тыңшап турганын көрүп калчуудай кайра ичкериге басып кетти. Бирок ушунчалык сонун ырдалып жаткан ырды ал терезенин түбүндөгү керебетине олтуруп алып акырына чейин укту. Ыр бүткөндө кийин дагы ал жакты туруп карагысы келгени менен эмнегедир бирөөлөрдөн тартынган Нургүл терезе тарапка барбастан башка иштери менен алаксып кетти.

Ар күнү Нургүл сабактан келип бөлмөсүнө киргенден бир аздан кийин созолонгон баягы ыр жаңырат. Бир эле ыр күндө бир жолу ырдалып токтойт. "Баягы дагы ырдап баштады"- деп бирге жашаган кыздары жабылып, терезеге барып баштарын салып тыңшашканы менен ал ырды ким ырдап жатканын билишпей, тамшанышып тим болушат. Бара- бара кайсыл бөлмөдөн чыгып жатканын билип алышканы менен аны ким ырдап жатканын толук билишпей убара. Түнү бөлмөдө жарык күйүп, анын ичиндеги балдардын ары-бери баскан тургандары көрүнө баштаганда Нургүл менен жаткан кыздар эле эмес ошол жатаканада жаткан кыздардын бир канчасы терезелеринен баштарын салышып, ал ырды ким ырдап жатканын билүүгө аракет жасашып, "тиги ак футболкачан, ары басып кетти го. Жок, жок, тигиниси болсо керек деп, дагы экинчисин, жок, жок ал эмес тигиниси "- дешип, алар ары бери баскан-

тургандарын күтүшүп, өз ара күбүр-шыбыр болушуп, ошол терезени карап турушканы турушкан. Кээ күндөрү ал балдардын бөлмөсүнүн терезе пардасы тартылып калса ындындары өчүп, кыздар бир азга терезелерден баштарын салып карап туруп кирип кетишет.

Эмнегедир ал бала Нургүлдүн кыздары бөлмөсүндө болсо деле ырдабай туруп, качан гана ал окуусунан же башка жактан болобу бөлмөсүнө киргенден кийин ыр башталаарын Нургүл сезип калганы менен бирге жашаган кыздарына билдирбегенге аракет кылат. Биздин жатаканага кирген эшик деле ал жатаканадагыларга көрүнбөйт, менин качан киргенимди каяктан билет дегендей кылып Нургүл таңданып коет. Бирок ал жатакана башка университеттин жатаканасы болгондуктан андагы балдардын бирин дагы эч кимиси тааныбайт.

Ошентип бир эле ыр күндө бир маал ырдалып жүрүп, ага Нургүл деле анча маани бербей калган. Жанында бирге жашаган кыздардын экөө да ал ыр ырдалып баштаганда, дагы башка, анын ырына күйөрман кыздар менен бирге терезеден кетишпей турушканы-турушкан. Ошондон кийин дагы ал баланы көрүп калабызбы дегендей кылышып, төртүнчү кабатта турушуп, бешинчи кабаттагы ошол бөлмөнүн терезесин көздөрүнүн кыйыктары менен карашып, "ошол ырды ырдап жаткан мына менмин",- деп ал бала терезеге келип аларды карачуудай болуп күтүшөт. Бирок ыр чыккан бөлмөдөн ошондон кийин эч ким баш бакпайт.

Ошондой күндөрдүн бир күнүндө бөлмөгө чуркап кирген кошуна жатакананын ырчы баласынын күйөрманы, Нургүл менен бирге жашаган Жыпар энтигип:- биле-

сиңерби кыздар мен ... мен тиги ырчы баланын атын билдим. Биз акыркы күндөрү, жөн эле дискден ыр коюп жатат деп жакшы ишенбей калдык эле го, көрсө өзү аккардион тартып ырдайт экен. Ошол ырды өзү күндө бир маал жандуу ырдап жүрүптүр. Бирге жашаган бир баласы менен менин досум чогуу болуптур. Аты ... анын аты Айдар экен. Улуттук университеттин журналистика факультетинин 3- курсунда окуйт экен. "... Экен,... экен" - деп энтигип, сүйүнүп, кереке жарагансып кыздардын баарына сүйүнчүлөгөн.

Айдардын сүрөтүн карап, анын атын биринчи укканын, аны Айдар каяктан көрүп калып, качан сүйүп калганы туурасында эскерип отурган убакта Нургүл олтурган батирдин эшигинин коңгуроосу кагылды. Бактылуу күндөрүн эстеп, Айдардын атын биринчи уккан күнүн эскерип кеткен Нургүл эшиктин коңгуроосунан улам селт этип чочуп кетти.

Ким болуп кетти дегендей кылып башын көтөрүп, ойлонуп калгандан кийин оордунан туруп сырткы эшиктин алдына келди:- "Бул ким!"-деп чыгарган добушу каргылданып, анын өзүнө араң угулду. Кайра эле кайталаган Нургул, "ким бул!"- деп эшиктин көзчөсүнөн сыртты карады. Ошол мезгилде сырттан Айдардын, эшиктин мандайында тике турган сөлөкөтү көрүндү.

-Бул мен, Нүкү эшикти аччы!

Аны сырттан көрүп калчуудай дароо эшиктин көзчөсүнөн башын тартып алган Нургүл селейип туруп калды.

Кайра эле Айдар :- Нүкү эшикти ачсаң!

Ал дароо эшикти ачып кирип келчүүдөй ыкчамдык ме-

нен бурулуп, тескери карап туруп калган Нургүл эшикке желкесин жөлөп, өйдө карап, көзүнө жаш толот. Анан, тергөөчүнүн аны кабинетинен узатып чыгып жатып, ага айткан сөздөрү эсине түшөт:

- Нургүл жигитиң сага жолугам деп аракет кылат, балким көчөдө жолугат, же жашаган жериңе барышы да мүмкүн. Сөзсүз бизге кабарла, андай адам ачыкта жүрүшү керек эмес. Эки адамды өлтүрүп коюп сага үйлөнүп кантип жашайм, деди экен. Эми пландары ишке ашпай калгандан кийин сенин башыңды айлантып, мен күнөлүү эмесмин, сага түшүндүрөм деп жомокторун айтат.

Тергөөчүнүн ошол сөздөрү Нургүлдүн кулагына кайра жаңырды. Нургүл өйдө карап желкеси менен эшикти тиреп турган учурда кайрадан эшиктин сыртынан Айдардын үнү угулат:- Нүкү сураныч, аччы мен баарын түшүндүрүп берейин, мен күнөлүү эмесмин, - деп ал бир азга унчукпай калды. -Жок дегенде телефонуңа өзүңдүн номериңди салчы, телефондон болсо дагы баарын түшүндүрөм.

Нургүл дагы бир азга ошол калыбында туруп, кийин дароо бөлмөнү көздөй басып, кетип жатып көзүнүн жашын аарчыды. Бөлмөгө кирип телефонун издеп таап, андан бир номерди терип, коңгуроону кетирбей туруп калды. Дагы бир азга телефонду тиктеген боюнча туруп дагы көзүнүн жашын аарчыды.

Чындап Айдардын ошондой кылмышка баргандыгына толук ишене бербегенсип, жүрөгүнүн тереңинде андай бала эмес эле деген, анын ушунчалык, бир гана жакшы жактарын колдогон сезимине баш ийип Нургүл токтоно албай калды. "Эмне кылсам, киргизип болгон

окуяны уксамбы" -деп акырын басып эшиктин алдына кайра келди. Эшиктин ачкычына колун тийгизип, эми шарт-шарт бурап, эшикти чоң ачып киргизип, Айдарга башын жөлөп, буркурап ыйлап, "сен ушундай бала бе-лең"- деп арманын айтчуудай болуп калганда, ага ал тергөөчүгө жолугуп келе жаткан күнү жолуккан курсташы Сабиранын айткандары эсине түштү: - Айдардын артынан жүрөсүңбү болбой эле? Ушул күнгө чейин, сенин аны жакшы көрөрүңдү билип, мен айтсам ишен-бейт го деп сыр сактап келдим эле, эми сага айтып коеюн. Аның акмак, бабник, билесиңби ошону? Сени кызганып жатат деп ойлобосун деп канчабыз сага айтпай жүргөнбүз. Анын тийишпеген кызы калган эмес. Билесиңби, бир күнү жатаканада олтурсам сен жокто кирип мага тийишет, сазайын берип кубалап чыккам. Жакшы болду, ушунчаңда андан колуңду үз! Кечөө кечинде телевизордон көрүп калып, ушуну көрмөк де-дим.

Сабиранын бул сөздөрүн эсине түшүрүп, анын айткандары азыркы, экөөнүн үйлөнөрүнө бир канча күн калганда аны алмаштырып, бирөөлөрдү боюнда кы-лып, акыры ушундай кадамга баргандыгы туура келип жаткансып, бирок дагы да болсо Айдардын ушундай иштерге бараарына шек санагансып, ишенер же ишен-бестигин билбей туруп калган Нургүл кайра ачкычтан колун тартып алып, кетенчиктеп аркага басып, теле-фондо терип койгон номерди карады.

Ошол эле учурда кайра эшиктин коңгуроосун баскан Айдар эшик тарапка карап, - Нүкү эшикти аччы, менин сага эскерте турган бир эле сөзүм бар, бир эле сөз

айтам!

Нургүл унчукпай бурулуп, акырын басып бөлмөгө кирип, жарыкты өчүрүп, сырттан тийген күңүрт жарыкта компьютердин алдындагы креслого барып олтурду.

Батирдин сырткы эшигинде эшикти жөлөнүп, эки күндөн бери уйку бетин көрбөй, кардын суугунда үшүп, ачка, ачкадан суукта билинээр билинбес калтырак басып, кийимдери бозала топурак болуп турган Айдар эшикке жөлөнгөн колун тартып алып, акырын жылып жогорку кабаттарга көтөрүлүүчү тепкичтин четине олтурду.

Ошол мезгилде үйдүн тепкичтер аянтынан тапырап чуркап келе жаткан адамдардын добушун уккан Айдар башын көтөрө коюп, элеңдеп, тура калып тепкич менен өйдө карай чуркады. Автоматтарды колго алып дубинкаларды байланган, оозу-мурдун тумчулап, кара кийимчен атайын топтун кызматкерлери анын артынан өйдө көздөй чуркап кубалап чыгып кетишти.

Бөлмөдө башын столго жөлөп, "туура кылдымбы же туура эмес кылдымбы"- деп, жасаган аракеттерине тийиштүү баа бере албай кыйналып олтурган Нургүл тепкич аянттан чыккан катуу добуштан башын дароо көтөрдү. Тура калып чуркап жетип, эми Айдарга болушуп, аны милиция кызматкерлеринен арачалап, ажыратып алып калчуудай болуп сырткы эшикти чоң ачып, чуркап чыкты.

Ошол учурда, эшиктин тушундагы аянчада Айдардын колун аркасына кайрып алып кетип жаткан атайын топтун кызматкерлеринин бири,- "ии, кармалбайм дедиң беле, ия"- деп колундагы дубинка менен Айдардын жону

тарабына керилип туруп катуу урду. Кайкалап, ийиле түшкөн Айдар оорусуна чыдабай жумулган көздөрүнөн жашы чыгып, өзүн жоготуп шалактай түштү. Алар ошого деле карабай аны жөлөп таяп, шалактатып тепкичтер менен сүйрөп алып түшүп кетишти.

Тепкичте болуп жаткан окуяны карап туруп калган Нургүл -Ай! -деп катуу кыйкырып, же ага болуша албай, Айдардын жонуна тийген дубинкадан анын жаны дагы катуу кейип, көзүн бекем жуумуп, кийин көзүнүн жашын куюлткан калыбында бөлмөгө кирип эшикти тарс жаап, эшикти аркасы менен басып, туура эмес кылгандыгын эми айкын эле түшүнгөнсүп, көргөндөрүнө ичи ачышып, ыйын токтото албай туруп калды.

* * *

Сот залы. Зал толо эл. Ар бир скамейкада төрттөн, бештен кысылышып олтургандар. Элдер өтүүчү ортолуктун арка жагында дагы тик тургандар. Залдын ичи күбүрөшкөн үндөргө толгон. Ар кимиси экиден, үчтөн болуп сүйлөшүп олтурушат. Элдердин арасында катары менен Айдардын апасы, атасы, анын жанында Нургүл олтурат. Айдарды залга качан алып кирет, сот качан башталат, дагы алда кандай күтүүсүз окуялар болоор экен дегендей кылышып, ал үчөө тең кооптуу.

Унчукпай түз карап ойлуу олтурган Айдардын атасы бир убакта башын кылчайтып Нургүл тарапка бурду. -Кандай кызым, жакшы жүрөсүңбү? Баарыбызды уят кылбадыбы, акмактын баласы. Сени келбесе керек дедик эле. Рахмат кызым, эми чын төгүнүн ушу жерде билебиз да,- деп оор үшкүрдү.

-Кантип келбей коеюун ата, -деп Нургүл назик үн чы-

гарып ыйба кылгансып жер карады.

-Рахмат кызым, мандайыбызга жазбаптыр, сени сыртыңдан көрүп эле апасы экөөбүз, жакшы келин боло турган экен деп кубанып жүрчү элек,-деп Айдардын атасы кейигенсип, өзүнчө улутунду. - Айдарга жолуга албадыңбы?

-Жок,- деп Нургүл бир азга унчукпай калгандан кийин кайра сөзүн улады. -Эки жолу барып жолугушууга уруксат ала албай койдум. Анын үстүнө милициядагылардын бардыгы Айдардын качып кеткенине ачууланып калышыптыр эле, "сен анын эч кимиси эмессиң",- деп такыр жакындатпай коюшту.

-Ачуулангандай кылды да анан. Качырып жибердиңер деп аны алып жүргөн эки милиция баланы дароо иштен айдаптыр. Тергөөчүсүнө дагы сөгүш берип койгон тура. Ошого өчөшүп биз тараптан дагы эч кимди жолуктурабай коюшпадыбы. Достору болсо, тааныш-табырларын ортого салып дагы жолуга алышпады окшойт. Кысталактын баласы качпай эле койбойбу, соо эмес да, соо болсо качат беле?

Унчукпай жер карап олтурган Нургүл башын көтөрүп, дале Айдардын атасын тик карай албастан: - ата, анан силерди дагы киргизбей коюштубу? - дейт.

-Жок, атасы катарында кирем десем мага уруксат берсе керек эле, бирок мен суранбадым. Тергөөчүсүнө жолуксам баарын айтып бербедиби ... Бир жакшы бала экен, "колдон келсе статьяларын жеңилдетип коюп берет элем",- дейт. Жок, колу менен кылганын мойну менен тартсын дедим. Бирөөнүн айдай баласын да ушундай кылабы?-деп ал бир азга унчукпай калды. - Деги

ал кыз менен мурда-кийин жолугуп жүргөнүн биз деле билбептирбиз, "свиданияга" кеттим десе эле сени ойлоп жүрбөйбүзбү, көрсө? Сен шекшибедиң беле кызым? Акыркы күндөрү эч нерсени сезбедиң беле?

-Жок ата, жок. Бирок эмнегедир акыркы күндөрү маанайы пас жүргөнсүп калган. Бир жолу сурасам, "жакшынакай элемин, эмне болуптурмун, кантип жүрүшүм керек эле",- деп күлүп койгон.

-Ошо да, ошондо акмак болуп жүргөн тура ... Кыздын энесине барып жолугуп, куран окутуп, чоожайын сурайын десем ай- асмандан кетип мени туган-уругум менен үйүнө киргизбей койбодубу. Куран окутканга жардам болсун деп алып барган акчабызды дагы албай коюшту. Ошентип, ал кыз менен качан, кантип бириγишип калганын, алардыкына барып жүргөн же жүрбөгөнүн деле уга албадык,-деп Айдардын атасы залдын бир тарабында олтурган кыздын туугандары тарапты карап койду.

Аңгыча, сырткы эшиктен пистолет байланган эки милиция кызматкери кирип келишкенде элдер жандanып, шатырап оңдонуп олтурушуп, бир нерсени күткөнсүшүп залдагы эл тынчтана түштү. Ошондон кийин эле анын аркасынан кара кийимчен атайын топтун кызматкерлеринен беш, алтоо кирип келишип залдын эл олтурган тарабындагы темир торду тосуп туруп калышты. Ошол убакта колуна кишен салынган Айдарды эки жагынан экөө колтуктап залга алып киришти. Залда күбүр-шыбыр үндөр көбөйүп, дуу боло түштү. Залдын экинчи тарабында олтурушкан кыздын туугандарынын ичинен өлгөн кыздын апасынын ый менен аралашкан

үнү чыкты. -Карачы, акмактын тирүү жүргөнүн, менин кызым болсо жок! ... Кызым сага эмне кылды, өлтүрбөй эле койбойсуңбу, акмак! Ала турган катынынды ала бербейт белең! Зөөкүр! Муштумдай кызга кантип колуң барды! - деп ал андан ары сөзүн уланта албай ыйлады. Анын сөзүн угуп олтургандардын көпчүлүгү унчукпай жер карап отурушса, кыз тараптан дагы башка туугандары чуру-чуу түшүп, бири-биринин сөздөрүн угушпай баш-аламан кыйкыра башташты. Ошол мезгилде залга кирип олтуруп калышкан прокурор, адвокаттын жанынан тура калган соттун катчысы, үнүн бийик чыгарды. - Туруңуздар, сот келатат.

Зал дароо тынчтанып, баардыгы оордуларынан турушту. Элдерди аралап өткөн судья текчедеги, аркасына герф илинип, жанына байрак коюлган креслого жетип, колундагы эки том делону столго койду. - Саламатсыздарбы, отурунуздар.

Залда тынчтык өкүм сүрдү. Колуна кылмыш иштин бирин алып барактап, анын бир бетин ачкан судья ага үңүлүп, кийин башын көтөрдү.- Соттук отурумду ачык деп жарыялайм! Бүгүнкү соттук отурумда Кыргыз Республикасынын Кылмыш - Жаза кодексинин 129- ст. 1-бөлүгү жана 97-статьясынын 2- бөлүгүнүн 1, 3, 6, 10, 13- пункттары менен айыпталып жаткан Баястановдун жазык иши каралат.

-Баястанов ордуңуздан туруңузчу. Аты-жөнүңүз?

- Баястанов Айдар Капарович. ...

-Баястанов Айдардын айыбын угузуу үчүн мамлекеттик айыптоочуга сөз берилет, - деп судья залдагы элдерди айландырып карап келип, ордунан туруп, колундагы

ишти барактап жаткан прокурорго карады. - Айыбын угуза бериңиз!

Прокурор колундагы делодон бир баракты ачып алгандан кийин кайра башын көтөрүп, судья тарапты бир карап алган соң, үнүн бийик чыгарды: - Баястанов Айдар тергөө органы тарабынан төмөндөгүчө айыпталат: ал, 2011-жылдын 10 нан 11-декабрга караган түнү, саат 02 чамасында мурда аны зордоп жыныстык катынашта болгон оор кылмышын жаап жашыруу максатында Артыкова Жамалды алдоо жолу менен ээси Россия Федерациясында жүргөн ээн үйгө чакырып, ал кыз, "боюмда бар, мага үйлөнөсүң"- деп туруп алганда, Баястанов А. үйлөнүү тоюн башка кыз менен белгилеп койгондугун билдирип, ал кыз ага дагы болбой койгондо ал өзү менен бирге ала барган бир бөтөлкө арагын ичип, мас болуп алып, жанына сала барган бычагын алып чыгып Артыкованын боору жана ичи тарабына өзгөчө мыкаачылык менен бир канча жолу сайып жиберген. Натыйжада Артыкова бооруна жана ички органдарынан алган жаратынан ошол жерде каза болгон. Ал эми Баястанов болсо мас абалда окуя болгон жерден кете албай ошол жерде уктап калган жеринен кармалган.

Анын айыбын угузуп бүтүп, эки жакты карап туруп калган мамлекеттик айыптоочуну караган судья, башын ийкеди. - Рахмат, олтура берсеңиз болот,- деп судья сот отурумун андан ары улантты.

Аңгыча залдан кыздын апасы буркурап ыйлап жиберди. - Айланайын кызым ай! Мындай зөөкүрдү ушул жерде атып салсаңар дагы аздык кылат! - деп оордунан

козголуп барып эси ооп, шалак этип жыгылды.

Кыздын энеси менен алек болуп калган туугандарын карап олтуруп калган судья, анын өзүнө келе түшкөнүн көрүп, иштин кароону уланталы дегендей кылып ордунан козголуп алдыга жылып олтурду.- Кандай, бир аз жакшы болуп калдыңызбы?

Кызынан ажыраган аял азаптанган көзүн үлүрөйтө бир карап алып, жоолугун оңдоп салынып, билинээр-билинбес башын ийкеди. -Жакшы айланайын, өзүмө келгенсип калдым, бир аз жакшымын.

-Анда соттук отурумду улантабыз,- деп судья Айдарга кайрылды. - Кана Баястанов туруңузчу. Сизге угузулган айып түшүнүктүүбү?

Дароо ордунан элпек турган Айдар башын билинер-билинбес ийкеди.- Ооба, түшүнүктүү,-деди. Олтургандар эми менин айткандарымды кандай кабыл алар экен дегендей залдагы элди айландыра карап, башын чайкады.- Бирок мойнума албайм!

-Толугу менен албайсызбы?

-Толугу менен!

Залдагы эл дуу болуп, шатырап оңдонуп олтурган добуштар, күбүр-шыбыр үндөрдүн арасынан кыздын апасынын каргылданган үнү кайра угулду. - Карасаң бетбакты! Уятсыз, эми танып кетейин деп калдыңбы, ия? Ошол эле убакта кыздын апасынын сөзүн коштоп, бири-бирине кезек бербей кыйкырышкан үндөр угулду.

Оңдонуп олтурган судья колуна балкасын алып: -тынчтаныңыздар, ... тынч! - деп столдун бетин ургулады. Залдагы эл бир азга тынчтана түштү.

“Мойнума албайм”, деген сөздү уккан Айдардын

апасы жүз аарчысы менен көзүнүн жашын сүртүп, "мына көрдүңбү, тергөөчүнүн сөзүнө ишенип балаңа бир жолугуп, чо-жайын сурабадың, же мени жибербедиң эле"- дегендей түр менен күйөсүнө таарынычтуу карады.

Айдардын атасы дагы, "чындап эле туура эмес кылганмынбы, тергөөчүнүн сөзүнө ишенип жалгыз баламa ушинтип запкы жедирдимби. ... Ооба, балам тарбиялуу эле өскөн бала эле го, анда эмнеге тергөөчүнүн сөзүнө ишендим экен", - дегендей кылып башын шылкыйтып, аялынын сөзүн кубаттагансыды.

Ал эми алардын жанында олтурган Нургүл болсо ылдый карап олтурган башын көтөрүп, "чындап эле мен адаштымбы, Айдар адам өлтүрө турган бала эмес элең го, анда эмнеге тергөөчүнүн өзүнө кирип акмак болдум", - дегендей башын жай буруп Айдарга жалдырай карады.

Айдар болсо судьянын буйругу менен ордуна олтургандан кийин жүз аарчысы менен көзүнүн жашын аарчып олтурган апасын жалооруй карап, сени ушинтип кайгыга салдым, капа кылдым апаке, азыр чындыкты угасың дегендей кылды. Апаке, атаке, жандай көргөн Нургүлүм, жаным, азыр ишенсеңер, ишенбесеңер дагы болгонун болгондой кылып айтып берем, туура же туура, эмес кылганымды анан өзүңөр таразалагыла,- деп алар менен ичинен сүйлөшүп, алмак-салмак карап олтурган учурда өзүнүн каптал жагында, көпчүлүктүн арасында олтурган, чачы өскөн, беттери карарып күнгө күйүп, кара-ала так болгон балага көңүлү бурулду да, улам-улам ошол баланы карай берди. Кийин Ай-

дар көзүн жуумуп, эки колун чатына кысып, ылдый карап дагы бир кыйлага олтуруп, башын чайкады. Андан, ачык эле , - "жок !"- деген үн чыкты. Дагы бир топко эки колун чатына кыскан абалда башын ылдый салып олтургандан кийин кайра дароо көтөрүп, дагы башын чайкады. -"Жок, жок !!!" - деп, башын акырын чайкап, угулар-угулбас үн чыгаргандан кийин Айдар дароо ордунан турду. -Жолдош судья сизге кайрылсам болобу?- деп, соттук териштирүүнүн тартибин аныктап, тараптардын пикирлерин сурап жаткан судьяга карады.

-Жолдош судья кечирип коюуңуздар мен жалган айттым, - деп ал бир азга эки жакты карап туруп, дагы бир жолу залдагыларды айландыра карады. - Жолдош судья мени кечирип койунуз, мен жалган айттым. Тергөөнүн угузган айыбына макулмун, мойнума алам.

Жапырт дуу этип, залдагылардын оңдонуп олтургандагы шатыраган добуштары угулду.

Кыздын туугандары тараптан, "ой акмаак!"- деген эркек адамдын үнү угулгандан кийин залдагы адамдарды тынчтандырам деген судьянын "чак-чак" этип чыккан балкасынын добушуна карабастан чуру-чуу болуп кетти. Бир топтору ордунан туруп сөгүнүшө баштады. "Канга-кан, муну ушул эле жерде жайлаш керек",- десе, дагы бирөөлөр, "ооба, азыр эле жайлаш керек! Соттор эмне, көп болсо он беш жыл берет, эртең эле келет бул зөөкүр!" деп кыйкырып башташты. Кээ бирлери темир тордун ичинде турган Айдар тарапка чөнтөктөрүндөгү ачкыч, зажигалка дагы башка катуу буюмдарын, ошону менен бирге эле өздөрү менен бирге ала киришкен кичинекей таштарды ыргытып ура башташты. Ошолорго

аралаш ыргыган бир таш Айдардын чекесине тийди. Чекесин баскан Айдар эңкейип олтуруп калды, анын колун баскан жеринен кан куюлду.

Чекесинен каны куюлуп жаткан баласын көргөн Айдардын апасы ордунан тура калып, темир канат балапаны уядан түшүп калган чымчык баласын чарк айланып, чырылдап-чыркырап коргогондой, бирөөнү дагы таанывбаган залда олтурган элдерге жалынып- жалбарды. -Айнанайын эл-журт, жазасын сот аркылуу алсынчы, урбагылачы, урбагылачы! - деп кайран эне адам өлтүргүч баласына болушуп, буркурап-боздоп ыйлады.

Эненин жалынган сөздөрүн угуп калган кыздын туугандарынын дагы бирөөсү ал жердеги жалындай баштаган отко май чачып, залдагы элге кыйкырды. -Оо эл журтту билсең баланды жакшылап тарбиялабайт белең,-деп, ал ошол мезгилде баш- аламандыктарды тынчтандырууга аракет жасап жаткан милиция кызматкерлерин, балкасы менен тарсылдатып турган судьяны кантер экен дегенсип алмак-салмак карады. -Мына ушуларды өлтүрүш керек, баласын тарбиялай албаган ушуларда күнөө. Ошол убакта жапырт оордунан туруп калышкан залдагы кыздын туугандары Айдардын ата-энесине жулунушту. Алардын арасына түшкөн атайын топтун кызматкерлери Айдардын ата-энеси тарапка чуркашты. Залда баш аламандык өкүм сүрдү.

Ордунан туруп Нургүл, ичинен, "акмак турбайсыңбы, ушунчалык эки жүздүү наадан белең, мен эмнеге келдим сага?" - дегендей келгенине нааразы болгондой дагы бир жолу Айдардын жалооруп, андан, " мен ушундаймын, кечирип кой" деп кечирим сурап жаткан көз карашын өтө

жаман көрүү сезими менен карап, кылчактап, адам өлтүргүч деген ушундай болот экен дегендей кылып, жигитинин чындап адам өлтүргүч экенине толук ишенип,ошол мезгилде жапырт туруп калган адамдарды аралап, тез-тез басып, бир убакта жандай көрүп жүргөн сүйгөнү Айдар жараткан кара дүйнөдөн чыкроон суук каптап турган сырттагы аппак карга чыгып кетти.

Башаламандан корголотуп, атайын топтун кызматкерлери курчоого алып аларды сыртка алып чыгып баратканда Айдардын атасы дагы, "сен ушундай акмак белең уулум, жок уулум дегенге татыктуу эмессиң, сени кантип жер көтөрүп жүрөт, эл-журттун бетин кантип карайм!" — деп өз ичинен жабыгып, улам-улам кылчактап Айдарды жаман көзү менен карап кетип жатса, аны кыяматта кыйбаган байкуш энеси, уулунун чекесинен куюлуп жаткан канын көрүп же ага жардам бере албай, "байкуш балам ай, каяктан жүрүп ушундай балээге кабылдың эле, эми келечегиң эмне болот"- дегендей кылып, жалжылдап уулун карап, буркурап боздоп ыйлаган боюнча залдан чыгып кетти.

Ал эми Айдар болсо апасынын буркурап кетип жатканын көрүп туруп чыдай албай, жалооруп, ыйламсырап, "кечир апаке, мен ушинткенге аргасыз болдум, эми бул чындык бул дүйнөдө чыкпай калды. Кечир апаке”,- деп ыйламсыраган боюнча чуру-чуу түшкөн, аны баардыгы жек көргөн көпчүлүктүн ичинде калды.

Ал эми сыртта болсо, ошол күнү дагы Айдар менен бул окуя болгон күндөгүдөн дагы катуу, лапылдап кар жаап жатты. Айдардын достору, туугандары көтөрүлгөн элден чочулашып, кооптонушуп, кээ бирөөлөрү Айдарды

жек көрүү сезимдери менен залдан чыгып кетишти.

Айдар болсо өзүнүн өмүрүн тобокелге салып, бар күчүн жумшап, бирок аны коргоп аман сактап кала албай калган кыздын туугандарынын кыжырдануусунун алдында, сотко, тергөөнүн аныктаган жалган окуясын мажбур кайталап, ал жердегилердин андан аркы кыжырдануусун арттырып жалгыз калды.

* * *

Нургул тууган-уруктарынын, тели-теңтуштарынын сөздөрүнөн корунуп, көчөгө чыгып эркин баса албай, күндө бир убак ыйлап, көзүн шишитип, мындан аркы жашоосун элестете албай батирден чыкпай жатты. Айдар менен өткөргөн бактылуу күндөрү түш сыяктуу сезилип, жигиттин кыял жоруктарын көз алдынан чубуурутуп, бирок андан анын акылдуулугу, адамкерчилиги, чечкиндүүлүгү, сүйлөсө баарын өзүнө тартып сүйлөгөн чечендиги, куудул сөздөрү менен күлдүргөн шайырдыгы боюнча эч кемчилик таба албаса да, “ жок, анын баары жалган, жасалма, анткорлук тура” деп, өзүнүн сезиминин ички тереңинде, "жок андай эмес, ал дүйнөдө теңдеши жок бала"- деген жүрөгүндөгү ишенимин четке кагып, анын жасалма жашоодо жашаган накта акмак экендигин таңуулап, өзүн-өзүнө ынандыргысы келет. Кайра эле Айдардын баскан-турганы, күлдүргөн шайырдыгы, баардык абалдан акылдуулук менен чыгып кете алган мүнөзү эсине түшкөндө Нургүл жатып алып анын аз болсо да терс жактарын издейт.

Сен бирөөнү жаман көрсөң, сыртыңдан билгизбе, күлүп мамиле кылсаң деле кандайдыр бир күч ага

сени дагы жаман көргөзө берет. Ал эми мамилең бузулуп, такыр катташпай калган душман адамыңды өзүңө тарткың келсе анын күндө бир жакшы жактарын изде. Жок дегенде сага анын узун бою жагаар, же жылмайып күлгөнү, же жөн эле анын узун манжалары, коюу чачы жагаар, ошентип ар күнү ал адамыңдын бир жакшы жагын таба берсең аздан болсо дагы жакшы көрө бересиң. Ал адам дагы кандайдыр бир күчтүн негизинде сөзсүз өзүнөн-өзү кайра сага тартылат. Ошентип мамилеңер түзүлүп, ал сен үчүн кыйбас адамың болуп калышы мүмкүн.

Нургул жаратылыштын ушул мыйзамын тескерисинче колдонгусу келди. Айдардын ушунчалык акмакчылыгынан кийин аны биротоло жүрөгүнөн чыгарып, бара-бара унутам деп ойлоду. Бирок ал, ой-санаасынан Айдарды дароо, биротоло чыгарып коюшу өтө кыйынчылыкка турарын билет эле.

Ошентип Нургул үйүнөн чыкпай жатып алып, басып, туруп, компьютердеги сүрөттөрүн карап олтуруп аны менен өткөргөн күндөрүн эскерди.

Ошондо Айдардын атын бирге жашаган кызы Жыпардан уккан. Бирок ошол убакта Айдарга андай деле алоолонгон сезими болгон эмес. Бирок анын ырын Нургүл сезиминин түпкүрүнөн чыккан кандайдыр бир каалоосу менен күтүп угуп, ал ырдап бүткөндөн кийин жагымдуу сезим келип, маанайы көтөрүлүп калаар эле. Ошол күндөрү эмнегедир Нургүл ал жигиттин кандай экендигин баамдап, турпатына анча деле кызыгып көргүсү келбеген. Аны иликтеп билип алган бирге жашаган кыздардын оздорунда ошол жигит. Алардын

бири-бирине сүрөттөп айткандары боюнча жатакананын айланасынан курбулары сүрөттөгөндөй жигитти көрсө, "ушул бала эмеспи",- деп ага тик карабаса дагы көзүнүн кыйыгы менен уурданып кызыга карап койчу болду.

Кыш түшкөн сайын окуу күчүнө алып, зачеттор башталгангабы, же жөн эле өзү ырдагысы келбей калганбы, иши кылып бир канчадан бери мурдагыдай Нургүл бөлмөсүнө кирээри менен башталган ыр токтогон. Кыз өз бөлмөсүндө туруп баягы ыр башталчуудай болуп билдирбей кулак салат. Кыздары жокто келери менен кышында терезесин жаап алып ырдап жатса угулбай калып жатабы дегендей өзүнүн бөлмөсүнүн терезесин суукка карабай ачып алып, пардасын тартып, эч кимге көрүнбөй тыңшай берет. Нургүл ушундай бир жагымдуу обонду дагы-дагы уккусу келип күтүп жүрдү.

Декабрь айынын акыркы күндөрү, жаңы жыл майрамынын алдында, жылдын жаңыраарына эки-үч күн калган. Эки-үч күн мурда эки күн тынбай калың кар жаап койгон. Чакчайып, көздү уялтып тийген күнгө карабай көчө чыкыроон суук. Көчөдө автобустар, троллейбустар, маршруттук таксилер деле аппак кардагы көктө күн нурун чачкан ачык күндө майрамдык маанай менен шаңдуу жүргөнсүп көрүнүшөт. Көчөдө, жалтыраган ленталарды моюндарына илишип, жалтырактарды көйнөктөрүнө тагышып, чачтарынын үстүлөрүнө жалтырак чаңчаларды чачышып, каткырык-күлкү менен жүрүшкөн көчө толо жаштар. Мандарин, апелсиндер четинен булайып чыккан чоң сумкаларды көтөрүшүп, каяккадыр

шашып жүрүшкөн карапайым шаардын жашоочулары. Аппак карда машиналарынын артынан жап-жашыл балатыларды түшүрүшүп, аларды үйлөрүнө киргизишип жатышкан ата-энелерин айланып чуркап жүрүшкөн, кубанычтары коюндарына батпаган жаш балдар. Тынымсыз, кыйма- чийме, кээ бир көчөлөрдө тыгын боло калып жаткан машиналар. Айтор бир сөз менен айтканда эстен кеткис, жаңы жылдын алдындагы сонун, жылуулук табы жок жаркырап тийген күн, анын таасири ааламды керемет бир дүйнөгө ороп салгандай эле.

Жатаканадан шаардын четинде жашаган ата-энесиникине чыгып кетмекчи болуп, аларга жана бир туугандарына алган белектерин чакан сумкага салыштырып, Нургүл эми турмакчы болуп жаткан учурда сырттан өзү менен чогуу жашаган Жыпар кирди.

- Ой, сен каякка?

-Каякка болмок эле, үйгө да. Үйдөгүлөр менен жаңы жыл тосуп келейин.

-Ой, бүгүн тиги балдардын жатаканасында биздин жатакананын кыздары менен жаңы жыл тосоорубузду кыздар айтпадыбы? Алар аябай даярданып жатышат дешпеди беле!

-Жок, укпадым, сага качан айтышты?

-Сени уккан окшойт десе, эки, үч күн мурда эле айтылды эле го.

-Жок укпаптырмын, укканда деле даярданып алдым, эми ...

-Ой кызык экенсиң, жаңы жылга дагы эки күн бар го, баарыбыз эле үйлөргө кетебиз, бул жерде эч ким деле калбайт. Койчу, андан көрө даярдан, жүр, салонго

барып келели.

Эмне кыларын билбей калган Нургүл туруп калды, ага сездирбей терезени карап, билгизбей баягы ыр чыкчу терезени бир топко ойлуу телмирди.

-Саат канчада экен?

-Сегизде деди го! Басчы, басчы, андан көрө бир сулууланып жигиттерге көрүнөлү дейсиң!

Канчадан бери сагынып, терезеден жаңырчу ырды күтүп жүргөн Нургүл, чындап эле барса барып келейинчи, баягы жигит дагы ырдаса керек деп ойлоп, макул болду.

-Мейли, ой бойго кое турган эмессиң го,-деди курбусуна жылмая карап.

x x x

Жатакананын чоң залынын ортосуна шыпка тийертийбес бийиктиктеги жап-жашыл балаты орнотулган. Балаты жалтырак жипчелер менен чырмалып, оюнчуктар илинип, ар түркүн болуп кубулуп, жаркылдап, өчүп жанган майда жарыктар менен чырмала куурчалган. Балатынын түбүндө аппак болуп уюган кардай кебез жатат.

Бир тарап болуп тизилип турушкан балдардын үстүнө жаңы жылдык жалтырактар тагылган, чубалган көйнөктөрдү, анын үстүлөрүнө көйнөктөрүнөн кыска куртка, пальтолорду кийип, биринен-бири өтүп жасанышкан, ар бири өздөрүнчө, бири- биринен сулуубуз деген кыздар жай басышып киришти. Балдар шатыратып кол чаап, шандуу музыка менен тосуп алышты. Ошол замат дароо чачылышып, ар бири бирден кызга барышып, пальто, курткаларын алышып, тааныштар бири-

бирин издешип, кыздар кылыктанып, күлкүлөр жаңырып, зал ичи шаңдана жанданып кетти.

Залдын бир тарабына швед столу жасалып, катар тизилген столдорго дүр-дүйүм салаттар, пирожния, торттор, татуулар, соктор, шампандар, дагы башка суусундуктар коюлган. Залдагы жай музыка акырындап барып токтоп, микрофонду жаңырткан шапылдаган жаш жигит ар кимиси өздөрү менен болушуп, кыздар балдарга, балдар кыздарга кошула албай, же эмнеден баштаарын биле алышпай туруп калышкандарга кайрылды:

-урматтуу эки жатакананын студенттери, алгач сиздерди мына-мына босогодо турган жаңы жылыңыздар менен куттуктайм! Баардыгыңарга бакыт, окуудагы жетишкендиктерди каалайм! Жаңы жылыбыз баардыгыңздарга ийгилик алып келсин, жаңы жылда баардыгыбыз аман бололу!- деп кайрылганда анын куттуктоосу шатыраган кол чабуулар коштолуп барып токтоду. Кийин ал сөзүн андан ары улады. -Биздин програмабыздын биринчи бөлүгү бул таанышуу кечеси. Менин байкашымча бир тобуңар бири-бoriginerди таанып экенсиңер, тааныш эместер таанышалы, кечени көңүлдүү өткөрөлү. Карыш жерде туруп терезеден эле карашып коебуз, мындан ары ушундай майрамдарды бирге тосуп, жатакана-жатакана менен, бөлмөлөр- бөлмөлөр менен достошолу.Кандай дейсинер кыздар, балдар!?

-Ооба !... Ооба ! деген добуштар, кыйкырык, күлкүлөр бийик чыгып, алакандар кызуу чабылды.

Балдар: "ар бирибиз, бирден кызды тандап алып аларды аябай ыразы кылып тейлейли" деп сүйлөшүш-

көн боюнча бирден кызды өз ара бөлүп алышып, улам столго барып таттууларды, суусундуктарды ташышып, колдорунан келишинче кызмат кылышууда. Нургүл менен Жыпарды болсо жакшынакай, орто бойлуу, кара тору, кара костюм, шым кийип галстук тагынган жигит эч нерседен кемтиги жок тейлөөдө. Тим эле бут-бутуна тийбей, өзгөчө Нургүлгө көңүл буруп, мына ушундай жакшынакай кызга кызмат кылып, аны менен таанышып, бирге олтурганына жетине албагансып, башка балдарга карап, "көрдүңөрбү менин кызымды" дегендей эки кыздын ары жак, бери жагына чыгып жатты. Нургүл өз ичинен "ырчы бала ушул болуп жүрбөсүн",- деп алып, "жок кыздардын сүрөттөгөнүнө караганда бул бала эмес"- дейт. ... "Эгерде ал бала ошол ырларын мага арнап ырдап жүргөн болсо анда эмнеге дароо мага келип, мени менен таанышам деп аракет кылбады, кызык" - деп ойлоп, кайра туруп, "ушул эле бала болсо керек",-деп, бир туруп ал ырчы жигитти башка кызга тарттырып жибергенсип, билгизбей, кыздар сүрөттөгөнгө окшогон баланы башка кыздардын жандарынан издеп жатты. Бирок ага окшогон баланы залдан көрө албады.

Ошентип, бир саатча ар кимиси өз столдорунда сүйлөшүп олтуруп тамактанышып, жаңы жылга карата бир топ тостор айтылгандан кийин жаштар ортого бийге чакырылды. Нургүл өзүнө кам көрүп чуркап жүргөн жакшынакай бала менен бийледи. Бирок дагы деле болсо Нургүл аны менен айланып бийлеп жүрүп эч кимге билдирбей башка бийлегендерди уурданып карай берди. Ыры менен жүрөгүн алдейлеп алган жигитти уурдана из-

деп жатты.

Бир убакта бийге убактылуу чекит коюлуп, ошол жатакананын балдары балатынын түбүнө чогулушуп кыздарга чакан концерт бере турган болушту. Ошол убакта ал жердеги ырчы баланын күйөрмандарынын баардыгы демдерин ичтерине тартышып, баягы ырчы баланы эми көрүп, өз оозунан ырын угат экенбиз да дегендей акырын басышып, аларды тейлеген балдардын алып келип беришкен фюжердеги шампандарын чайпалтышып, чекеге чыгышты. Кыздар баягы ырчы бала эми чыгып калабы деген үмүт менен улам бир ыр ырдалып бүткөндөн кийин токтобой, тим эле укмуштай бир ыр аткарылгандай болуп шатыратып кол чабышат. Кайра эле кийинки ыр башка, ошентип чакан концерт да аяктады. Балдардын концерти өтө жагымдуу болуп, сонун ырлар ырдалгандыгы менен баардыгы күткөн баягы баланын ыры ырдалбады.

Нургүл мурда эле, радиого жазылып, ырдалып жаткан ыр окшойт, жөн эле жатаканадагылар зерикпесин деп өзүнө жаккан ырын бир убак коюп жатыптыр да. Болбосо ал ырды ким ырдаарын бирөөлөр көрөт эле, деген оюн эми чындап кубаттап, "көрсө дискге жазылган ырга канча кыз ашык болгон тура" - деп, өзүн толук ишендирип, концерттен кийин өз ордуна акырын басып келип олтурду.

Бир убакта столдогулардын баардыгы өз ара каткырык-күлкү менен сүйлөшүп, зал ичи шаңга бөлөнүп, башаламан-болуп, тамаданын сөздөрү деле баардыгына жеткиликтүү болбой калган учурда балатынын түбүнөн аккардиондун мукам үнү угулду. Кат-

кырык-күлкүлөр тык токтоп, ушунчалык тынчтык өкүм сүрдү. Олтургандардын баары баштарын буруп, ошол аккардиондун үнү угулган тарапты караштьі. Башын ылдый салып, аккордиондун клавиатураларын карап, манжаларын көзгө илештирбей бирде аспаптын сыбызгыган үнүн ичкертип, ылдыйга түшүрсө, бирде манжаларын баскычтарды аттатып жогору өткөрүп, созолонгон коңур үнгө айландырып, узун бойлу, олбурлуу, чачтары тыкан, кара түстөгү костьюм кийген жигит ошол жердеги кыздардын көпчүлүгү эңсеп күтүшкөн баарына жагымдуу музыканы ойной баштады. Нургүлдүн жүрөгү да бир болк этти. Бир азга көпчүлүк катары көз ирмебей музыканы тыңшап тургандан кийин, жигиттин бир убакта өзүн карап ырдап жатканын байкай койгон Нургүл, эч кимге сездирбегенге аракеттенип, алды жактагы олтургандарга далдоолонуп, андан көзүн ала качты.

Бир убакта ырчы жигит колун ойнотуп, аккордиондун клавиатурасын бирден терип келип, бир секундага анын үнүн токтото коюп созолонгон добушу менен ырын баштаганда ал жердегилердин баардыгы чыдабай кетип, шатыратып кол чаап жиберишти.

Ал ырдап токтогондон кийин токтобой чабылган алакандардын добушу басылабы деген алып баруучу микрофон менен чабылып жаткан колдорго аралаш:
- ушинтип бул кеченин көркү боло турган Айдар дагы келип калды. Биздин бул ырчы жигитти көпчүлүк таанысa керек, өзү лауреат болбосо дагы биздин жатакананын чоң ырчысы. Келбей калабы деп чыдамыбыз кетип турган эле. Айылына бир иштери менен кетип кечигип калып, бизди коркутпадыбы. Жакшы болду, эми

Айдар силерди зериктирбейт,-деп күлө сүйлөдү алып баруучу жигит. Кайра эле кол чабуулардан кийин Айдар дагы бир ырды созолонтту.

Нургүл ошентип өткөндү эске салып, "каап, ошондо Айдарды көрбөй деле, созолонгон, бүткүл жаштарга жаккан ырын укпай деле, аны ушундай бир акылман, шайыр жигит экен деп жогорку деңгээлде баа бербей койсом деле болмок экен. Баары жасалма, баары жалган тура" — деп ойлоп жатты. Айдарды биринчи жолу көрүп, ага кол сунуп жетпечүүдөй болгон алгачкы сезимдерин андан ары эстей баштаганда компьютердин алдында жаткан кол телефонуна коңгуроо келди. Кол телефонун алып, андан Айдардын ишин тергеген тергөөчү чалып жатканын көргөндөн кийин телефонунун добушун өчүрүп, акырын столго койду. Дагы бир аздан кийин телефондун жарыгы күйүп дагы эле конгуроо келди. Бул саам Нургүл телефонун бир азга тиктеп тургандан кийин аны колуна алды: -угуп жатам.

-Алоо! Саламатсызбы! Нургүл сенсиңби?

-Да , саламатчылык! Ооба мен.

-Иштериниз жакшыбы? Сага ыраазычылык билдирип коеюн деп эч эле чыгына албайм, анын үстүнө сени кандай кабыл алат,- деп, баары бир, жамандыр жакшыдыр бир канча жыл бирге жүргөнсүңөр дегендей.

-Рахмат, эмнеге ыразычылык?

-Сен болбосон дагы канчага чейин качып жүрөт эле, дагы бирөөлөргө зыян келтирет беле, ким билет. Биздин иш кылмышкерлерди эле жоопкерчиликке тартуу эмес, аны болтурбоонун алдын алуу. Ал акмак, - деп

тергөөчү кийинки сөздү баштаганда анын сөзүн Нургүл бөлүп жиберди.

-Кечиресиз, мен бир башка жерде элем, капа болбосоңуз кийин…

-Мейли, мейли, ... кечиресиң тынчыңды алганыма, бирок уктуңбу, Айдардын кың дей албай мойнуна алып кеткенин, тергөө жакшы жүрсө ...

Тергөөчүнүн сөзүн аягына чейин айттырып, анын мактануусуна жол бербеген Нургүл сөзүн жула сүйлөдү.

-Ооба, мен сотуна баргам, мага баары дайын, капа болбосоңуз убактым жок эле.

- Жок, Нургүл сени капа кылайын дебедим эле, Айдардын соту бүтүптүр деп айтып коеюн деп эле ...

"Айдардын соту бүтүптүр"- деген сөздү уккан Нургүл тергөөчүнүн андан аркы айта турган сөздөрүн тыңшап, телефонду өчүрө албай, кулагына баскан боюнча туруп калды.

-Сени соттун башталышында эле чыгып кетти дегенин угуп, соттун жыйынтыгы кызыктырабы дедим эле да ...

Унчукпай анын сөзүн угуп туруп калган Нургүлдү сезген тергөөчү, кайра эле мактанды. - Айдар, тергөөчү кыйын экен баарын бир эле күндө далилдеп койду, эми эч жакка деле даттанбайм дептир. Ошентип он тогуз жылды мойнуна алып кете берди.

Ошол жерге жеткенде көзүн жуумуп туруп калган Нургүлдүн көзүнүн жашы куюлуп кетти. Бирок тергөөчүнүн ал сөздөрүнө кайтып жооп бербестен телефонду басып өчүрүп, акырын столдун үстүнө койду.

Бир колун экинчисинин үстүнө, анын үстүнө чекесин коюп, столдун үстүндө олтурган калыбында үнсүз-сөзсүз көпкө чейин мелтиреди.

Бир топтон кийин башын көтөрүп, угулаар угулбас үн чыгарып:- "өзүңө-өзүң кылдын Айдар, мен сени кандай гана сүйдүм эле, сендей жигит ааламда жок деп ойлочумун, жаштыгым менен сага алданып, адашыпмын. Сен менин аруу сезимимди кимдерге алмаштырып, тебелетип, кандай канкордук иштерди жасадың. Эми мен сени кечире албайм. Кош бол Айдар",-деп Нургүл чымырканып оордунан турду. Ушул сөздөрдү кайра-кайра кайталап, анын кылык жоруктарын жасалма деп, өзүнө-өзү ишендирүүгө аракеттенди.

Нургүл Айдарды “сезимимди тебеледиң, канкорсуң деп жек көрөм” дегени менен канча убакыт өтсө дагы жигитти оюнан күн-түнү чыгара албады. Аны жек көргөнгө себептерди издеп, Сабиранын айткандарын тастыктап, биротоло жек көрөйүн деп башка курсташтарына дагы жолугуп, сөздөн-сөз чыгарып, Айдардын аларга кылган мамилеси туурасында билгизбей сураштырган. Анда, бир бөлмөдө жашаган Жыпар, "Айдарды сүйбөгөн кыз калган эмес. Чынын айтсам өзүң деле билчүү элең го, мен деле кайдыгер эмес элем. Сени баягы жаңы жылдык кечеден кийин ушундай сонун жаап жаткан карда борбордук аянтта колтукташып басып жүргөнүңдү көрүп аябай суктанып, бактылуу болсун деп мен анын теңи эмес экендигимди түшүнгөм. Сабира болсо экөөңөрдүн бирге жүргөнүңөрдү көрүп деле канчага чейин демигип жүрдү. Сенден аны канчасы кызганды. Мен ушунча болуп эч кимден Айдар туурасында жаман

сөз уккан эмесмин. Ал сүйүүгө туруктуу эле жигит эле, акылдуу, шайыр. Анан аны кандай шайтан азгырды билбейм. Уккансың да, жанагы өлгөн кыз менен болгон мамилесин. Айдардай жигитке кимдер гана чуркабаган, ырдап берип эле баарын ээритчүү эле го. Ал кыз дагы Москвадан келип калып, Айдар менен бир туулган күндө болуп эле ал дагы ээрип калыптыр да. Эркекчилик кылып ошол күнү бирге түнөп коюшпайбы анан. Эми Айдар сага эч ким деле болбой калды го, сен эмне, аны он тогуз жыл күтмөк белең? Таарынбачы досум. Ошентип боюнда болуп калып, силердин тойго жолтоо болуптур да. Өлтүрбөй эле бойунан алдыртып койсо болмок экен. Бирок макул болбой койгон окшобойбу. Аны ээрчитип боюнан алдыртам деп жүргөндөрүн көргөндөр дагы бар. Ишенбей жүрдүм эле ошолорду уккандан кийин ишендим",-деген сөздөрүн угуп Айдардын Сабирага, дагы башка кыздарга тийишип жүргөн туруксуздугун Нургүл четке какканы менен, анын өлтүргөн кыз менен болгон мамилесин, аны боюнда кылып койгондугун тастыктап, Айдардын кылмышкер экендигине ишенип-ишенбей жүргөн ою өзгөрүп, "чындап жасаган кылмышыңа жооп берипсин да анда"- деген эле. Бирок, дагы деле аны эсинен такыр чыгарып сала албады.

*     *     *

Арадан экинчи кыш башталып, кайрадан кыш каарын алып турган кез. Айдар калың жааган карга биринчилерден болуп из салып, ылдый караган абалында бутун так көтөрбөстөн карды буту менен жиреп басып акырын келди да, үстүнө кар бир кере карыш болуп туруп калган оорундукка келип, эңкейип, колунда кар-

мап келген каробканын айрындысы менен карын сүрүп тазалап, кийин ошол коробканы алдына салып олтура кетти. Бир топко чейин эңкейген калыбында аппак болуп тунуп турган жердеги карды тиктеп ойлуу олтуруп, кийин чалкалап, асманды карап, дале болсо анда сан-да кыпындап учуп жаткан карды тиктеп туруп, бетине бир канча кардын кыпыны түшкөндөн кийин оңдонуп түздөнүп олтуруп, дароо Нургүл менен таанышкан жылдагы кышында тоого чыгып лыжа тепкен күндөрү эсине түштү.

Тим эле, экөө тең лыжа боюнча олимпиаданын чемпионундай болуп кийинип алышкан. Канат жол менен бир орундукта жанаша олтурушуп досторуна кошулуп, тоонун кырына чыгышкан. Айдар дароо лыжаны тагынып, Нургүл кыйналып лыжасын такканга чейин, шуулдап, өйдө-ылдый, тоонун капталы менен бир кыйла жерге барып токтоп, кайтып капталы менен, лыжасын биринен сала бирин өйдөгө коюп, акырындап чыгып келди. Ал убакта Нургүл ошол тоонун бети менен тип-тике, трамплинден секирчүүдөй болуп, ылдый карап, эки колуна эки таягын таянып даяр болуп туруп калган эле. Тоонун бети менен ойкуп-кайкып түшкөнгө камданып турган алардын достору дагы Нургүлдү коркутушуп, "эми тоонун бети менен түшүрүп жиберебиз"- деп, аны жаалап, тамашалап, каткырып турушкан. Айдар чыгып бараары менен лыжада жакшы жүргөндөр дароо Нургүлдү калтырышып, таяктарын шилтешип, тоонун бети аркылуу жүрүп кетишти. Лыжада жакшы жүрө албагандар чочулаша кыйкырышып, Нургүлдүн катарында туруп калышкан. Айдар чыгып бараары менен Нургүлдүн жанына

барып: - эмне коркуп жатасыңбы, мен лыжа боюнча чемпионмун дедиң эле го?- деп күлдү.

-Ооба түз жерде лыжа менен чуркоо боюнча чемпионмун, албетте ушундай тике тоодон түшүү боюнча эмес,- деди кыткылыктай.

-Ии, коркуп атат экенсиң да анда?

-Жок, эмнеге коркмок элем, тоонун этегине чейин бир токтобой зуулдап түшсөмчү?

-Түшө албайсың! —Жигит кызды намыстантты.

-Түшөм эле!

-Анда кана? Коркпо, кеттик! - деп Айдар Нургүлдүн каруусунан алып, алдыга акырын тартып жылдырып койду.

-Жоок, ... жок, токтото албай калам,- деген боюнча Нургүл лыжада тикеси менен тоо ылдый жылып жөнөдү. Тизесин болоор- болбос бүгүп алып, алып учуп жөнөгөн лыжаны башкара албай кыйкырган боюнча бир топ жерге тип-тик түшүп барып чалкасынан олтуруп, токтоно албай аппак карды сүрүп жыгылды. Анын аркасынан ойкуп-кайкып коштоп келе жаткан Айдар капысынан жыгылган Нургүлдөн чачылган карга сүрүлүп, ал дагы кулап түштү. Нургүл Айдар лыжасын токтотом деп сүрүп келген кардын алдында калды. Экөө тең каткырып, карга оронуп чалкасынан жатып калышты. Ошондо дагы дал ушундай болуп түнү менен очойто жааган кар жаңыдан басылып, кымкары учкундап турган учуру эле. Анда дагы ал экөө каткыра күлүп, бир кыйлага асманды карап жатышканда кымкарлаган кардын кыпындары дал ушул Айдардын бетине азыр конуп жаткандай болуп ал экөөнүн албырган жүздөрүнө

конуп, ошол замат дароо ээрип жаткан эле.

Айдар өйдө караганда басылып келе жаткан кардын кымкары анын бетине конгондон улам ошол эстен кеткис бактылуу күндөрүн эстеп кетти. Ошол учурду дагы-дагы эстегиси, ошол күндү кайра дагы көз алдынан өткөргүсү келип Айдар бетин асманга тосуп, кардын кымкарын бетине кондуруп, ичинен элжиреген бир башкача сезим келип олтурду. Тегерегин айландыра карап, ал бактылуу күндөрү түшүндөй эле болуп калгандыгын, эми болсо алдыдагы ушундай кыштын дагы он үчүн дагы ушул абакта өткөрөөрүн тынчсыздана ойлоп койду.

Айдар кайра туруп он үч жылдан кийин камактан бошоп чыга турган күндөрүн көз алдына элестете кыялданды.

Бишкек шаары таанылгыс болуп өзгөрүлгөн. Эски төрт-беш кабат үйлөрдүн баардыгы жок болуп ордуна жыйырма беш, отуз кабат имараттар курулган. Көчөлөрү кеңейтилип, онго жакын катардан тизилген машиналар кымгуут. Шаарда сансыз эс алуучу парктарды, борбордук аянтты таанып болбойт. Аянттагы мрамор имараттар, Ала-Тоо кинотеатры дагы бузулуп, ордуна көздүн жоосун алган бир укмуштай кооз, асман тиреп, көк мелжиген имараттар курулган. Борбордук аянтта ( Даун Таун) эл толо, көз кумарын кандырган имараттардын фонунда сүрөттөргө түшүшүп, "мындай аянт эч бир өлкөдө жок"- деген туристтер. Жолдордун үстүнөн курулган экинчи кабат жолдор дагы шаардын төрт тарабына кеткен.
Ошондой шаарды аралап, чындап эле ушул Бишкекпи деп басып жүргөн Айдар анын чындап Бишкек экендигин борбордук аянттын жанындагы чынар паркынан

таанып калды. Эгерде бир убакта Нургүл экөө эки жанаша өскөн чынар багын тандап алышып, кабыгын оюп аттарын жазып коюшпаганда таануу кыйын эле.

Ошондо экөө жазында жап-жашыл болуп жалбырак алган чынар бактарын тандап, гүл жыттанган паркты аралашып, "бул менин багым болсун, жок бул меники болсун", -дешип бактан бак тандашкан. Күн күркүрөп жазгы өткүн куюп жибергенде экөө качып жалбырактары коюу чынар бактарынын алдына кирип калкаланышып турушканда ошол бактардын жанаша өскөнүн, жаш бактар экендигин көрүшүп, өздөрүнө энчилеп алышкан. Эми ошол бактардан Айдар, бир кезде жанын берүүгө даяр болгон, өзү жасабаган кылмыштын жазасын өтөп келгенге чейин турмушка чыгып кеткен сүйгөнү Нургүл экөөнүн чынар багы экенин тааныды.

Айдар ошондой керемет шаарды айланып, шаардын борборундагы көз жоосун алган имараттарды көз кыры менен кыдырата карап, улам көк мелжиген жайлардын биринен сала бирин тээ чокусуна чейин асманга тик карап, кыдырып жүрүп, жанынан эки баласы, жолдошу менен капысынан өтүп кеткен Нургүлдү көрүп калды. Артынан чуркап, алар багыт алган имаратты айланып өтүп, аларга бет маңдай чыкты. Эки баласын ээрчитип, жолдошу менен бир нерселерди сүйлөшүп, күлүп келе жаткан Нургүл капысынан Айдарды көрүп, дароо күлкүсү токтоп, аң-таң болуп, бир саамга токтой калып, кийин жолдошун бир карап алып, эч нерсе болбогондой, аны өмүрүндө бир дагы жолу көрбөгөндөй жанынан кылчайбастан өтүп кетти. Айдар Нургүлдүн бактылуу жашоосуна суктанып, жандарында секирип ойноп ба-

раткан балдарын карап турду. Ошол учурда узай берип аркасына бир кылчайып караган Нургүлдүн жолдошун көрүп, алардын алдынан чыкканым туура эмес болду окшойт, Нургүл токтой калып мени караганда жолдошу бир нерсени шекшип калбадыбы? Нургүлдүн бактылуу турмушуна доо келтирип албадымбы деп тынчсызда-на түштү. Балким Нургүл мен туурасында эгерде жол-дошуна мурда-кийин айткан болсо, ушул кезде "баягы мен айткан наадан ушул" десе жолдошу кылчайып, "менин сүйгөнүмдүн башын мурда айланткан түрөмшик ушубу?"-деп карады бекен? деген ойго кабылган Айдар алардын артынан жалдырай тиктеди.

Ушундай боло турган окуялар, жандай көргөн сүй-гөнү Нургүл экөөсүнүн ортосунда мурда болуп өткөн окуяларга айкалышкан кыялдануу менен эскерүү, би-ри-бирине аралашып, же кыялдануу экени, же мурдагы күндөрүн эскерүү экени белгисиз ойлор менен алпуру-шуп Айдар муздак орундуктан туруп, эч ким баса элек карды буту менен шилей кечип, терезелери тордолгон, ала-була болуп сырткы шыбактары көчкөн, жагымсыз түстөгү жаза өтөөчүлөр жашаган имараттардын арасын-да айланып жүрдү. Ал жазасын өтөөчү дагы он үч жыл ичинде боло турган өзгөрүүлөрдү аңдап биле албай, сүй-гөнү Нургүлдүн келечегине көз чаптыргансып, "эми бул жактан чыккандан кийин Нургүлгө эч качан жолукпашым керек экен, болбосо аны бактысыз кылып алам" деген ойдо, маанайы пас таң саардан жалгыз басып жүрдү.

* * *

Абактын ортосундагы имараттын бир бөлмөсү. Те-резеден, абактын формасы менен эки-үчтөн ары бери

өткөн жаза өтөөчүлөр көрүнсө, кээде бирин-эки аскер кийимчен абакта иштеген отряддардын командирлери өтүшөт. Айдар болсо ошол бөлмөдө, мандайында олтурган адвокатты, анын аркасындагы терезеден көрүнгөн ары- бери өткөндөрдү карап, үнсүз, көзүн улам ирмеп ойлуу олтурду. Бир убакта адвокатка караган Айдар:
- ошончо далилдер менен, өзүм толугу менен мойнума алган кылмыштыбы? - дейт.

-Ооба, түшүнүп атам, өтө кыйын, бирок жакшылап иштесек, балким... -адвокат өзүнө ишенгенсип чечкиндүү сүйлөйт. - Күнөөң жок болсо эле жыйынтык болот, чындык ийилет бирок сынбайт.

-Жок, жок, менин айткандарыма эми ким ишенет? Уктунуз да, жакында амнистия чыкты, он тогуз жылдан төрт жылым кыскарды, эки жыл олтурдум, дагы амнистиялар чыкса дагы жети, сегиз жылда бошоп калаармын.

-Бул жерде бир күн олтуруш кандай экенин көрүп атасың го, дагы ончакты жыл олтурушту айт! - деп адвокат бул окуя боюнча Айдардын күнөөсү бар экендигине шектенгенсиди. -Анын үстүнө күнөөсүз адам?

- Менин күнөөсүз экенимди каяктан билесиз? - деди Айдар Кайратка карап муңая жылмайып.

Кайрат аны күлө карап, тамашалай унчукту:

- Көзүм ачык.

Дагы бир азга унчугушпай калгандан кийин Кайрат бир точканы тиктеп турган абалын өзгөрттү да:

-Айдар, мен сенден эмгек акы сурап жаткан жокмун.- деди да бир азга үнсүз туруп калды. -Интернетте олтуруп эле сен жөнүндө жазылган бир макала көзүмө чал-

дыгып калды. Ойлоп көрсөм такыр окшошпойт, кызыгып, сотко барып ордер берип ишиң менен тааныштым. Тергөөнүн башынан аягына чейин эле моюнуңа алып коюпсуң. Тергөөдө берген көрсөтмөлөрүңдү окудум, бирок иштин жагдайына туура келбейт. Сага келбей, сенин макулдугуңсуз мен эч нерсе кыла албайм, баарын айтып бербесең дагы жок дегенде чын дитинден күнөөлүүмүн, же күнөөм жок деп койчу. Күнөөң жок болсо мага сенин ишиңди алып барганга макулдук бер, мага ошол эле жетет, калганын өзүм аракеттенип көрөйүн.

Анын сөздөрүн тыңшап, унчукпай башын ылдый салып олтурган Айдар дагы бир азга ошол калыбында олтургандан кийин башын көтөрдү:

- Кайрат байке,-деди жылмайып, сүйкүмдүү жүзү менен. -Билбейм адамдардын ичинде жакшы адамдар жок калгандай болуп көрүнүп калды эле, көрсө сиздей айкөл адамдар дагы бар экен. Рахмат сизге, эми менин сөзүмө эч ким ишенбейт деп, досторум келип жардам берели дегенинен аларга деле рахматымды айтып, сырымды айтпай келгем. Эч кимди ишендире албайбыз го байке. Тергөөчү, тергөөнүн башталышында берген менин түшүнүк кат, сурак протоколдорумдун бирисин дагы ишке тиркебептир, алар ишке тиркелгенде дагы кандай болот эле. Сиз интернеттен кайсыл макаланы окуп, менин кылмышкер эмес экендигимден шекшип калганыңызды билбейм, иштеги материалдар боюнча толук эле далилденген болуп турат.

Кайрат дароо Айдардын сөзүн бөлдү. - Жок, адам өлтүргөн киши ал тоңуп, катып калганга чейин качып кетпей ошол жерде жүрө береби, кандай мас болгондо

деле? Мастыгың боюнча да, ошол түнү каяктан-каякка кеткендигиң туурасында дагы досторуңа жолугуп сураштырдым. Сенин кандай бала экендигиңди билгендерге дагы учурадым.

-Мейли байке, мен деп бирөөлөргө жек көрүнүп албасаңыз эле. Рахмат сизге, бул окуянын чындыгы чыкпайт, бирок шагыныздды сындырбай айтып коеюн, күнөөм жок. Майдалап айтсам бирөөлөрдүн аркасынан түшөм деп сиз дагы запкы тартып калбаңыз.

-Болду Айдар, болду, мага ушул жетиштүү, калганын өзүм , өзүм ...

Кайратты узатып, абактан чыгарып кетип жаткан абактын башчысы Кайратка карап, бир нерсеге капа болгонсуп терең дем алды. -Кайран бала, ушундай кыйналды, аркасынан бирөөлөр деле келбейт. Бир эки-жолу достору келип кетишти окшойт эле. Азыр жакшы. Кыйын бала экен, тез эле булар менен тил табышып кетти. Азыр болсо абактын эң урматтаган баласы ушул. Айдар дегенде тикеси менен тик турушат. Менимче күнөөсүз эле камалгандай, сырын эч кимге айтпайт. Батынып деле бирөөлөр сурай алышпады окшойт. Мен бир жолу кабинетиме алдырып сүйлөшсөм, "кырсык болду да, эми кеч болуп калды",-деп койду. Адвокат таап берели, райондун өкүмүн шаардык, Жогорку сотторго деле даттанбапсың го десем, далилдер жетиштүү болсо, күнөөмдү өзүм мойнума алсам, мага ким жардам бере алмак эле байке,- деп күлүмсүрөп койгон.

-Эмне, ата-энеси жолугушууга келишпейби?- деп таңданган адвокат түрмөнүн башчысын карады. - Туугандарычы?

-Жок, ата- энеси кечип коюшкан деп калышат го. Атасы өтө катуу киши экен эле, "менин мындай балам жок",- деп койгон дейт. Ата- энеси келиптир деп бир дагы жолу укпадым.

-Мейли эми, анда аракет кылып көрөлүчү, балким ? ...

-Жакшылык жерде калбайт, ушул бала чыгып кеткенде кана эле, эл журтка пайдасы тие турган бала эле да. Бизге келгенден бери канчасын оңдоп койду, кичине, чоңу дебей, "Айдар байке"- деп издешип эле жүргөндөрү, мээр чөбү бар балабы деп күлүп калабыз. Бир чети бизге дагы мындай бала керек эле,-деп командир күлөт.

-Жок, бул баланын орду коомдо, колдон келген аракетти жасайбыз го,-деди Кайрат.

* * *

Адвокат поездин купесинин терезесинен казактын чексиз улуу талаасын тиктеп, телмирип олтурду. Жолдун четиндеги жапыз бадалчаларды көмөр-көмбөс кылып шамал учуруп келип, бир тарабына үйүп койгон майда кум дөбөлөрдүн акырындан аркада калып жаткандыгы, "шака-шак" болуп рельстин үстүндө жан алы калбай чуркап бараткандагы дөңгөлөктөрдүн добуштарынын угулгандыгы эле болбосо поездин катуу ылдамдыкта кетип баратканы, ордунан кыймылдабагандай эле болуп көрүнгөн учу-кыйры жок, жайык талаадан эч эле сезилбейт. Кум дөбөчөлөр, алардын үстүндөгү, кургакчылыктан жай ичи эле куурап, катып калып, кыштын ызгардуу суугунда дагы шамалга дирилдеп сабынан түшпөй турган бирин-эки жалбырактар көз ирмемден артта калып жатты.

Ушундай учу кыйры жоктой кум дөбөчөлөргө толгон жайык талааны карап олтурган Кайраттын оюна ушул эле талааларда болуп өткөн Найман эненин окуясы түшөт. Кайран эне, дейт ичинен Кайрат, кайран эне, балаңдын ушунчалык акыл-эссиз, айбандан айрымасыз болуп калганын көрүп туруп ушуларга кор кылбай алып кетип, кандай болсо дагы боорума кысып калган өмүрүндө өзүмдүн жанымда алып жүрөйүн деп балаңдан ажал тапкансың да. Сенин балаңды издеп боздоп ыйлаганыңдан ар бир тамган жашыңа ушинтип бадалчалар өсүп чыгып, сен өз балаңдан ажал тапкандан кийин "Бороондуунун" боздогон шамалы дагы каарданып, чаң, кум учуруп, ар бир төгүлгөн жашыңа чыккан бадалдарга, кандай замандар өткөнүн адам баласы эстеп жүрсүн деп домпойтуп, түгөнгүс көрүстөндөрүңдү жараткан окшобойт беле.

Эне деген ушул экен да, байкуш эненин башынан ошондой ырайымсыз каардуу, баскынчылык заманда кайгылуу, адам чыдагыс тагдырлар өткөн экен эле, ал эми азырчы, азыркы бейкут заманда деле байкуш энелердин көз жашы тыйылбайт го деп Кайрат түрмөгө кирип Айдарга жолуккандан кийин каза болгон Жамалдын апасына жолукканын эскерди. Кызынын өлгөнүнө канча жыл болсо деле кайран эне көзүнө жаш алып, үшкүрүнөт.- Ооба, сүйлөшкөн баласы бар болчу, экөө үйлөнө турган болуп, кызым Москвадан келген. Кийин эле ушул бала чыкты, балээ башталды. Бул бала сааттай болуп чыга калып экөөнү эки жакка бөлүп жибербедиби. Жигити муну менен жүргөнүн угуп калганбы, иши кылып айтпай дебей эле Москвадан аркасынан келбей койбодубу. Телефонун дагы өзгөртүп алыптыр,

кызым каза болгондо айттырып коелу деп таппай эле койдук. Кийин билсек бул желмогуздун убадалашкан дагы бир кызы бар экен эле, ошого үйлөнөм деп өлтүрүп салып атпайбы. Өлтүрбөй эле үйлөнө бер! Же боюнда болуп калганда, кийин соңду чыр болот деп корkконбу, билбейм, -деп бышактайт. - Баары бир деле той насип этпей камалып кетти го.

-Бул бала чыга калды деп жатпайсызбы эне, бул бала дегениңиз ким?

-Жанагы, камалган? Айдарчы?

-Айдардын кызыңызга келип жүргөнүн көргөн белеңиз? Же кызыныздан Айдар жөнүндө уктуңуз беле?

-Жок, уккан деле, көргөн деле жокмун. Ою бузуку болуп атса мага көрүнүп коймок беле? Сотто мойнуна алды го,-деп Жамалдын апасы Кайратты суроолуу карады. -Эмне сен ошол желмогуздун таламын талашып атасыңбы, ия?

-Жок эне, мен чындык болсун деп иликтеп жүрөм.

-Иликтеп? Эмнени иликтейсин? Баары бүткөн!

Бир азга унчугушпай калгандан кийин Кайрат, бул эмне эле деп жатат, дагы эмнени баштайын деп келген неме дегендей кылып ойлуу олтуруп калган энеге кайрылды.- Эне, ошондон кийин сүйлөшкөн баласы менен кабарлаша албадыңарбы? Балким кызыңыз дагы бирөөлөр жөнүндө бир нерсе айткандыр, мүмкүн көргөндүрсүз.

- Жок, айланайын, кызым эч ким жөнүндө айткан деле эмес.

-Ошол күнү кызыңыз каякка барам, кимге жолугам деп кетти эле эне?

-Ошол күнүбү?- деп ал эне ыйламсырагансып, бир азга ойлонуп, бир нерсеге кейигенсип турду да кийин оңдонуп олтурду. -Ошол түнү сааттай болуп мен уктагандан кийин үйдөн чыгып кетиптир да, анын чыгып кеткенин эрте менен көрүп атпайымбы. Түшкө жакын кабар келбедиби.

Жашып кеткен энени аяган Кайрат андан ары бере турган жооптору ал аныктагысы келген изге түшүрбөстүгүнө көзү жетип, дагы бир суроо менен жыйынтыктагысы келди. -Сүйлөшкөн баласынын аты-жөнүн, дарегин билбейт белеңиз? ...

Поезд ылдамдыгын дароо жайлатып, бир станцияга кирип келе жаткандыгын ал станциянын жайык жеринде баш-аламан, ары-бери чуркаган жүргүнчүлөрдөн улам байкап калган Кайрат ордунан салмак менен туруп, вагондун, адамдар түшүп-чыгуучу эшиги тарапка басты. Эми акырындап, каалгып, анын жылып баратканы деле сезилбей токтоп бара жаткан поезди, вагондун эшигинин айнегинен карап турган Кайрат, адамдарды сыртка чыгарып, ал станциядан вагонго кирүүчүлөрдү кабыл алууга даярданып, вагондун эшигинин туткасын кармап, толук токтошун күтүп турган аялга кайрылды:

-Эже, бул станцияда канча минута турабыз?

Капысынан чыккан добушка жалт караган аял ага жооп бербестен эле вагондун эшигин ачты. - Станция Бороонду, беш эле минута турабыз,- деди аял, сен сурадыңбы дегендей кылып Кайратка башын бурду. -Кийинки станция чоң станция болот, он беш минута турабыз, чыккың келсе ошол станцияда чыгып келсең болот.

-Рахмат эже, анда кийинки станцияны күтүшүм керек

экен, - деген Кайрат, станциядан түшүп, керектүү тамак-аш алып алсамбы деген оюн өзгөртүп, кийинки станциядан ала турган болуп кайра артка басты.

Өзүнүн купесине кирип бараткан Кайрат, вагондун аягынан коридору менен эшиги тарапка басып келе жаткан, колуна сумка сүйрөгөн кызды байкай калып, аны каяктандыр бир жерден көргөндөй болду. Аны бир азга буйдалып карай берип, ичинен, "ии Айдардын кызына окшогон татынакай кыз тура, ошого бир жерден көргөндөй болуп кетиптирмин да" деди ичинен. Ал купеге кирип, терезенин түбүнө бекитилген столчону эки колу менен таянып, эңкейип бир азга ойлонуп, станциядагы ары-бери чуркап, өздөрүнүн вагондорун издеп жүргөн жүргүнчүлөрдү карап турган учурда баягы кыз кайра эле сумкасын сүйрөгөн калыбында терезенин түбүнөн өтүп кетти. Ошондо Кайрат, ал кызды дагы бир жолу Айдардын сүйгөн кызына аябай окшоштуруп, бул жакка чыгардын алдында эле жолуккандагы аны менен болгон маеги эсине түштү.

-Ооба агай, Айдар кантип мындай ишке барганына ушул күнгө чейин эле ишенбей келем,-деп Нургүл зээнин кейиткенсип, бир азга ыйламсырагансып туруп, кайра чыйрала түштү. -Анын боорукерлигин, адамкерчилигин айтпа, көрсө эки жүздүү бала экен да.

-Мага ошол окуянын алдындагы анын жүрүш-турушундагы, сен байкаган өзгөчөлүктөр керек.

-Өзгөчөлүктөрүн деле байкабадым, бирок ошол окуя күнү кечинде, сыртта сонун болуп кар жаап жатканын көрүп, "биринчи карга чыгып ары-бери басып сейилдебейлиби дейин",- деп телефон чалсам көптөн кийин

алып, "мен бир жерде элем, кийин өзүм чалайынчы",- деп койгон. Ары жактан кафенин музыкасы, каткырык -күлкүлөр чыгып жаткан эле ... Чындап айтсам, кимдер менен болду экен деп кийин кайра телефон чалсам телефонун өчүрүп коюптур. Карды жакшы көрчү эле, кандай кеч болгондо дагы мага келип, биринчи карга алып чыгып, жаңылыктарын айтып берип кетмек. Ошондон шектенип калдым. Айдар камалгандан кийин досторуна жолугуп сурасам, ошол түнү кафеде бирге болгонбуз, анын телефонунун заряты түгөнүп өчүп калган, кийин үйгө кетти, жеткирип коелук десе такыр эле болбой, такси менен кеткен эле дешти. Ошол түнү чындап кырсык болгон болсо сотто айтып берсе керек деп сотко барсам баардыгын толугу менен мойнума алам деп атпайбы! Демек достору менен бирге болуп чыккандан кийин ошол кызга барган окшобойбу.

-Нургүл сен, Айдардын ошол кызга барганына толук ишендиңби? Кимден уктуң, сага ким айтып берди эле? Мурда-кийин ошол кызга Айдардын жолугуп жүргөнүнө шегиң бар беле?

-Ооба, биринчи күнү такыр эле ишенбедим, анык-чынын билейин деп тергөөчүгө барбадымбы. ...

-Тергөөчүнүн Айдарга карата чогулткан далилдерин билем, андан башка дагы кандай, сен ишене турган далилдер бар?

Нургүл, дагы башка, тергөөдө айтылбаган далилдерди келтирчүүдөй болуп ойлуу, бир нерсени эстеп жаткансып олтуруп калды.- Колдорунун издерин ар кандай кылып жасап коюшу мүмкүн эле, бирок сотто мойнуна алганына кантип ишенбейм. Тергөөдө бурмалап койсо

дагы сотто чындыкты айтса болбос беле. Тергөөдө анын колдорунун тактарын жасалмалагандай эмне? Алардын кандай кызыкчылыгы бар эле. Анын айткандарына толук ишендим, тергөөчүгө бир эмес эки жолу барып жолуктум. Кийинки барганымда тергөөчү: "Айдар качып кеткенде бир ачууландым эле, кийин карасам жакшы эле бала экен, жардам берип, кокусунан адам өлтүрдү деген статьяны коеюн десем өзү мойнуна алып, "күнөөмдү камакта олтуруп жууйун",- деп атпайбы, анан кантип жардам берем дейт. Анын мүнөзүн жакшы билем да, ал ошентип айтканына толук ишендим, анткени ал көп учурда эле, "колу менен жасаганды мойну менен тартыш керек",-деп калаар эле. Бир жолу бир классташ баласын айтканын эсимде: камалып кетти, күнөөсүн жок дегенде түрмөдө олтуруп жуусун, аркы дүйнөдө сурагы жеңилдейт,-деген эле. Анан кантип ишенбейм.

Купенин эшигин бир тарапка тартып ачкан таякчан орус кемпир Кайраттын оюн бөлдү.

-Төртүнчү купеби? ...

Терезе тараптан дароо кылчайган Кайрат башын болор-болбос ийкеди.

-Ооба чоң эне, кире бериңиз.

-Ии, анда меники экен.

Ордунан тура калган Кайрат, эшиктен эптеп киргизип жаткан орус кемпирдин чоң сумкасын колунан алып, сабынан өзүн көздөй тартып купеге киргизди. -Олтургучтун алдына салып коелукпу чоң эне?

-Кичи пайилдикке, мүмкүн болсо.

-Азыр анда,- Кайрат сумканын кармooч сабын түртүп, сумканын ичине кирүүчү жайына киргизип, кыйшай-

тып, капталындагы кармоочунан алып, бир колу менен каршысындагы орундуктун үстүн көтөрүп ачып, эненин жүгүн жайгаштырды. Ал жерди жапкандан кийин колундагы таягына сүйөнүп туруп калган кемпирге карап жылмайды. -Оорун алыңыз эне, сиз дагы Москвагабы?

-Ооба, Москвага, кичи пейил жакшы бала турбайсыңбы, рахмат.

-Эчтеке эмес чоң эне, бул кичүүлөрдүн парзы,-деп Кайрат сүйкүмдүү жылмайды.

-Каяктагы парз уулум, азыркы жаштар аман эле болсун. Сендей балдар, каякта? Барган сайын жаштардан ыйман кетти, эмнесин айталык. Мына азыр эле поездге түшөйүн деп жатсам жардам бермек турсун жөөлөп өтсө көмөлөнүп кетип, колумду айрытып албадымбы. Бул жакка кирсем минтип сен көңүлүмдү жылытып жылуу тосуп алдың,-деп ыйламсырап, жакшы мамилеге бир чети эрэркеген кемпир колунун алаканындагы айрылып кеткен жерин көрсөттү.

-Эч нерсе эмес эне, бир аз чийилип калыптыр, Москвага, балдарыңызга жеткенге чейин айыгып калат.

Оор үшкүргөн кемпир Кайраттын мандайындагы орундукка бутун араң бүгүп, кыйналып жатып олтурду. -Ооба айыгып кетет дечи, айыгышы го айыгат,-деди. Кемпир бир азга ылдый сунган таягынын учун тиктеп олтургандан кийин, кайра өзүнчө эле сүйлөнө кетти. -Денедеги так го айыгат, бирок жүрөктөгү так эч качан айыкпайт тура.

Бир азга экөө үнсүз, ойлуу терезе тарапты тиктеп олтуруп калышкандан кийин Кайрат ал кемпирди сөзгө тартты. -Ии эне, балдарыңызгабы же балдарыңыздан

кайтып кетип жатасызбы?

Кайрат тарапты карап, башын ийкеп бир азга ойлуу отургандан кийин кемпир анын суроосуна жооп бериштин ордуна кайра ага кайрылды. - Ии балам казаксыңбы?

- Жок эне, мен кыргызмын.

-И кыргызсыңбы? Ал жакта жашагам.

-Качан жашадыныз эле?

-Согуштан кийинки жылдары. Оой, кандай гана атаалчылык мезгил, айта көрбө!

Кайрат аябай кызыгып, чечекейи чеч боло түштү. -Кайсыл жеринде жашадыныз эле эне?

Анын суроосуна жооп бербей дагы бир азга ойлуу олтуруп калган эне бир убакта башын көтөрө: - кыргыз элинен айланса болот,-деп таптак кыргызча сүйлөдү.

Эне, "мен ушундай, кыргызчаны так сүйлөйм" дегендей кылып, мактангансып, бир азга болсо дагы көңүлү көтөрүлгөнсүп, жүзүнө жылмаюу пайда болуп, башын көтөрүп Кайратты карады.

-Ой эне, кыргызча таптак сүйлөйсүз го?

-Ананчы балам. Ленинграддын блокадасында калып, же атадан же энеден жок, көрбөгөн азапты көрүп, ал жак ачылаары менен эле жаш балдарга кошулуп, Кыргызстанга жөнөтүлгөнбүз. Кийин Чүйдүн кыргыздар жашаган айылындагы бир кыргыз энениn колунда чоңойгом. Кыргыз мектепте окугам. Бир баласы менен күйөөсү согуштан кайтпай калып, согуштан кийин ал апам дагы өтүп кетип, акыры томолой жетим калып, кийин бир топ жыл Фрунзеде жашап, акыры кайра Россияга кайтып келгем да,-деп эне бир азга унчукпай калды. -Балким

ошол боюнча эле ошол жакта калганымда тагдырым башкача болот беле, билбейм.

Ошентип эки жердеш даана кыргыз тилинде сүйлөшүп, сексен чамалап калган орус эне менен Кайрат узун жолду кыскартып маек куруп келатты. Ошондо эне өзүнүн башынан өткөргөн согуштан кийинки катаал, жокчулук, жакырчылык заманды эскерип олтурду. Ошондой заманга карабастан ата-эненин балага, баланын ата-энеге жасаган ызаат-урматын, ошол кездеги адамдардын бири- бирине жасаган мамилелерин, кайрымдуулугун, бир ууч талканды бөлүшүп, бар дүйнөсүн ортого коюп жашашкандыгын, жаш курагында кыргыз үй бүлөдө, ач-жылаңач болсо дагы кайгысы жок бактылуу болуп эс тарткандыгын, акыры жакшы заман келди деп бул жакка келе берип, сүйүп-күйүп ойлонбой турмушка чыгып алып, согуш жылдарында тартпаган кайгы менен өмүрүн өткөргөндүгүн, өзүнүн жандай көргөн сүйгөнүнөн, түн уйкусун коюп, бапестеп өстүргөн баласынан алган жүрөк жараларын айтып берип олтурду.

Кемпирдин окуясынан улам санаасы-санга бөлүнүп кеткен Кайрат,- ооба,- деди ичинен.- жарык дүйнөгө балаң келгенде кандай гана сүйүнөсүң. Кубанычың койнуңа батпай, баланды карап тойбой, карасаң жылмайганын деп, кайра-кайра жылмайышын самаганыңчы. Бир аз тили чыга баштаганда анын ар бир айткан сөздөрүнө кубанганыңчы. Торолуп такылдап сүйлөй баштаганда анын ар бир жаңы сөздөрүнө сүйүнгөнүңчү. Ошондо, ал бой тартканда сенин көңүлүң менен эсептешпей, өзүнүн кызыкчылыгы үчүн болбогон эле нерсеге маанайыңды түшүрүп, тынымсыз жүрөгүңдү оорутаарын,

ошол бир кезде сен кубанган тили менен сага жаман айтарын билсеңчи. Акылдуу болот, “антти-минтти”, деп анын жаш балалык жоруктарына жетине албай сүйүнгөнүңчү. Бирөөлөрдүн жаман көрүп жатканына карабай балаңдын жоруктарын айтып кубанып, же ал уктагандан кийин дагы аны карап олтуруп алып, жоруктарын эскерип жалынганыңчы. Ошондо ал эс тартып, өз алдынча боло баштаганда өзү эле ушундай боюнча жаралып калгансып, кагып-силкип, оройлонуп, сени жактырбай, айткан тилиңди албай басып кетерин билсеңчи ... Жакшы окуп атат-деп, ал чоңойсо эле сени бапестеп, урматтап сыйлап, бактылуу кылчуудай болуп, андан көп жакшылыктарды күткөнүңчү. Ошондо ал сенин акыл-насаатыңды тебелеп, ага баскан-турганың, сүйлөгөн сөздөрүң жакпай, ал тургай сени менен бирге баскандан уяларын билсеңчи,-деп Кайрат кемпирдин баласынын ага жасаган мамилесин, анын жүрөгү ооруп ыйлагандарын угуп, кээ бир учурда көзүнө жаш келип, бирде ээгин чеңгелдеп кармап, бирде чекесин ушалап ылдый карап ал эненин башынан өткөн баласы менен болгон окуясын дыккаттык менен угуп келатты.

Бирок, балдардын баары эле бул эненин баласындай эмес, ата- энеси дегенде жеген ашын жерге койгон, ата-энесин өтө бактылуу кылган, аларга күйүмдүү, аларсыз жашоосун элестете албагандар дагы бар экендигин ойлогондо өзүнчө жеңилдеп, ал энени жооткотуп, сооротуп, ошол эле мезгилде ага боору ачып дагы олтурду.

* * *

Балким өзү болуп жүрбөсүн? Жок, жок, кантип эле. Ай-

дардын айтымында ал кызды өлтүргөндөр кылмышкер кейпиндеги балдар болгон. Бул бала болсо зыңкыйган интелигент, кичи пейил бала экен. А балким бирөөлөрдү жалдагандыр? Жок, андай да болушу мүмкүн эмес. Эмне себептен өлтүрөт эле? Кантип?-деп ою бөлүнүп кеткен Кайратты алардын жанына келген официанттын үнү өзүнө бурду. - Саламатсыздарбы? Кандай буйуртма бересиздер?

Бирин-бири карап калган Кайрат менен Сыргак, эмне деп буйрутма берерин билишпей туруп калышты.

Сыргак кичи пейилдик кылды.- Алыс жерден жол жүрүп келдиңиз, тамактанып аласызбы?

-Рахмат, мен тамактанып алдым эле, кофе ичип сүйлөшөлү.

-Тамактансаңыз болмок, Москванын кухнясын көрүп дегендей,- деп Сыргак Кайратка карап жылмайды.

-Рахмат, бул жактын кухнясы мага тааныш, мен да мында көп жашагам.

Башын ийкеген Сыргак официантка карады. - Бизге эки кофе.

Блокнот, ручкасын даярдап, буйрутмасын жазууга камынып турган официант аларга карап ууртунан жылмайды. -Мейли, жакшы болот.

Терезеден көрүнгөн, кымкарлап жаап жаткан карды, жолдогу тынымсыз ары-бери өткөн көчө толо машиналарды, көчө менен бир элдерди карап, бир азга кайра унчукпай олтуруп калган Кайрат Сыргакка кайрылды. -Кыргызстанга эки жылдын бери бир дагы жолу барбадыңызбы?

-Ооба, эки жылдан өтүп калды окшойт. Быйыл жазда

барсамбы деп жатам.

-Угушума караганда үйлөнөбүз деп, алды менен Кыргызстанга Жамалды жөнөтүп, кийин аркасынан барбай коюптурсуң эле?- деп Кайрат Сыргакка шектене карады. Анан ал ичинен "Жамалдын аркасынан барыпсың да, анда эмнеге анткорлонуп, анын өлгөнүн укпаган киши болуп атасың. Демек сенде бир кеп бар окшойт" деп ойлоп, Сыргакка сырдуу көз карашын таштады. -Анда, Жамал Кыргызстанга кеткенден кийин аркасынан ал жакка барган турбайсыңбы?

Унчукпай күнөөлүүдөй болуп жер карап олтурган Сыргак башын көтөрдү. - И, баргам, ал бул жактан Бишкекке кеткенден кийин эки, үч айдан кийин барып келгем.

Кайрат жандана түштү.

-Анан эмнеге Жамал туурасында эч нерсе билбегендей болуп жатасың?

Кайраттын көзүнө чындап эле күнөөкөрдөй болуп көрүнгөн Сыргак бир нерсени айталбай жашырып жаткансып, буйдалып, мукактанды. -Жамал өзүнө өзү кылды,-деп бир көргөн эле кишиге кантип экөөбүздүн ортобуздагы сырды айтмак элем,- дегендей кылып туруп калды. - Болбосо аны кандай гана сүйөт элем.

"Кептин баары ушунда окшойт" деп ойлонуп, "чындап эле ушунун колунан келген го"- деген таризде Кайрат андан көзүн ала качып жалтактаган Сыргакка карады. -Аял киши болсо сени ошончолукка жеткирдиби? Башка жолу жок беле, жөн эле? ...

Сыргак ичинен ойлонууга үлгүрдү. "Менин ордумда ким болсо деле ушундай кылса керек эле, эмнеге эле түшүнүп-түшүнбөй атырылат, кызык". Кайратка таңдан-

ган Сыргак чечкиндүү жооп бергиси келди. -Башка жолу жок үчүн ушундай чечимге келдим да!

-Өтө эле жестокий чечим болуптур анда. Демек мойнуңа алат экенсиң да.

Кайраттын эсине Айдардын: "окуяны майдалап айтсам бирөөлөрдүн аркасынан түшөм деп сиз дагы запкы тартып калбаңыз", - деген сөзү түштү. Демек бул бай жигит, Айдар ошого мени эскертиптир да. Колунан ар кандай нерсе келиши мүмкүн. Сыпайы көрүнгөнү менен өзүнүн сүйгөнүн аябаган неме ...

“Эмне эле деп атат, ортоңордо эмне болду эле, эмнеге ошондон кийин ага жолукпай койдуң дештин ордуна, мойнуңа аласыңбы? Эмнени мойнума алам? Ооба, Жамал мени сатып кеткенде аркасынан барбай койгонумду, ага жолукпай келе бергенимди, мойнума алам да, албаганда эмне?” -деп ичинен сүйлөнгөн Сыргак башын көтөрүп, кайра Кайратка карап жалтактагансыды. -Ооба, албаганда, анын эмне кылганын билбейсиз да, аны кандай жакшы көрчү элем. Ошондон кийин дагы, ушул күнгө чейин эле унута албай жүрөм. Эмне болсо дагы быйыл барайын дегеним ошол болчу.

-Эмне кылса деле ал аял киши да, кечирип койсоң болбос беле? Жөн эле койсоң болмок экен, байкушту. Ошондон кийин эми кантип жашап жүрөсүң? Канчага чейин качып жүрмөк элең, абийриң кыйнап, түшүңө деле кирип жатса керек,-деп Кайрат эми Сыргактын ушул сөздөрүнөн Жамалды өлтүргөнгө буйрук берген ушул экен деп түшүндү.

Сыргак ыйламсырай үн катты. -Ооба, аябай жакшы көрчү элем. Биринчи күндөрү кандай гана жаман болуп

жүрдүм. Сагындым, өткөргөн күндөрүбүздү эстеп алып чынын айтсам ыйладым.

-Ыйлайсың да анан, бей күнөө эле немени ошентип салсаң.

Кайрат, ичинен: «туура эле келген экенмин, мына эми табылды, өзү эле мойнуна алат экен да. Карасаң акмакты, «уктай албай жүрдүм", - деп жакшынакай, бейкүнөө эле кызды өлтүрүп салып, уктай албайсың да, анан. Ошончолук эле сага эмне кылды экен байкуш, көп эле болсо сенин сүйүүңдү алмаштыргандыр. Өлтүрбөй эле башкасын таап ал, акмак. Мейли эми, өзүнө айтып эле, бирге ала кетсемби, өзү деле барганга макул экен го. Жок азыр макул болбосо керек, өзү барам дегенде мени эч ким билбейт, изи сууп калды деп барам деп жаткан болсо керек да. Ушундай жашоосун кечип кантип эле колго түшүп берсин. Анда Россиянын полициясынан жардам сурасамчы. Мындай неме мени билип калды деп эми мага дагы бир нерсе ойлоп чыксачы. Мейли, сүйлөшүп көрөйүнчү,-деп бир азга өзү менен өзү сүйлөшүп туруп калды. - Билбейм, сага эмне деп айтарымды. Билбей калдым, эми эмне кыласың, мени менен бирге эле барасыңбы, же?

-Кайрат байке, ушунча ишимди дароо таштап, кантип?

-Барасыңда анан, канчага чейин эле ушинтип качып жүрмөк элең, өзүң колго түшүп берсең жеңилдик болот. Дагы канчага чейин кыйналып жүрмөк элең.

- Эмне күнөө иш кылыптырмын байке?

-Эмне кылыптырмын дейсиң да, анан. Мойнуңа алып атасың го- деп Кайрат кабагын бүркөп, ага өзүн каардуу

кылып көрсөткөнгө аракеттенди.- Анда ал эмне күнөө иш кылды эле ия, ошончолук? Көп эле болсо сени алмаштыргандыр!

Ал эмне күнөө иш эмеспи? -деп Сыргак, ичинен: “келинчегиң туруктуу аял окшойт да, болбосо көрөт элем, Жамал өзүн аябай бейкүнөө кылып көрсөткөн көрүнбөйбү. Мейли кандай десе дагы макул болуп коеюнчу, муну ал өзү жөнөтсө бул баарын айтып барат да. Эмнеси болсо дагы Жамал жөнүндө баардыгын уга турган болдум деп, бир чети сүйүнгөнсүп, Жамал туурасында акырындан чегип сурап, Кайраттан көп нерселерди билгиси келди. - Эмне Жамал өзүн бейкүнөөмүн деп эсептейт бекен, ия?

Көчөдө жаап жаткан карды терезеден карап, көчөдөн өткөн элдерге алаксыгансып олтурган Кайрат дароо ордунан козголуп, олтургучтун арткы жөлөнгүчүнө жөлөнүп олтуруп, "бул эмне эле деп жатат" дегендей Сыргакты таңдана тиктеди.

-Ооба, ооба байке, туурасын айтып жатам. Ал Бишкекке кеткенден кийин эмне кылгандарын мени билбейт дейт окшойт да. Эмнеге үйлөнбөй калдыңар эле деп сурап көрдүңүзбү?

-Жок, сурабадым. Өзү жок болсо кимден сурайм?

Дароо Кайратты суроолуу караган Сыргак сөз бул убакка чейин эмне жөнүндө болгонун деле түшүнбөй, өзү жок болсо дегени кандай? -деп таңданып, анын бул сөзүн тактагысы келди. -Мен сизге түшүнбөй жатам. Сиз Жамалдын иши боюнча келдим дедиңиз го. Мен, сизди Жамал жөнөнөтүптүр деп түшүнүп жатам, туурабы? Анан эмнеге анын өзү жок деп жатасыз?

Мындан мурдагы ортолорундагы сөз Жамалды өлтүргөн жөнүндө эмес, ал экөөнүн мамилесинин бузулганы жөнүндө болуп жатканын түшүнүп калган Кайрат эмне дээрин билбей уялып кетип, унчукпай жер карап олтуруп калды. Кийин өз ичинен "ээй кайран жигит, сүйгөнүңдүн эки жыл мурда эле бул ааламдан өтүп кеткендиги, эми эмне десең дагы анын кайрып алып келе албастыгыңды, экөөңөрдүн ортоңордогу мамилени эми эч качан териштире албастыгыңды билбейт турбайсыңбы ",- дегендей Сыргакты аянычтуу карады.

Андан ары Кайрат сөзүн эмнеден уларын, ага Жамалды кантип угузарын билбей, билинер-билинбес башын ийкеп, терезе тарапты карап унчукпай олтуруп калды.

Экөөнүн ортосундагы тынчтыкты кайра Сыргак бузду.

-Жамал азыр Кыргызстанда эмеспи?

-Жок, ал азыр Кыргызстанда эмес. -Кайрат эми кантип угузам деген ойдо жүрөкзаада болуп туруп калды. -Чындап эч нерсе укпадың беле?

-Жок! Ага эмне болгон?

Бардык күчүн топтогон Кайрат чымыркана калып:-жок, ал Кыргызстанда эле эмес, ал бул ааламда жок,-деди.

Дароо Кайратты суроолуу карай берип, Сыргак селт эте түштү.- Эмне дейсиз? Ага эмне болгон?

-Ооба, ал эки жыл мурда өтүп кеткен. Киши колдуу болуп.

-Эмне?! Эмне?!!! Башын бир жакка кыйшайтып, бир точканы тиктеп үнсүз олтуруп, бир заматта көзүнө жаш топтолуп келип, кирпиктерин ирмеп жибергенде эки көзүнөн мөлт этип жаш ыргыды.

Аңгыча эки кофени көтөрүп келген официантты тик карабай башын терезе жакка бурган Сыргак көзүн эч кимге көрсөтпөй жаагын таянды. Бирок, ал эч кимге сездирбегенге аракет жасагандыгы менен анын ыйлап жатканы мурдун тартып, билинер-билинбес бышактаганынан билинип турду.

Сыргак, Жамал менен өткөргөн бактылуу күндөрүн, аны ушунчалык сүйөрүн, анын үй- бүлө күтүп балалуу болуп калганына карабастан, быйыл Жамалды ким кандай тартып алган болсо ал андан ошондой кылып тартып алып келип, баардыгына кайыл болуп жашагысы келип жүргөн үмүтү таш капкандыгын ойлоп ыйлады.Эми мындан аркы жашоосунда Жамалдай эч кимди жакшы көрүп жашай албастыгын ойлоп алып, ичинен буркурап ыйлады. Анын канча жылдан бери жок экендигин билбестен күндө жатаарда элеси менен сүйлөшүп, алды менен катуу таарынып, кийин ага кайтып баргандан намыстанып, эми болсо аны ойлогондо чыдай албай калганда баардыгына кайыл болуп баргысы келип, ушундай пландарды түзүп, жакында барам деп, сагыныч менен жашап жүргөндө, эми минтип анын ой-максаттарынын баары бир заматта быт-чыты чыккандыгын, ошентип ага деген сагынычы өмүр бою таркабай өтөрүн эстеп алып ыйлады.

Сыргакты эмне деп сооротоорун билбей олтуруп калган Кайрат олтурган абалын оңдоп, зээни кейип, анын дагы көзү жашылданып ийнине колун койду. -Сабыр кыл Сыргак! Чындап укпапсың эле да, -деп Кайрат анын далысынан таптап, азыр эле, "өзүң эле колго түшүп бересиңби"-деген сөздөрүн эстеп, аны Сыргак кандай

деп түшүндү экен деп уялды. Кайрат дагы бир азга аны карап олтургандан кийин алаксытып, башка сөзгө тарткысы келди. - Ушундай жакшы көргөн кызың менен эмнеге үйлөнбөй калдың эле?

Эки колун бириктирип чекесин жөлөгөн калыбында көзүн жуумуп олтурган Сыргак Кайраттын сөзүн укпагансып, бир калыпта кыймылдабай олтура берди. Кафедеги алыстан чыккансыган жай музыканы тыңшагансып Сыргакты карап олтуруп калган Кайрат анын алдында өзүн ыңгайсыз сезип, кайра дагы эмне деп сөз баштаарын билбей бир кыйлага унчуга албай отурду.

Бир убакта колун чекесинен алып башын көтөргөн Сыргак кызарган көздөрү менен Кайратка кайрылды. -Кайрат байке мен мындан ары сиз менен маек куруп, эч нерсе айтып бере албайм. Бүгүн эле келиптирсиз го, Москваны көргөнчө дагы бир эки күн жүрсөңүз керек, эртең жолугушалычы, - деди бир чети жалооруй, бир чети ыйламсырап.

-Мейли,-деди Кайрат.-Абалыңды түшүндүм, мейли байланышып башка күнү жолугушалы анда.

* * *

Бийик үйдүн алдынан Кайратты тосуп алган Сыргак сырткы эшиктин кулпусун ачкычы менен ачып, лифт менен бийик үйдүн эң баш жагындагы кабатка көтөрүлүштү.

Сыргак батиринин эшигин ачып жатып: - Ушул батирди Жамал менен бактылуу болуп жашайм деген жакшы ой менен алдым эле. Жамал бул батирге Кыргызстанга кетеринде бир жолу келип, түнү менен балкондо сүйлөшүп олтуруп кеткен эле,-деди Сыргак. Анан заманбап

жасалгаланган батирдин чоң залын кесип өтүп, Сыргак балконду ачты. Аркасынан балконго чыккан Кайрат шаарды айландыра карап таңданды.

-Ооууу, укмуш! Өтө эле бийик үй тура, канчанчы кабат?

-Ооба, өтө бийик үй, мындан Москва тегиз эле көрүнүп тургандай сезилет. Түнкүсүн көрсөңүз, түнү тим эле укмуш, галлактикадагы миллиондогон жылдыздардын арасында калгандай эле болосуң- деп Сыргак дагы шаарга айландыра көз чаптырып келип, бир нерсени эстегенсип туруп калды. -Ошол түнү Жамал экөөбүз өтө бактылуу болуп, ушул балкондо олтуруп Москванын таңын тостук эле. - Балкондун тосмосуна жөлөнүп турган Сыргак колу менен шаардын асман менен чектешкен тарабын сыдырып көрсөттү. -Таң ушул тараптан, тим эле сонун болуп атат. — Кайра эле Жамал менен тоскон ак таңды эстеп кеткен Сырган бир азга тунжурап турду. - Суук болуп кетти, коюңуз, кириңизчи бөлмөгө.

Экөө ээрчишип бөлмөгө киргенден кийин Сыргак бөлмөдөгү диван тарапка колун жаңсады. -Олтуруңуз. Мен азыр,- деген Сыргак бөлмөдөн чыгып кетти.

Бир убакта Сыргак, пряник, печенье, майда канттар, дагы башка азыктар салынган подносту көтөрүп кирип, Кайраттын алды жагындагы журнал столуна койду. Кийин эки бокалга буруксутуп кара кочкул кофе көтөрүп кирип, бирисин Кайраттын алдына жылдырды. -Сүт менен ичет белеңиз? Кара эле кофе демдеп келдим.

-Жок, жок, боло берет. Рахмат, убара болбой эле койсоң болмок.

-Убарасы бар беле, кофе ичкенче сүйлөшүп олту-

ралы да.

Диванда олтурган Кайраттын маңдайындагы креслого келип олтуруп калган Сыргак жер карап, бир азга ойлонуп калгандан кийин мындай деди: - "Жамал"- деп атын айтсам ыйлап жибергени турам, аны ушунчалык жакшы көрчү элем. Билесизби байке, кандай гана сонун күндөрдү өткөргөнбүз? -деди да Сыргак ордунан акырын туруп, өзүнүн арка жагындагы серванттын тектирчесинен бир боо сүрөттөрдү алып чыгып, столчону айланып өтүп, Кайраттын алды жагына барып, сүрөттөрдү колдору менен эки жагына ургулап, кагып, тегиздеп, акырын Кайраттын алды жагына койду. - Көргөнчө олтуруңуз.

Кайрат бирдей өлчөмдөгү, бирок биринин үстүнө бири, баш-аламан коюлган сүрөттөрдү биринен сала бирин карап, кээ бирөөсүн бир кыйлага тиктеп отургандан кийин кайра өзүнүн экинчи тарабына бирдей ирээтке келтирип коюп жатты.

Бир кыйлага унчугушпай калган жымжырттыкты Кайрат бузду. - Таш боор табият,-деген Кайрат дагы бир азга унчукпай калды. -Ушунчалык сүйүшкөндөр дагы бири-бирине ушинтип жетпей калабы? Жөн эле жетпей калбай ... карасаң кандай гана кайгылуу тагдыр.

Кайрат бир сүрөттү карап туруп, көрүп бүткөн сүрөттөрдүн үстүнө коюп жатып, башын көтөрүп Сыргакка карады. Ал ошол мезгилде башын жерге салып олтурган абалын өзгөртүп,өйдө боло калып, көзүнөн ылдый куюлган жашын жашырбай колу менен аарчыды.

-Ушундай байке ... мурдараак уксам болмок экен.

-Бишкекке бардым дедиң го? Барганда ага эмнеге

жолукпадың? Деги эле ортоңордо эмне болгон? Мага такыр эле түшүнүксүз, ушунчалык сүйүшүп жүрүп эле?

Кофесин эми иччүүдөй болуп колундагы бокалга салынган кашыкты улам алып аралаштырып жаткан Сыргак өзүн дагы деле сезбей жаткансып, аралаштырuусун токтоткон жок. -Байке, эгерде сизге анчалык негиздүү болбосо ал нерсе Жамал экөөбүздүн ортобузда сыр бойдон калса болбос беле?

-Жок, мен сага кечээ ал киши колдуу болгон деп айттым окшойт эле. Өлтүргөн адамдын дареги чыкпай жатат, ошону иликтеп атат элек. Сенин, ал экөөңөрдүн ортоңордо болгон нерсенин, сөздүн ар бири, майдачүйдөсүнө чейин маанилүү.

Кантип айтам дегендей кылып креслонун жөлөнгүчүнө жөлөнүп, өйдө карап көзүн бир азга жуумуп туруп калган Сыргак кайра абалын оңдой түштү.

-Мейли байке, эгерде биздин ортобузда болгон окуя... -деп бир азга токтоп калып кайра сөзүн улады. -Кылмышкерди тапканга жардамы тийсе кана ?

Сыргак оюн бир жерге топтогонсуп, бир азга жерди тиктеп олтургандан кийин сөзүн баштады: - эки жыл мурда,-деп дагы бир азга ойлонуп, убакытты тактагансып туруп: - ооба, ооба, эки жыл төрт айча мурда, күз айларынын баш ченинде Жамал Кыргызстанга кете турган болуп калды. Мен зарыл иштеримди бир аз ирээтке келтирип алайын, бир айча күтө турбайсыңбы, бирге эле кетели десем, "жок, мен бир аз күн мурдараак бара берейинчи, үйдөгүлөрдүн шартын көрөйүн, апам кенебес киши эле, тойго даярдык көрүлбөй, апамдар ыңгайсыз абалда калышпасын, өзүм барып баш-көз

болуп турбасам болбойт,-деп туруп албадыбы. Тойдун болоор күнүн белгилейин десем, "жок, мен ал жакка барганда биздин шартка карап айтам,"- деп болбой койгон. Иши кылып эки-үч айдын ичинде үйлөнүп, ата-энемдердин өтүнүчү боюнча тойду ошол жакта өткөрүп кайтып келе турган болгонбуз.

-Карасаң, - деп Сыргак башын чайкап, кабагын бүркөп, кейигенсип, бир азга сөзүн токтоткондон кийин сөзүн улады. -Болбосо бул жактан деле үйлөнүп, той өткөрсөк болмок, бул жакта деле канча тууган-урук, достор, классташтар бар. Ошентип, Жамалды өзүм аэропортко алып барып жөнөттүм. Ажыраша албай көпкө турдук. Көздөрүн жалдыратып, улам-улам карай берди. Мойнумдан кучактап, тим эле түбөлүккө коштошуп жаткансып, ыйлап коштошподубу. Көрсө чындап эле ошондо биротоло коштошуп жаткан турбайбыз беле,- деп, Сыргак үнү каргылданып, башын жерге салып үнчукпай туруп калды. Сыргакты дыкаттык менен тыңшап олтурган Кайрат дароо башын көтөрүп, Сыргакты карады. - Кой эми Сыргак иним ,-деди аны жооткотуп.

Башын жерге салып олтуруп калган Сыргак кайра жай гана өйдө болду. -Мен Жамалдын минтип калганын билбей, аны күнөөлөп, кыз аттунун баарынан тең эле жийиркенип жүрбөйүнбү, көрсө... Жигит сөзүн бүтпөй буулукту. -Чындап эле ошондо Жамалдын жүрөгү сезген окшойт эле. Ошол күнү башкача болуп калды эле, шашып эле туруп албадыбы, эмнегедир коштошуп жаткансып, керээзин айтты эле. Адамдын демейде кылбаган, ошол күнкү бир башкача жоруктарын айтып калышат го, же чындап эле табияттан кабар келип,

ошону ал адам өзү сезбесе дагы жүрүш-турушу менен билдирип калабы, билбейм,-деди. Сыргак башын көтөрүп, кийин ал Кайратка кайрылды.- Байке кофеден ичкенче олтурсаңыз.

-Рахмат, баары жакшы.

Сыргактын аябай өкүнүп, ичи ачышып жатканын туйду Кайрат.

Сыргак кайрадан оюн эки жыл мурда болуп өткөн окуяга бурду. - Жамал Кыргызстанга жетээри менен телефон чалып: "сен шашпай эле кой, апамдардын даярдыгы жок экен, жаңы жылга жакын келет окшойсуң, жаңы жылды Бишкекте тосуп, кийин той өткөрүп, кетебиз",- деди. Ошентип жаңы жылдан кийин той өткөрө турган болдук. Күндө кечинде түн бир убакка чейин телефондо сүйлөшөбүз. "Жамал, болду эми, силерде саат 2-3 болуп кетти го, эс ал" десем болбойт. Ушинтип күн өткөн сайын сагынчыбыз күчөй берди. Билесизби Кайрат байке, чындап экөөбүз бири- бирибизди ушундай жакшы көрчү элек. Бир күнү Жамал менен адатыбызча кечинде сүйлөшүп олтурсак ал, "эртең Бактыгүлдүн туулган күнү экен, үйүнө чакырды эле, Сыргак жок, бара албайм го деп койдум", - дейт. Ой, эмнеге антмек элең, барып кое бер, акча тыйының жок болсо жөнөтөйүн. Бир жакшы белек алып кирип кой,-десем, "жок, акчам деле бар, кантип жалгыз барат элем, сен келгенде эле кирип куттуктап коербуз"- деди. Жок, барып кое берчи, мен бир айдан кийин барсам, бир ай мурдагы туулган күнүң менен деп барат белек,-деп тамашалап күлүп койдум. “Ойлонуп көрөм”,- го деп калган.

Эртеси кечинде ага телефон чалсам: "Бактыгүлдүн

үйүндөмүн, жардам беришип атам, чакырган меймандары бар экен" , - дегенинен, мейли, жакшы болуптур, жардам бер,- деп аларга жолтоо болбойун деп Бактыгүлдү куттуктап, көңүлдүү кеч каалап, телефонду өчүрүп койгом.

Сыргак стакандагы кофесин алып бир ууртады да, кайра столго коюп сөзүн улады: -Ошол, ошол болду, эртеси эле Жамалдын телефону өчүп калды. Түнү менен чалып чыктым, билдирүүлөрдү биринин аркасынан бирин жаздым, дареги жок. Эртеси кечинде Жамал мага, "мен апамдар менен тоодогу туугандардыкына кеттим, ал жакта телефон тартпайт, он чакты күндөн кийин кайтып келсек, өзүм чыгам" ,- деп билдирүү жазып коюптур. Бул эмнеси, ушу дагы болдубу, ушуну телефондо эле айтса болбойт бекен, кызык, Жамалга эмне болду деп таңданып калдым. Күндө беш маал ага телефон чалам, анын телефону ар дайым өчүрүлгөн болуп жатты. Эмне кылаарымды билбей калдым. Кычашып, ишимдин күчөп кеткенин айтпа. Таштап кетейин десем кайтып келгенден кийин дагы тиричилик керек. Ошентип жүргөн күндөрдүн биринде кудай жалгап Жамал телефонун алып калса, жүрөгүм жарылып кетейин деди. Жамал мурдагысындай болгонго аракет жасаганы менен анын сүйлөгөнүнөн эле байкадым, баягы Жамал жок. "Ой жаным, эмне болду" десем, "эмне болуптур, мурдагыдай элемин, сага ошондой туюлуп жатса керек ",- деди күлүп, анын күлкүсү жасалмадай сезилди. «Жок, үйдөгүлөр тынчпы, бир нерсени жашырып жатасың десем, "жок мурдагыдай элемин",- деп эч нерсе айтпай койду. Ошондон кийин Жамалдын мага арнаган жа-

лындуу сөздөрү деле азайып, суз эле сүйлөшүп калды. Ал тургай, "телефонум үйдө калыптыр, бул жакка бардык эле, тигил жакта жүрдүк",-деп телефонун деле көп учурда албай койчу болду. Ага барайын десем менин фирмама салыктан текшерүү келип, эки жылдык ишимди текшерип бошотушпады. Акыры эки айдан кийин текшерүүлөр түгөнүп, дагы башка иштеримди ирээтке келтирип алгандан кийин Бишкекке учуп кеттим.

-Байке олтура туруңузчу, мен азыр,-деп бөлмөдөн чыгып кеткен Сыргак эки кичинекей стакан менен бир коньякты көтөрүп кирди. - Байке кечирип коюңуз, бир аздан коньяктан алалычы.

Сыргак менен Жамалдын кызыл аянтта колтукташып түшкөн жакшынакай сүрөтүн колуна алып тигилип карап олтуруп ой басып кеткен Кайрат көз карашын сүрөттөн алып, Сыргакты карап жылмайып, башын болоор-болбос ийкеп, мейли дегендей кылып, тамаша-чынга салды.- Ия Сыргак, мындан аркы окуяны айтып беришке чечкиндүүлүк керек го дейм,- деди күлө.

“Ооба” дегендей кара күчкө уурутунан жылмайган Сыргак алып киргендерин столдун үстүно коюп, коньякты ачып, эки стаканга куюп, бирин алып Кайратка сунду.

Сыргак стаканга куюлган коньякты калтырбай алып жибергенден кийин жеңилдей түшкөнсүп, оор үшкүрүп, "анан эмне болду?"- дегендей андан жооп күткөн таризде олтурган Кайратка жалт карап алды. -Анан эмне болсун байке, кечинде учуп барып, бир аз эс алып, Жамалды издеп чыктым. Москвадан баратканымды дагы ага айтпагам, сюрприз кылайын деп атпайынбы.

Кечке жуук мени тосуп чыккан досумдун машинасын алып, Жамал менен жеке жолугушуп, чер жазышып, сагынычымды таркатып келейин деп жалгыз жөнөдүм. Көчөдөн-көчө кыдырып, Жамал жашап жатам деген дарекке кетип жатып, анын дарегине жетээрге жакын калгандагы бир светофорго токтосом, жашыл чыракта элдерге аралашып Жамал өтүп баратат. Көргөн көзүмө ишенбей сүйүнүп кетип, машинамдын сигналын басып ала жаздадым. Карап турсам ал жашыл чыракта өткөн эле көчө менен түз басып кетти. Мен машина менен жолдун түз кетүүчү тилкесинде турган экенмин, кантип оң тарапка бурулаарымды билбей калдым. Оң жакка буруучу чырагымды жандырып оордунан жай козголуп туруп калсам аркадагы машиналар сигнал бере башташты. Эмне кылаарымды билбей аргасыздан түз өтүп кеттим. Бир азга түз баргандан кийин кайтып бурулуп келип, Жамал кеткен көчөгө түшүп, акырын жолдун четин карап кетип жатсам мен жетейин дегенде Жамал оң тараптагы жол боюнда турган бийик үйгө бурулду. Машинаны ыңгайлуу жерге токтотуп, машинадан түшүп ошол тарапка жөнөсөм Жамал бир эшиктен ичкериге кирип кетти. Чуркап барып жетпей токтоп калдым. Ал кирип кеткен эшиктин капталында илинген табличкага көңүлүм бурула түштү. Карасам, "Гинекология бөлүмү"-деген жазуу бар экен. Жамалга эмне болду экен, мени менен сүйлөшпөй жатканы катуу оору менен ооруп калганбы, мен келесоо ошону деле түшүнбөй жаткамын го. Женский жактан ооруган болсо, "мен ооруп атсам кабар албайсың деп жаткан го". Аялдарда жанагы атың өчкүр онкологиялык оорулар көп кезигет дечү эле, же

ошондой оору менен ооруп калып Жамал атайлап менден көңүлү калсын деп ушундай мамиле кылып жатты бекен эле, - деген ар кандай саналуу ойго келип, туруп калдым. Эмнеси болсо дагы күтө турайынчы, - деп, кайра арткаа басып, машинага келип олтурдум. Бир убакта Жамал ал жактан чыгып, жүз аарчысы менен көзүнүн жашын сүртүп, теңселип жай басып келе жатты. Унаадан түшөйүн, деп барып эмнегедир түшө албай олтуруп калдым. Жамал мени деле байкабай жанымдан өтүп кетти. Болду-болбоду Жамал женский жактан катуу ооруп калган, болбосо эмнеге ыйлайт. Онкология болсо онкология ооруканасына барса керек эле, же эми жаңы эле билдиби? Кызык, эмнеси болсо дагы кирип сураштырып көрөйүнчү деп, Жамал узай берээри менен ал жакка жөнөдүм. Каттоо бөлүмүнөн сураштырып жатып, Жамал кирген дарыгерге кирдим. Кирсем дарыгер мени карап таңданып: «бул жер гинекология, урология менен алмаштырып албадыңызбы»,- деп күлдү. Жок дедим, жок эжеке азыр кирип кеткен Жамалдын дартын сурайын дедим эле,-деп сылык сүйлөп, жообун күттүм.

- А, анын дарты деле жок, баары жакшы. Силерге эркелеп жаткан окшойт, кусуп атты беле?

Эмне дээримди билбей туруп калыптырмын. Кийин ал,- ой сизди сурабай эле, Жамалдын кимиси болосуз?- деди. Эмне дээримди билбей туруп калсам,- ии күйөсүсүзбү?- деди эле, эч нерсе дей албай башымды ийкедим. Анда ал: «ой бая эле ошондой дебейсиз беле, куттуктайм балалуу болот экенсиздер», - дебеспи. Кулагымдын түбүнөн бомба жарылгандай болду. Теңсе-

лип туруп калдым. Ой эмне болду чоң жигит, жап-жаш туруп эле, баласак окшойсуң ээ, - деп күлдү.

-Жок, жок эжеке эч нерсе эмес,- деп акырын чыгып кеттим. Машинага эптеп жетип, караңгыга чейин эч жакка кете албай, ой түбүнө жете албай, ичим уй-гу-туйгу болуп, мындан ары эмне кылаарымды билбей ыйламсырап олтурдум. Генекологияга ооруган эле аялдар кирет экен деп жүрүптүрмүн да, анын ошондой себептер менен киришин такыр күтпөптүрмүн, же мен Жамалдан андай нерсени күтпөгөнгөбү, айтор эки, үч күнгө чейин өзүмө келе албадым. Ошентип бир жума Бишкекте досторум менен мас болуп жүрүп кайра бул жакка келе бергем,-деп Сыргак, ошондо жолуксам болмок экен дегендей кейиди. - Ошондон бери эки жыл өттү.

Сыргак столдогу коньяктын бөтөлкөсүн алып кайрадан стакандарга куя баштаганда анын ар бир сөзүнө маани берип, ичинен талкуулап , ойлуу, олтурган Кайрат башын көтөрдү.

-Ошол боюнча Бишкекке барбадыңбы?

-Ооба, келип эле телефон номеримди дагы алмаштырып алгам.

Экөө тең үн- сөзсүз стаканга куюлган коньяктарды өздөрү эле колдоруна алышып, унчугушпастан, бирин-бири кыймыл-аракетинен түшүнүшүп, стакандарын жеңил кагыштырып алып жиберишти.

Бир аздан кийин бир аз кызый түшкөн Сыргак жашып кетти. - Билесиңби байке, Жамалды ушунчалык жакшы көргөн экенмин эки жылдан бери такыр унута албай койдум. Быйыл барып, сөзсүз таап, ошондо эмне болго-

нун билип келейин деп жаттым эле. Эгер үй-бүлөөсү болбосо, ошондо жаңылыштык кетирген болсо, аны кечирип, бул жакка кайра алып келгенге деле даяр элем. Сыргак Жамалды менден тартып кеткен адамдан ажыратып болсо дагы быйыл алып келмекмин деген оюн жашырып койду.

Башын билинер-билинбес ийкеп олтуруп калган Кайрат суроолуу тигилди.

-Ооба, ошондо эле жолугуп, анын башынан эмне өткөнүн сурап койсоң болмок экен, балким мындай иш болбой калат беле.-деп Кайрат кайра эле Жамал андай окуяга туш болгонуна эмне, ким себеп болгонун дааналап аныктагысы келип жатты. - Сыке, Жамал каяктан антип калганын ойлоп көрдүңбү, балким бирөөлөрдөн уккандырсың?

-Жок, байке эч кимден эч нерсе укпадым. Ойлоп-ойлоп ой түбүнө жетпедим. -Сыргак кайра эле ойлуу тунжурап: -менин оюмча, тоодогу туугандарыныкына барып келгенден кийин эле өзгөрүп калды. Жамал бул жактан эрте кетип калды, балким апасы алдап чакырып алып, ошол тоодогу тууганынын тааныштарынын балдарына алып берели деп аракет кылыштыбы, билбейм. Мен ошол тоодогу туугандарынан эле көрүп калдым,-деди.

Кайрат Сыргактын ушул сөздөрүн кубаттагансып, башын ийкеп олтуруп эле чочугансып дароо Сыргакка кайрылды: -Бактыгүл деген ким эле ?

-Бактылгүлбү? Ал Жамалдын башталгыч мектептеги классташы, ачык-айрым жакшы кыз. Өткөн жылы Жамал экөөбүз Бишкекке, Ыссык- Көлгө чейин чогуу барып, Бактыгүлдүкүндө конок болуп келгенбиз.

-Анын үй-бүлөөсү барбы? Турмушка чыкканбы?

-Чыкса керек эле, ажырашып кеткен дегендей кылган.

-Анын дарегин билесиңби? Телефонун?

-Телефонун билбейм, алмаштырып алыптыр. Жамалды ойлой берип чыдабай калганда Жамалга айтпа деп ал жөнүндө сурайын деп Бактыгүлгө чалсам телефон номери "тейленбейт",-дейт. Анын телефонун таба албай эле койдум. Бир чети Жамалга айтып койбосун деп намыстандым. Жакшылап издесем табат белем. Сыргак кейигенсип Кайратты карап койду. - Ал эми анын дарегин толук билем.

*  *  *

Тизеден бир аз ылдый кара пальто, анын ылдый жагынан балбалактаган кара шым кийген Бактыгүл эми коштошуп, көчөнүн экинчи тарабына бурулган Кайратты кылчайып, дагы бир жолу карап алды да, пальтосунун чөнтөгүнөн кол телефонун алып чыкты. Анан басып баратып андан бир номерди издеп, ага коңгуроо кетирип, кулагына телефонду кармады. -Алоо! Алоо! Кадыралы? Эй кандайсың?... Рысбек каякта?... Билесиңби, мен ким менен сүйлөштүм?... Сага бир жаман кабар айтайын. Кайрат деген адвокат тааныш эмеспи? Ошол адвокат «сенде ишим бар эле бир жерден жолугалычы» деп телефон чалыптыр... Эмне жөнүндө сүйлөшөрүн айтпай эле, жолукканда айтып берем деп койгон. Түшүнүп, түшүнбөй азыр ага барып жолуктум... Билесиңби ал ким экенин?... Каяктагы мени сүйүп калган, ал силерди сүйүп калган неме экен... Эмнеге обу жок сөз... Анын эмне жөнүндө сураганын уксаң. Ме-

нин ошондогу туулган күнүм жөнүндө сурады... Эмне дейт элем, болгонун болгондой кылып айттым. Силерди болгон эмес десем, эртең эле менин дагы башка досторума жолугуп билип калса, ошондо даана ишеничтен кетпейинби... -Эмне, сенин жоруктарыңдыбы?... -Жок конечно. Бирок силерди ошол кечеге келген дедим... Эй эмнеге коркосуң, барып эл катары олтуруп кеткем деп кое бер да... Анда, болбосо, ошондо катуу мас болуп калыптырмын, эч нерсе билбей, уктап калгам деп койбойсуңбу... Ой кызыксын, кантип айтпай коет элем, ал адвокат Москвага Жамалдын жигитине чейин барып келип атса. Баарын билет экен. Жамал өлгөнгө чейин жигитине айтса керек да. Бирок жигити билсе адвокат ошолор туурасында дагы сураса керек эле... Жамал өзү эле ичип олтуруп мас болуп калган, ошол түнү меникинде түнөгөн дедим... Ооба силерди деле мас болуп калышып, кете албай калышкан дедим... Эй, эмне эле мынча коркосун, же эмне Жамалды сен өлтүрдүн беле?... Анда эмне? Өлтүргөн бала мойнуна алып кеттиго... Аны мас кылып жатып алганыңдыбы? Иши кылып аркаңардан түшүп калыптыр, өзү дагы өтө грамотный адвокатка окшойт. Андан көрө досуң менен сүйлөшүп ал, сөзүңөр бир болсун... Силердин телефонуңарды билбейм деп айтпай койдум, бирок ал силерди да таап сураштырчуудай түрү бар го... Зынкыйган жакшынакай эле жигит экен... Ооба сүйүп калдым, эмне болуптур?... Каяктагы адвокат экенин каяктан билейин... Офисиби? Офисин Совет көчөсү менен Москва көчөсүнүн кесилишинде деп, визиткасын берди. Жакын арада келип түшүнүк кат жазып берип кетчи дейт.

Өзүм айтам деди. Ооба, сага мен болгон сөздү айттым... Силерге аябай кызыгып калды... Мурда соттолгонундубу? Билбейм, бир жолу камалгандай болгон, так билбейт экенмин деп койдум... Анан эмне кылышым керек эле, сенин оюңча, ия! Кадыралы, сен мени коркутпа, ошондогу акмакчылыгың дагы жетет. Жамалдын боздогон үнү ушул күнгө чейин кулагыма угулат. Ал окуяны ушул күнгө чейин унута албайм. Ошондон көрө ошол түнү Жамалды өзүң эле өлтүрүп койсоң болмок. Эмнеси бар экен, айтса айтып коем... Айтам эле!

Бактыгул, сөзүн бирөөлөр угуп калган жокпу дегендей кылып айландыра эки жакты карап, телефонду кулагына такаган боюнча ордунда турган жеринен алдыга басты. Кийин телефон кармаган колун акырын кулагынан түшүрүп, көчөдөгү кыйма-чийме өтүп жаткан элдердин арасына кошулуп, жер карап ойлуу жөнөдү. Кетип жатып Бактыгүлдүн эсине, ошол Жамал катышкан туулган күнүндөгү кече түштү.

"Сени эң жакын курбум катары келбедим беле! Айланып кетейин Бактыгүл! Эми эмне кылам, багыма өзүм балта чаптым! Сени башкача баалап жүргөн турбайынбы, көрсө сенин ушундай досторуң бар экен да. Ушундайларды кантип дос күтүп жүрөсүн! Бактыгүл! Бактыгүл!" - деп Жамал буркурап ыйлап олтурду. Көзүнөн аккан жашы салаа-салаа болуп куюлду. Бети-башы кызарып, чачтары бириңдеп уйпаланган. Маңдайында олтурган Бактыгүл күнөөкөр болгондой башын жерге салып, ойлуу. Бир убакта Бактыгүл күнөөнү өзүнө ыйгарам деп аракеттенди. -Досум, өзүң да, абайлап ичпейт белең, кола деп берсе эле иче бересиңби?

Буркурап ыйлап олтурган Жамал көзүнөн жашын мончоктотту.- Кола эле ичип олтургам, каяктан билейин алардын арам оюн,- деп, дагы бир азга ыйлап олтургандан кийин Жамал ыйын дароо токтотуп, Бактыгүлгө кайрылды. - Болду Бактыгүл, эми жашабайм, болду! Болду! Мага мындан аркы жашоо керек эмес!- деди ал кыйкырып, ордунан обдула. Анын сөзүнөн коркуп кеткен Бактыгүл ордунан тура калып, Жамалды тургузбай кармап калды.

- Болду, болдучу Бактыгүл, болдучу! Мени өз жайыма жөн кой! Эми жашоо кызык эмес,- деп жашы куюлуп жаткан эки бетин колдорунун алаканы менен басып турган Жамал колу менен беттерин ылдый көздөй олдоксон сыдырып аарчып, кайра башын көтөрүп, акырын, салмак менен үнүн чыгарды. -Болду эми, болду Бактыгүл! Жакшы эле жашадым, аз дагы болсо Сыргак менен жакшы күндөрдү өткөрдүм. Мен эми анын бетин кантип карайм. Бир эле жол калды. Баары бир ансыз жашай албасам, эмне кылышым керек, өлүш керек!- деп сөзүнүн аягын катуу үн менен бүтүрдү.

Жамалдын колунан кармап жанына олтуруп калган Бактыгүл жашып. -Эмне кылайын досум, аларды мен чакырган деле жок элем, желмогуздай болуп өздөрү келип алышыптыр эле. Кадыралы сенден кийинки класссташым да, кантип кет дейм, айта албадым. Өзүң абайласаң болмок. Эми эмне кылышыбыз керек, билбейм. Мен туулган күн өткөрбөй куруюн. Кадыралылар келгенге чейин эле кетип калайын дегенде макул болсом эмне. Мен күнөлүү болуп калдым, кечирип кой досум, кечир мени,-деп Бактыгүл дагы чындап шолоктоп ыйлады.

Анын чындап ыйлап жатканын көргөн Жамал, бир азга өзүнө келе түшүп: - мейли, ыйлаба, Сыргак билсе билсин, баары бир ага эми эч качан жолукпайм. Эми ошол досуңдан өчүмдү алып, каматам. Чакыр милицияны, болгон окуяны айтып берейин! Андан өчүмдү албай эле өлүп калганда эмне, же аны өлтүрүп, же каматып, кийин, өзүм өлөм!

Үнүн чыгарбай жашын куюлтуп олтуруп калган Бактыгүл, бир нерседен кооптонгонсуп, эмнени баштайм деп жатасың дегендей кылып Жамалга карады. -Мейли досум, чакырса чакыралы, ойлонуп көр. Баарына угулат. Апаңды, туугандарыңды жер каратасың, ичип алып ошентиптир деген сөз таркайт. Сыргак эмне дейт.

Жамал чыдай албай кайра ачууланды. -Баары бүттү, эми Сыргакка жолугат деп ойлойсуңбу? Ага эч качан жолукпайм! Анда классташынды өлтүрөм! Өз колум менен, анан өзүм!

-Ойлонуп иш кыл, досум, болоору болду, эми эч нерсени артка кайрый алабайбыз.

-Анан эмне кыл дейсиң, зөөкүргө кордолуп кала беришим керекпи?

- Жок, ал акмакка Кудай өзү көрсөтөт.

-Жок, мына мен көрсөтөм, көрөсүң го, көрүп тур, камалса камалып кетем.

Көчөдө, эл аралап, ойлонуп, Жамалдын ошондогу өзүн-өзү өлтүрүүгө даяр болгон абалын эстеп, зээни кейип, каякта келатканын, каякка кетип жатканын деле сезбей келаткан Бактыгүлдү анын кол телефонунун коңгуроосу өзүнө келтирди. Телефонун чөнтөгүнөн алып, кайра эле адвокаттын номерин көргөн Бактыгүл

ойлонуп токтоп калды. Эмне кылсам дегендей кылып, бир саамга телефонду тиктеп тургандан кийин ал телефонун колу менен басты.

- Да!

-Бактыгүл, кечиресиз, жолтоо болбодумбу?

-Жок, көчөдө кетип жаттым эле.

-Бир нерсени эстеп кетип чалсам улам эле телефонуң бош эмес, бирөөлөр менен көпкө сүйлөштүңүз окшойт. Экөөбүздүн ортобузда болгон сөздү досторуңа айтпай эле койчу дейин дедим эле. Иши кылып алар менен сүйлөшпөдүңүзбү?

-Жок, жок,- деп алып, Бактыгүл кийин эмне дээрин билбей калды. - Ии, ооба, өзү чалыптыр эле. ... анан, анан? ...

-Ким , Кадыралы классташыңызбы?

-Ии, ооба, бирок башка эле сөз сүйлөштүк, сиз жөнүндө эч нерсе деле айтпадым.

-Бирок, мен туурасында четин чыгарып айтыңыз окшойт?

-Ии, ии, я, ооба, бир адвокат менен сүйлөштүм деп эле койдум.

-Бактыгүл, сиздин дароо досуңузга чаларыңызды билип, соттон уруксаат алып телефонуңузга тыңшоо койдуртуп койдум эле.

Өңү дароо кубарып, эмне кыларын билбей калган Бактыгүл ордуна тык токтоп, чоң көчөдөн өткөн-кеткендердин арасында көзүн жуумуп туруп калды.

-Андан көрө кечке чейин менин офисиме келип, болгон окуяны төкпөй-чачпай жазып берсеңиз өтө жакшы болмок. Дагы бир жолу суранайын, ортобуздагы

сөздөрдү досторуңуз билбей эле турсунчу.

Бактыгүлдүн колу калчылдап, телефонун кармай албай аз жерден түшүрүп жибере жаздады. -Мейли, мейли, -деп толкунданган үнү менен кайра дагы убада берди. - Ооба айтпайм,- деди. Анан асманды карап, ыйламсырап ары-бери көпчүлүк өткөн чоң көчөдө туруп калды.

* * *

Кыштын чыкыроон суугуна бети тызылдап кеткен Кайрат чөнтөгүнө салып келаткан колун чыгарып, бетин басып, колу муздай түшкөндө ошол колуна сумкасын алып, сумка кармап келаткан колун чөнтөгүнө салып, тоңголок карды кычыратып, өзү жашаган үй тарапка тез-тез басты. Үйдүн жарыктарынын дээрлик баары өчүп калганын көрүп, ушунчалык кеч болуп калдыбы дегендей өзүнө өзү суроо берген Кайрат, жылып келаткан колуна урунган чөнтөгүндөгү телефонун алып чыгып, андан саатты карады: Охоо! ушунчага чейин олтурдумбу, бирок жакшы иштер болуп атат, буйруса, бир эки күндө ачылат. Кайрат, кеч калдым деп кейибе, тактай турган дагы көп иштериң бар. Кээде ушинтип шашмалык кылып коем да, кап, бекер кылыпмын, Бактыгүлгө телефонуңду прослушка кылдырып атам деп, аны болгон окуяны айтып береби дегеним менен берки желмогуздарды качырып жибербесем эле. Буйруса изине түштүм, эми мындан бул жагында органдар менен бирге иштешим керек. Кап, ойлонсом болмок экен,- деп, өз ара ичинен сүйлөшүп келеткан учурда алдындагы үстүн кар басып калган бадалчанын түбүнөн, чукул жерден бирөө чыга калды. Ал эки-үч аттап Кай-

ратка жете бергенде, Кайрат аркасынан дагы бирөөлөр келатканын кардын кырчылдаган добушунан сезип, тык токтоп, аны аркасынан чабаарын билип, шамдагайлык менен, бир көз ирмемде, Айкидого барып жүргөндө үйрөнгөн ыгына салып, жиберди. Маңдайлашып калган адамды колунан алып, колун көтөрүп туруп анын колтугуна башын салып, ийни менен ала салдыра ыргытты. Ошол учурда Кайратты аркасынан келип, чапкан адамдын союлу Кайраттын ийни аркалуу жерге түшүп кетип жаткан адамдын башына тийди. Кайрат шамдагайлык менен артына бурулганга чейин ал колундагы союлу менен Кайраттын бели тарабына дагы бир жолу урду. Союл тийген жериндеги оорусуна чыдабай кайкалай түшкөндө Кайрат дагы деле бутунан тайбай аны көздөй алдыга жылды. Аңгыча союл менен башына жеп, жерге кулап түшкөн экинчиси тура калып, теңселип четке чыкты. Чоң союл менен эби келип, аны эч нерсе кыла албасына көзү жеткен эргул, колундагы союлду дагы бир жолу Кайрат тарапка ыргытып уруп, кийин бычагын алып чыгып, эки аягын эки жакка кере коюп, бычакты Кайратка кезеди. Ал учурда өзүнө келе түшкөн Кайрат улам ага жакындап, бир аз талтайган абалында эңкейип алдыга жылып, аны аркага чегиндирип улам жакындап, караңгыда кичине жылт этип кетип жаткан бычактан коргоно баштады. Бир убакта кетенчиктеп барып үйүлгөн карга такала калган бычакчанга Кайрат жетип барып, ага бычакты шилтеген учурда билегин тосуп, колунан кармап, кайрып бычагын түшүрдү. Кайрат анын колун чыгарбай, өзүнө тартып, эңкейе түшкөндө ээгине бекем байлап алган тумагынан кармап, бетин тизе-

сине урду. Башы Кайраттын тизесине тийип шалдырай түшкөндө, биротоло аны туралгыс кылып коеюн деп дагы эки колу менен башынан кармап, тизесине урмакчы болуп жатканда Кайраттын аркасынан башына союл тийди. Анын көзүнөн от чагылышып, башы айланып, эми өзүнө келе баштаган алдындагынын пальтосунан бекем кармаган боюнча жыгылды. Аңгыча топурап чуркап келаткандардын добушун угуп калган Кайраттын алдындагы кылмышкер жанталашып,тепкилеп жатып, карышып калган Кайраттын колунан пальтосун бошотуп качты. Ошол мезгилде топурап чуркап келген балдар бадалдын далдоосунда жаткан Кайраттын чекесинен кан куюлуп жатканын көрүшүп, аны кимдер уруп кеткенине деле маани беришпей жардам берүүгө аракет жасашты.

Чекеси таңылган Кайрат акырын басып, кайгуул бөлүмүндөгү милиция кызматкерлери олтурган жерге киргенде бөлмөнүн бир четинде олтурган Бактыгүл ордунан тура калды. Аны дароо тааныган Кайрат ага башын ийкеп, ал жердеги милиция кызматкерлери менен учурашты.

Алдында көп телефондор, дагы башка байланыш түзүүчү аппараттар турган чоң столдун аркасында олтурган кайгуул кызматынын кызматкери Кайратка суроолуу карады. - Жанагы таяк жеген адвокатсызбы?

- Ооба. -Кайрат башын ийкеди.

-Олтуруңуз, катуу чаап коюшкан окшойт. Таңылган жерден дагы кан чыгып кетиптир го,- деди Кайраттын таңылган башын жаңсап көрсөтө. - Сиздин берген телефонуңузду бизге жөнөтүшкөн, ошол телефондун ээси

тиги кызды алып келип койдук. Сиз айткан кыз ошобу?

Кайрат Бактыгүл жакты дагы бир жолу карап, башын ийкеди.- Ии, ушу кыз. Мага кол салгандардын телефонун ушул кыз билсе керек эле.

- Ооба, бир эки телефон берди, ыкчам топ ошол дарекке жана эле кетишкен.

Башын ийкеген Кайрат акырын басып Бактыгүл жакка жакындады. - Менин, мага кол сала турган душмандарым жок эле, сенин досторуңдун иштери болуп калды окшойт го?

Кайрат жакты бир карап алып, башын жерге салып олтуруп калган Бактыгүл ийнин билинер-билинбес куушуруп, башын чайкады.

-Бактыгүл чынын айтчы, менин дарегимди сен айттың беле?

-Сиздин каякта жашаарыңызды мен билбейм.

-Жок, иштеген жеримди билет элең да. Визиткамды бербедим беле?

-Ооба, визиткаңызда жашаган дарегиңиз жок го.

-Менин иштеген жеримди берсең, калганын оңой эле таап алышса керек,- деп бир азга унчукпай калган Кайрат андан ары сөзүн улады. -Ооба, өткөндө, сага жолуккандан кийин менин офисимдин жанында бир нерседен шектүүдөй болгон эки бала туруптур эле, түштөнүүгө чыгып кетип жатып, аларга карап, мени күтүп турбадыңар беле, -десем, жок, жок деп эле, тайсалдап басып кетишкен. Ошол балдардан бир нерсени шектенгенсип калдым эле. Эгерде мага кол салган балдар ошолор болсо тааныйм.

-Билбейм агай, мен сиздин дарегиңизди эч кимге

деле бербегем.

-Ошол досторуңа дагыбы?

Тайсалдай түшкөн Бактыгүл.- Жок, ... алар сурай беришкенде, ал адвокаттын офиси Совет көчөсү менен Москва көчөсүнүн кесилишинде экен деп айтсам керек эле, бирок аларга ак ниетимден эле, балким өздөрү сизге жолугушуп, ошол сиз сураган туулган күндөгү кече жөнүндө айтып беришеби дегем.

-Кандай болгондо деле эч кимге эч нерсе дебей турушуң керек эле, сенден сурандым эле го?

-Ооба, сурангансыз, бирок мен сиздин даректи алар сиз суранганга чейин айтып койгом. Бирок агай, сизге кол салгандар алар эмес, алар кечээ кечинде Россияга кетишмек. Россияга кетип атам, автобуска билет алып койдум,-деп классташым телефон чалды эле.

-Мейли көрөбүз го. Демек кечээ Россияга кетишмек, качышпады бекен?

-Эмнеден качмак эле?

Ойлуу олтуруп калган Кайрат, дагы бир жолу Бактыгүлдү шектүү карап, ичинен: "кап, шашып кеткен окшойм, чындап качырдымбы ия. Анда мага кол салгандар кимдер? Жок, жок кечээ кечинде кетебиз деген болсо азыр алар шаарда. Мага кол салгандар ушулар эле. Кандай автобус болгондо деле түнү саат 23төн кийин жолго чыкпайт да. Эгер бүгүн кармалбаса демек, булар эртеңки Россияга кете турган автобуска чыгышка аракеттенишет. Мен бул туурасында милициялага билдиришим керек экен. Түнү менен Казакстандын чек арасы аркалуу өтүп кетишсечи? Бирок тергөөчүгө алардын качып кетиши мүмкүн экенин, алар өтө оор

кылмыштын бети ачылып калбасын деп ушундай кадамдарга барышканын айттым го. Булар мындай кылмыштардын канчасын көрүшкөн. Чек араларга билдирүү беришкендир. Качып кетишсе менин баардык иштерим текке кетет эми",- деп Кайрат ичинен уйгу-туйгу ойго батып, өзүнүн өмүрү кыйылып калаарына бир кадам калганына кайыл болуп, эң негизгиси шумпайлар кармалып калсынчы" - деп, көзүн бирде жумуп, бирде ачып, бир чети сойул тийген белинин, башынын сыздап ооруганына кыйналып олтурду. Анын катарында эми эмне болот дегендей кылып, бирок эч кимге сыр бербегенге аракет кылган Бактыгүл.

Опур-топур болгон милиция кызматкерлери ал жерден чыгып кетишкенден кийин тынчтык өкүм сүргөн бөлмөдө, анда-санда телефондун коңуроолоруна жооп берген кезмет бөлүмүнүн кезметчиси шаардын дагы башка жерлеринде болуп жаткан кылмыштар жөнүндө билдирүүлөрдү тыңшап, аны журналга каттап жатты.

Бир убакта алар олтурган бөлмөнүн оозгу коридорунан катуу үндөр чыгып, топураган добуштар угулуп, эшик катуу ачылып, бөлмөгө, эки жагынан эки милиция кызматкери кармаган, эки колун бириктирип кишен салынган Кадыралыны алып кириშти. Ордунан жай туруп ал тарапты карап туруп калган Кайрат Кадыралыны бир саамга карап туруп, башын билинер-билинбес ийкеп, кийин башын Бактыгүл тарапка буруп, ооба, ошол бала дегендей кылып башын ийкеп койду.

Тергөөчүнүн иш бөлмөсү. Тергөөчүнүн алды жагында, эки колуна кишен салынган Кадыралы. Ал жалмаңдап тергөөчүгө моюн бербейт. -Господин тергөөчү,

жөн эле убара болуп жатасыңар, мен бүгүн көзүмдүн көгөргөнүнөн уялып үйдөн чыккан жокмун. Көзүм болсо, кечээ, карда тайгаланып жыгылып, мамычаны сүзүп алгам. Жок, бул адамды өмүрүмдө көргөн эмесмин.

-Адвокаттын офисине дагы барган эмессиңер?-деп тергөөчү Кадыралыга кытмыр карады. -Көргөн дагы эмессиң ээ?

-Жок, офисин билбейм.

-Эртең видеодон, адвокаттын офисинин жанында жүргөнүңөр көрүнүп калсачы?

Эмне дээрин билбей калган Кадыралы дудаланды. -Жок, мен каякка барыптырмын?

-Адвокатты аңдып жүрүп видеого түшүп калган болсоңчу?

-Түшсө түшүп калгандырбыз.

-Барган эмесмин деп жатпайсыңбы. Азыр эле офисин билбейм дедиң го.

-Билбейм,- деп ал эмне дээрин билбей буйдалып, көзүн тергөөчүдөн ала качып, жалтактады.

Аңгыча эшикти каккылап, ичкериге кирген милиция кызматкери какайып тура калды. - Жолдош майор, калыстарды таап келдим.

Кадыралыны тиктеп туруп калган тергөөчү башын буруп эшиктен кирген милиция кызматкерин карады.-Калыстар, калыстар, мейли, киргиз.

Кабинеттин оң тарабындагы терезенин түбүндөгү орундуктарга олтуруп калышкан калыстарга караган тергөөчү аларга, "кандайсыңар"- дегендей кылып башын ийкеди. -Укуктарыңарды түшүндүңүздөр да ээ,-деп, алар баштарын ийкешкенден кийин колун Кадыралы тарапка су-

нуп, анда баштадык дегендей кылды. - Кана Кадыралы туруңузчу.

Тикесинен турган эки милициянын ортосунда эки колуна бириктирилип кишен салынган абалында оорундукта олтурган Кадыралы акырын ордунан турду.

-Жолдош калыстар, шектүүнүн сырткы кийимине көз жүгүртсөнүздөр, эмне өзгөчөлүктөрдү байкадыңыздар?

Кадыралынын баш-аягына чейин көз чаптырып калышкан калыстар бир сыйра көз жүгүртүшкөндөн кийин унчукпай туруп калышты.

Тергөөчү өзү дагы шектүүнү карап турган башын калыстарга бурду.- Бир нерсени байкадыңыздарбы?

Калыстардын ичинен бирөө башын ийкеди. -Ооба, бир топчусу жок.

-Ооба жакшы байкапсыздар, демек пальтосунун бир топчусу жок?

Эки калыс тең башын ийкешти.

-Анда айтсаңыз шектүү, пальтоңуздун топчусу каякта, качан түшүп калган эле?

Башын ийип тулку боюн караган Кадыралы эки колу бириктирилген абалда ичин ылдыйдан жогору сүртүп келип төшүнүн тушунда токтотуп, түшүп калган топчусунун ордун сыйпалады. -Ооба, жок! Түшүп калган!

-Качан, кайсыл жерде түшүп калды эле, ал топчуңуз каякта?

Ойлонгонсуп туруп калган Кадыралы бир азга туруп, кийин эстей койгонсуду. -Үйдө эле түшүп калган, экиүч күн болуп калды окшойт.

-Топчу каякта, азыр барсак көрсөтүп бере аласыңбы?

Дагы бир азга туруп калган Кадыралы, эмне деп айтарын билбей калды. -Үйдө эле болуш керек.

-Анда мындай, жолдош калыстар карап тургула,-деп ордунан турган тергөөчү жанындагы сейфтен бир ак кагаз пакетти алып чыгып, эки калыс адамга көрсөттү. -Көрүп койсоңуздар, печатталган, ачык жери жок. Эки калыс тең баштарын ийкешти.

-Анда эми муну айрып ачабыз,-деп тергөөчү пакеттин бир тараптагы бурчун айрып ачып, пакетти айрылган жагы менен ылдый кылып андан бир топчуну алаканына түшүрдү.- Бул топчуну караңыздар, шектүүнүн пальтосунун топчуларына окшошпу?- деп тергөөчү ал топчуну калыстардын бирине сунду. -Жакын барып башка топчуларына салыштырып көрсөңүздөр.

Топчуну колуна алган калыс шектүүгө жакын барып, топчуну үзүлгөн жерине такап койду. Кийин ал, - ооба, дал өзү, үзүлгөн жибинин дагы жарымы топчуда, жарымы пальтодо экен, -деди.

Тергөөчү калыска карап башын ийкеди. Рахмат, олтура турсаңыз,- деп колун калыска сунуп топчуну алды. -Анда шектүүгө мындай суроо: бул топчу эки адам адвокатка кол салган жерден табылып, эки калыс адамдын катышуусунда алынган. Адвокаттын айтуусунда ал башына союл менен жегенде жыгылып, баратып кылмышкердин пальтосуна асылып калган. Анда кантип үйдө түшүп калган топчуң ошол жерде болуп калды?

Башын жерге салып, эмне дээрин билбей туруп калган Кадыралы, дагы деле моюн бербеди.- Билбейм, менин топчума окшош топчулар көп да.

-Анда мейли, үзүлгөн жиптери боюнча муну эксперт-

тер аныктасын. Пальтоңузду дагы чечип берсеңиз, тийиштүү түрдө ушул эле калыстар менен алуу протоколун түзүп коелук, кандын тактары жүрөт го,- деп, акырындап суроолорго так жооп бере албай калып бараткан Кадыралыга тергөөчү үстөмдүк кылды. - Анда дагы бир суроо, биз түнү менен барып адвокаттын байкоо камерасындагы жазууну көчүрүп келдик. Анда сен, дагы бир бала менен эки күнү тең ошол офисти айланып жүрөсүңөр, аны кандай түшүнсөк болот? Жашырбай айта бер. Окуя болгон жерден кандардың тактары алынды. Алар дагы силердики болуп калышы мүмкүн.

Өзүнөн кетип, колдорун акырын калтырак баскан Кадыралы сүйлөй албай туруп калды. Бир кыйлага чейин эмне дээрин билбей туруп, кийин кабагын бүркөп, көзүн жумду. -Жолдош тергөөчү, бир нерсе сурансам болобу?

-Болот, сурана бер.

-Анда суроoңузга кийин жооп берейинчи, башым айланып жаман болуп кеттим. Чыдап олтурдум эле, көңүлүм айланып, болбой баратам, бир жерге бир азга жатсам болобу?

-Эмнеге көңүлүң айланат? Бирөөдөн башыңа катуу жедиңби? Мээси чайкалып калган адамдын көңүлү айланышы мүмкүн! -Ооба, билип калган турбайсызбы.

-Кимден, эмнени билип, ... адвокатка кол салган силерсиңерби, анда?

-Ооба, жөн эле өтүп баратсак өзү тийишти, мас экен.

Тергөөчү күлүп жиберди. -Мас? Силерби же албы?- деп көңүлү жайлангансып, оордунан турду. - Бая эле ошентпейт белең! Кимдин мас, кимдин соо болгонун эми

текшеребиз да,-деп, көңүлү көтөрүлө түшкөн тергөөчү жылмайып шектүүнү карады.

*   *   *

Сот залы. Алдыңкы катарда Айдардын ата-энеси, катарында Нургул. Алардын аркасында Айдардын туган -уруктары, достору. Экинчи катар оорундуктардын алды жагында Жамалдын апасы, ага-инилери, аркасында анын жакын туугандары. Дагы башка, зал толо көпчүлүк.

Залдын тор тосулган чоң айнегинен сыртта лапылдап жаап жаткан кар көрүнөт.

Алардын үндөрүн акырын чыгарышып, өз ара бири-менен бири кобурашып олтурган абалдарын , « ордуңуздардан туруңуздар, сот келатат! " - деген үн бузуп, элди бир заматта тынчтандырды. Өз орундугунун жанына жетип, жапырт турган элди айландыра бир караган судья башын ийкеди.- Саламатсыздарбы, олтуруңуздар!

Судья орундукка олтурары менен иштин бетин ачып, ага үңүлдү.- Сот отурумун ачык деп жарыялайм, бүгүнкү соттук отурумда Кыргыз Республикасынын Кылмыш- Жаза кодексинин 129- ст. 1- бөлүгү жана 97-статьясынын 2- бөлүгүнүн 1, 3, 6, 10, 13- пункттары менен соттолуп, жазасын өтөп жаткан Баястанов Айдардын жазык иши жаңы ачылган жагдайлардын негизинде кайрадан каралат деп жарыялап, башын көтөрүп Айдарга кайрылды: - Кана, Баястанов Айдар туруңузчу.

-Аты жөнүңүз?

-Баястанов Айдар Капарович. ...

-Канчадан бери камактасыз?

-Эки жыл, эки ай, - деп, ал бир азга ойлонуп туруп калгандан кийин кайра калган күнүн кошту.- Он жети күндөн бери.

... Жаңы ачылган жагдай боюнча мамлекеттик айыптоочунун жарыялаган токтомун угуп, ойго кирип кеткен судья зал ичи жымжырт боло түшкөнүн сезе коюп, дароо башын көтөрүп Айдарга кайрылды. -Мурдагы, азыркы берген көрсөтмөлөрүңүз такыр эле бири-бирине окшобойт. Сиз эми ошондогу окуяны эстеп, сотко толугу менен айтып берсеңиз,- деп, судья, эми эл үчүн такыр башка окуя айтылат, эл кандай кабыл алар экен дегендей кылып, көпкө дейре айтылчу узун окуяны кунт коюп укчуудай болуп креслонун жөлөнгүчүнө сүйөнүп олтурду.

Айдар дагы деле болсо темир тордун ичинде туруп, өзүн күнөлүүмүн деп, жасабаган эле кылмышты мойнуна алып, айыбына тергөөчү тарабынан чыгармачылык менен токулуп, угузулган окуяны угушкан адамдарга кайрадан башка окуяны айтып берип, аларды ишендире алаар бекеминби дегендей кылып, залдагы адамдарды айландыра бир карап, бир саамга ылдый карап тургандан кийин, эки жыл мурда, кыштын биринчи кар жааган түнү, тынч көчөдөгү бир чоң үйдүн көчө тарабындагы терезелерден күңүрт жарык көрүнгөн бөлмөсүндө адамдан чыккан жан алгычтардан жанын коргоп калууга жасап жаткан байкуш кыздын аракетине кайдыгер мамиле жасай албай, жан дили менен киришип, өзүнүн өмүрүн тобокелге салып, аны ал жан алгычтардан ара-

чалап калууга жасаган аракеттерин айтты.

Айдар, кызды жан алгычтардан бир саамга арачалап калган учурда, ал мурдунан куюлган канды чуурутуп аны көздөй чуркап келип колунда эси ооп калгандыгын айтып жатып, ал жашып, үнү өзгөрүп, бир азга токтоп да калды.

Залдагылар чымын учса угула тургандай тынчтыкта Айдарды тыңшап олтурушканы ал бир саамга токтой калганда билинди.

Бир азга токтой калганда, башын ылдый салып, болгон окуяны элестүү кылып угуп олтурган судья дароо башын көтөрүп, Айдар тарапты, " эмне болду" дегендей карап, анын жашып кеткенин көрүп, бир азга кайра башын жерге салып жымжырттыкты тыңшап туруп калды. - Айта бериңиз, андан ары, анан?

-Анан,- деп Айдар дагы бир азга өйдөгө карап тургандан кийин көрсөтмөсүн улады. - Кыйкырык аралашкан эшиктин тарс жабылган добушунан өзүмө келе түштүм. Ага чейин өзүмө жакшы келе албай, же өңүм же түшүм экенин биле албай, уйку соонун ортосунда жөөлүп жаткан экемин эле. Башымды араң көтөрүп эки жакты карасам жанымда бирөө жатат. Алды менен мен каякта жатканымды таба албай бир азга көзүмдү жуумуп эстөөгө аракеттендим. Бүткөн боюм салмактанып, башымды болоор - болбос кыймылдатсам желкем ооруп, колумду көтөрүп, акырын кыймылдатып желкеме алып келе албай койдум. Колумду түшүрүп бир азга жаткандан кийин акырын оодарылып, кийин чыканактап башымды көтөрүп, жанымда жаткан ким экен дегендей кылып карасам ич жагынан полго кан агып

уюп калган бир кыз жатыптыр. Ошондо түнү болгон окуя дароо эсиме келе түштү. Мага каяктандыр бир күч пайда болду, чымырканып ордумдан дароо турдум. Эки-жакты карасам, бөлмө быт-чыт чачылган. Ортодогу килемдин четинде бир тарабы полго түшүп, ал кыз жатат. Балким жаны бар болуп жүрбөсүн деп ага барып башынан сүйөп тартсам зыңкыйып бүт денеси менен көтөрүлүп жүрөт. Мурда эле катып калыптыр. Эмне кылышымды билбей ошол бөлмөнүн каршысындагы бөлмөгө өтүп терезеден жашырынып сыртты карасам сыртта эки-үч жерде топтолушуп адамдар турушуптур. Кайра бөлмөгө кирдим. Сыртка чыгайын деп жакшы эле эшике чейин барып, эшиктин түбүндө ойлонуп туруп кайра аркага бастым. Азыр мени кармап алышса, менин айткандарыма ишенишеби, жокпу, андан көрө ...? "Жок, дедим бир чечимге келип, эки баланы тең таанып калдым, бир көрсөм тааныйм, андан көрө бул жерден кетип калып, аларды издеп таап өзүм органга кармап беришим керек. Мага ишенбей мени камап салышса баардык иштер өлөт, эки зөөкүр сайраңдап жазасыз калат,"- дедим ичимден.

Бөлмөнү айландырып карап жатып, талкаланган терезени көрүп калдым. Акырын терезеге барып, уюлгуп жааган карга толуп калган терезенин кырындагы кардын үстүнө чыгып, акырын ары жакка түшмөкчү болуп жатып тайгаланып кеттим. Тура калам деп обдулуп, башым менен терезенин жогору жагындагы чала сынган айнекти сүзүп алдым. Айнектер калдырап, терезеден карга учуп түшкөн менин үстүмө кубулуп түштү. Катуу ооруп калган жамбашымды араң көтөрүп, белим

кайышып жатып ордумдан араң турдум. Ал жерден сырттагы адамдарга көрүнбөй чыгып кетейин десем эч эле жол жок экен, аргасыздан ошол эле жердеги сарайлардын бирине кирип кеттим. Ал жерде олтуруп, дагы калчылдап үшүп, айнек тилип кеткен башымдан кан агып, токтото албай жаттым. Кыйналып кеткенде баары бир кармалып калышымды билип, мейли, эмне болсо ошол болсун, чындыкты эле айтып берейин, камалса камалармын, - деп эми ал жерден өзүм эле чыкканы жатсам, шатырап милиция балдар кирип келишип, кармап алышты,-деп ал, баштарын жерге салып, тыңшап олтурушкан атасын, апасын, анын жанындагы Нургүлдү, кийин анын айткандарына ишенип-ишенбей олтурган өлгөн кыздын апасын карап койду. -Байкуш кыздын жалдырап, ушундай коркуп турганы эки жылдан бери эсимден кетпейт. Алар кимдер экенин, эмнеге ал кызды өлтүрүшүп, мени тирүү таштап кетишкенин билбей, ушундай кыйналган күндөрү, эл көзүнө киши өлтүргүч кылып таштап кетишпей, ошондо ал акмактар мени деле өлтүрүп кетишсе татыктуу өлмөк экен элем, деп жанымдан кечкен күндөрүм болду,- деп үнү каргылданып кеткенге токтоп калды. - Бирок алар азыр менин ишим боюнча күбө болуп өтүшөт, калганын өздөрү айтып беришсе керек, -деди Айдар.

Тирмийип, баарын угуп олтурган судья Айдардын айтып бүткөнүн сезип, ордунан оңдонуп олтурду. - Кылмышты сен кылбасаң анда эмнеге ошол күнү тергөөдөн качып кеттиң?- деп, судья дагы деле шек санагансыды.

Айдар суроодон кийинки бир азга туруп калган жымжырттыкты бузду. - Ооба качтым, качууга мажбур кы-

лышты. Акыйкаттык болооруна көзүм жетпей калды. Тергөөчү ошол эле күнү кечке чейин күнөөмдү далилдеп койду. Колумдун тагы бычактын сабынан чыкты, мен ичкен арактын бөтөлкөсү табылды, зордуктап койгон кызды өлтүрүп, кийинки кыз менен той өткөрүү планымды дагы билип коюшту. Кийимимден табылган кандын тактары ал кыздын канынын тактары болуп чыгарын билет элем. Байкуш кыз алардан кутулганда кыйкырып келип кан кийими менен мени кучактап атпайбы. Дагы эки бала бар эле десем милициянын балдары шылдыңдап күлүштү. Анан эмне кылышым керек эле. Ал балдар биздин эле жаңы конуштун балдары болсо керек, таанып калдым, эми өзүм көмөктөшүп, кинодогудай милицияга кармап берейин деп жүрбөйүнбү. Анын үстүнө бирөөлөргө жалган мага чын, мойнума албайм деп чындыкты айтсам ошол эле күнү кечке чейин ал жердегилер кандай гана ыкмаларды колдонушпады дейсин, жазып берейин, диктовка кылгыла деп калганда мүмкүнчүлүк болуп калып, экинчи кабаттан үймөктөлгөн карга секирип кеттим.

Айдардын жообуна канааттанган судья алды менен мамлекеттик айыптоочуну, кийин кырка тизилген милиция кызматкерлерин карады. -Башка суроолор жок болсо күбө Бактенов Кадыралыны алып киргиле.

Сырттан колуна кишен салынган, капкара болуп аракка күйгөн, жүдөгөн, чачтары өскөн, беттеринде жараттын тактары бар Кадыралы киргизилди. Эки жагында эки милиционер пистолеттери менен коштоп кириштi. Колдору чечилип, күбөлөр сурак берүүчү жайга тургузулду.

Аны тийиштүү жайына алып келип тургузганга чейин анын тергөөдө берген көрсөтөсүн издеп калган судья башын көтөрүп аны карады. -Фамилия, аты - жөнүңүз.

- Бектенов Кадыралы Жапакович.

-Мурда соттуулугуңуз?

-Мурда эки жолу соттолгом.

- Сизге Баястанов Айдар таанышпы?

Ал клеткада турган Айдарды карады. -Жок, жок , бир жолу эле көргөм.

-Кандай жагдайда жана качан көргөнсүз?

Кадыралы мукактанды. - Ии ошондо, ошол түнү, кийин беттештиргенде дагы көрдүм.

-Кана анда иштин жагдайы боюнча айтып бериңизчи, кийин суроолор берилет.

Унчукпай көпкө туруп калган Кадыралыны караган судья башын ийкеп, айта бер дегендей кылды.

-Кана анда, тартынбай айта бериңиз!

Кадыралы дагы бир азга туруп кийин эки жагын карап, башын жерге салды. - Бул баланын эч кандай күнөөсү жок, ал кызды кокустан биз өлтүрүп алганбыз.

Сот залындагылар дуу болуп кетти. Айдардын атасы башын көтөрүп Кадыралы тарапты бир карап, эмнеге анда мойнуңа алың дегендей кылып уулун тиктеди. Жамалдын апасы дагы акырын алсыз кыймылдап , үлүрөйгөн көзү менен Кадыралыны карап, эмне эле болуп атат дегендей кылып, ыйламсырады.

Чыйрала түшкөн судья Кадыралыга карап, үнүн бийик чыгарды. - Кокустан дегениң кандай? ...

-Ошол түнү биз экөөбүз. ...

-Экөөбүз дегениң ким?- деп судья анын түшүнүксүз

сүйлөп жатканына жинденгенсиди.

-Экөөбүз, мен дагы , дагы сырттагы досум, Рысбек. -Анан, айта бериңиз!

-Ал кызды экөөбүз ошол үйгө чакырганбыз. Ал кызды чакырып сүйлөшөлү дегенбиз, ошол жерден сүрөттөрүн бермек болгонбуз.

-Эмне сүрөттөр?- деп чындап ачууланган судья, ал жердегилерге сездирбегенге аракет жасады. - Түшүнүктүү кылып башынан айтып берсеңиз!

Кадыралы унчукпай, ал жердеги элдердин кыжырлануусун сезип, башын көтөрө албай ылдый карап бир азга тургандан кийин эми башынан айтчуудай болуп сөзүн улады. -Жанагы өлгөн кыздын курбусу Бактыгүл менин 8-класстан кийинки классташым болот. Сыртта турат. Бир жолу кече болуп калып, ошол жерде чогуу болгонбуз. Ошол классташымдын туулган күнү болгон. Анын үйүндө бирге болуп, чогуу эс алганбыз.

Кадыралы бир нерсени ачык айта албай жаткансып, бир азга кыйналгансып тургандан кийин сөзүн андан ары улады. -Досум экөөбүз ал кызды сыйлап коелу деп ага вино берсек ичпейт, акыры колага кичинеден арак кошуп берип кызытып салдык. Кийин өзү эле вино ичти, ошентип мас болуп калды. Акырында биз менен бийледи. Вечер өтө көңүлдүү болду, баарыбыз мас болуп калып ошол классташымдын үйүндө эле жатып калыптырбыз. Ойгонсом жанымда баягы кыз жатат. Ал катуу уктап жатыптыр, мас болуп калгангабы, көйнөктөрү көтөрүлүп калыптыр, ордумдан туруп, столдун капталындагы олтургучка олтуруп, столдогу коладан стаканга куюп ичип, ал кызды карап отуруп, жакшы

көрүнүп кеткенде соткамды алып, аны сүрөткө тартып баштасам ал кыз ойгонуп кетти. Ошондо дароо төшөктү өзүнө тартып, - эмне кылып атасың,-деп эле ыйлап жибергенде бөлмөдөн чыгып кеткем.

Иштин беттерин барактап, анын тергөө учурунда берген көрсөтмөсүн издеп жаткан судья Кадыралынын токтоп калганынан улам башын көтөрдү.- Түнү ал кыз менен жыныстык катнашта болгонсуңбу?

Кадыралы эмне деп айтарын билбей калды. -Билбейм, билбейм, экөөбүз тең мас экенбиз эле.

-Анан, - деп судья кулагын ага салып, андан ары ишти барактады.- Андан ары жагын айта бер.

-Болду, дагы эмнени айтышым керек.

-Кийин ал үйдө кантип жолугуп калдыңар, кантип өлтүрдүңөр?

-Атайлап өлтүрбөдүк, өзү биринчи кол салып, бычак көтөрдү.

-Ошолорду айтып бербейсизби анан?

Кадыралы башын жерге салып бир азга тургандан кийин залды көзүнүн кыйыгы менен айландыра карады. - Кийин, Бактыгүлдүн туулган күнүндө тартып алган сүрөттөрдү классташым Бактыгүлгө көрсөтүп койсом, ал ага айтып койгонбу, билбейм, ал кыз телефон чалыптыр, анын телефонун билчү элем, башка эле телефондо чыгып, "жолукпайлыбы",-дейт, "мейли"- деп ошол түнү ошол жакка чакырганбыз.

-Ал үй кимдики эле, ээн калган үй деп жазылыптыр го?

-Ооба ээн үй. Мен устачылык кылам, ошол үйдүн калиткасын бир - эки жыл мурда мен коюп бердим эле, ошондо бир ачкычын алып калгам. Ал эми чоң үйдүн

эшигинин ачкычын көп ачкычтан издеп жатып ага түшө турган бир ачкыч таап алгам. Анын үстүнө тааныштардын үйү эле. Баардыгы Россияда экендигин билип, кээде келип жатып кетчүүмүн.

-Сенин келип жатып кетип жүргөнүңдү көргөндөр бар беле?

-Жок, мени эч ким көргөн эмес.

-Анан, анан эмне болду?

Кадыралы дагы бир азга башын жерге салып туруп калды. - Жамал өзү аябай кеч келди. Ата-энесинен бошоно албай жаттыбы, билбейм. Ошол үйгө жакын жерде чоң көчөдөн жолуктук, таксиде келди. Ошол түнү жамгыр, кар аралаш жаап жаткан, үйгө кирип эле сүйлөшөлүк десек ал каршы болбоду. Кийин үйгө чейин жөө эле басып келдик. Үйгө киргенде, "менин үйүм, үйдөгүлөр Россияда",- деп койдум. Аны өлтүрөбүз деп ойлогон эмеспиз. Ал мага телефон чалып, силерде менин сүрөттөрүм бар экен, ошону бересиңерби дегенинен макул деп чакырганбыз да.

Бөлмөнү ысытып койгонбуз. Ал жерге кирип, өзүбүз менен бирге алып келген майда-чүйдөлөрдү столго коюп, сүйлөшүп олтурганбыз. Досум экөөбүз бир аздан арак ичтик. Бир убакта ал кыз, "соткадагы сүрөттөрүңдү көрсөтчү,"- деп калды эле, мен ага телефонумду ачып бердим. Жакшынакай эле соткадан өзүнүн сүрөттөрүн көрүп олтурган, бир убакта эле жинденип кетип, соткамды жерге чаап, столдогу колбаса кескен бычакты ала коюп, оң тарабында олтурган мага шилтеп калса. Шамдагайлык менен колумдун билегин тосуп калдым. Ал мени өлтүрөм деп жатса, анан жиниң келеби?

Ачуум келип кетип тура калып бир тепсем аңтарылып түштү. Ачуу үстүндө ал жыгылган жакка столду анын үстүндөгүлөрү менен ошол тарапка тээп жиберсем, ал кызды басып калды. Ошентип тополон болуп кетти.

-Кийин бирөө келип, ушул бала болсо керек кыйкырып, “бул жакта экен",-дегенде, милициялар келип калыптыр деп коркуп кетип терезени сындырып качып кеттик. Дарбаза аркылуу чыксак кармалып калаарыбызды билип ошол үйдүн сарайынын аркасына барып жашындык. Эмне болоор экен деп карасак эч ким жок, ал бала менен тиги кыз биздин жаныбыздан өтүп, качып баратышат. "Кеттик",- деп аркасынан акырын барып экөөнү бирден баштарына уруп жыктык. Кийин ал экөөнү үйгө көтөрүп кирдик, -деп менин айткандарымды кандай кабыл алып жатат дегендей кылып ылдый караган абалында залды айландыра карап, кийин сөзүн улады. -Башына катуурак чаап койгонбузбу, билбейм, карасак үйгө киргенден кийин кыз өлүп калыптыр.

Башын билинер-билинбес чайкаган судья: жалган айтып жатасың дегендей кылды. -Экспертизанын кортундусу боюнча бооруна, төшүнө бычак сайылгандан өлүп атпайбы, канын көп жоготуп?

-Билбейм анда, ... бирок мен эмес.

-Анда ким, досуңбу?

-Билбейм.

-Мейли, аны өзүңөрдүн иш боюнча териштирет. Эмнеге анда Баястановду өлтүрбөдүңөр.

-Баястановду?- деп тордун ичинде олтурган Айдарды бир карап койду. - Ооба, өлтүрбөдүк. "Эртең ушул жерден кармалсын",- деп өзүнө келтирбей, дагы арак алып

келип оозуна арактан аябай куюп таштап кеттик.

Баардыгын угуп, "иштин дагы кандай жагдайлары сотко дайын болушу керек",- деп мурдатан суроолорун даярдап олтурган адвокат Кайрат судьяга кайрылды. -Урматуу төрагалык кылуучу Сиздин уруксатыныз менен Баястановдо менин дагы бир-эки суроом бар эле? -деп башын ийкеген адвокат, эми угуп тургула, дагы кызыктарды угасыңар дегендей кылып залды айландыра бир карап алгандан кийин Айдарга карап, суроосун топтоштуруп жаткансып бир азга туруп калды. - Баястанов айтып бере аласызбы, эмне үчүн сиз биринчи сотто, "ушул кылмышты мен жасадым"- деп мойнуңузга алдыңыз эле?

Айдар, ага өтө оор суроо берилгендей кылып терең дем алды. - Милициядан качып кеткенден кийин үйүмө же сүйлөшкөн кызыма бара албайм, тууганларымкына барсам дагы кармап алчуудай болду. "Ал балдар ошол эле окуя болгон үйдүн тегерегинде жашаса керек, көрүнбөй барып, коңшу- колоңдорунан сураштырайын",- деп жашырынып жүрүп окуя болгон жерге барбадымбы. Бараарын барып алып же кошуналарына кире албай, көчөдөн бирөөлөр көрүнүп калабы деп бир үйдүн бурчунда турсам дагы бир үйдүн жанында эки бала далдоолонгонсуп сүйлөшүп турушуптур. Дароо таанып, алардын жанына басып бардым. -Уятсыздар, дагы кимди аңдып турасыңар десем, анда Кадыралынын досу атырылып, алды менен уят сөздөр менен сөгүнүп, кийин мага жулунду. - Эй, эмне деп атасын, сен эми бизди далилдей албайсын, андан көрө өзүңдү кармап берип койбойлук. Чакыр милицияны, чакыр,- деп кыйкырды.

Туруп калдык бири-бирибизди карап, бирок алар мага дароо кол сала алышпады. Мен дагы айбат берип, ачуландым. -Өзүңөр эле мойнуңарга алып барасыңарбы, же, -десем, анда Кадыралы сөгүндү. - Оо энең дурайын акмак, көрсөң муну, бизди коркутат да ия! Эй, сен эмне эле деп былжырап жатасың, менин мурда дагы адам өлтүргөн боюнча олтуруп чыкканымды билесиңби? Андан көрө бул жерден жөн кетип кал. Качсаң алыс качпайт белең, бул жерди сагалабай, ия. Сен туурасында көп маалымат чогултуп койдук, ушул эле көчөдө жашайсың, туурабы? Эртең сен кармалып кеткенде сенин сүйгөнүң Нургүл дагы киши колдуу болуп жүрбөсүн. Кың десең ошол күнү түн жарым Нургүлүңдүн изин дагы таппай каласың деп Кадыралы курткасынын жеңинен жылтыраган бычактын учун чыгарып, кайра жеңине киргизип алды. Эмне дээримди билбей туруп калдым.

-Нургүлдү жанымдан артык көрөт элем, коркуп кеттим. Чындап эле ушундай ишке барган канкорлор Нургүлгө дагы кол салып жүрбөсүн, аны эскертип, алар кармалганга чейин үйдөн чыкпай тур деп айтып коюп, кийин өзүм эле кайра милицияга барайын дедим. Ошондо Нургүлгө барсам дароо эле, ал жерден милицияларга кармалып калышымды билсем да, ошого карабай ага бардым. Нургүл тергөөчүгө ишенип, мага таарынып, менин сөзүмдү укпай, эшигин ачпай койбодубу,- деп Айдар, башын жерге салып көзүн жуумуп олтурган Нургүлдү карап койду. - Ошентип аны канкорлордон абайла деп эскерте албай кармалып кеттим,- деп дагы бир азга туруп калган Айдар сөзүн улады. -Кийин сот болду. Сотко чейин эч ким келбеди. Ата-энем, менин

акмакчылык кылмышымды тергөөчүдөн угуп, эксперттин кортундуларына ишенип кечип койду. Ооба, мен деле туура түшүндүм, мени ата-энем минтип адам өлтүргүч болсун деп тарбиялаган эмес да. Нургүл дагы келбей койду. Тергөөчү менин качып кеткеним боюнча сөгүш алып, эки конвойдун баласы иштен кетип, ачууланып калган экен, мени Нургүлгө аябай жамандап, менин кылмышкер экендигимди ага ишендирди. Тергөөчүгө деле туура түшүндүм. Мен үчүн катуу сөгүш алса, конвойдун эки баласы иштен кетсе. Кийин ошолорду угуп аябай өкүндүм, кармалып баргандан кийин кечирим сурадым. Мага өчөшүп досторумдун бирин дагы мага жакындатпай коюшту. Мен кылмышымды мойнума алып сотголгондон кийин түрмөгө досторумдун кээ бирөөлөрү бир жолудан келип кетишти. Бирок аларга эч нерсе айта албадым, анда кеч болуп калган. Ошентип эч ким менен байланыша албай эле сотко кирдим. Бирок, ата-эне деген баласын биротоло кыйып кете албайт экен, атамдар ээрчишип алып сотко келишиптир эле. Нургүл дагы чын төгүнүн сотто билем деп жүргөн окшойт эле, ал дагы сотко келди. Сот башталганда баардык чындыкты айтып берейин, эки айдан бери баягы желмогуздар качып деле кетишкендир деп, айыбымды мойнума албайм дедим. Ошол учурда элдер менин сөзүмдү кандай кабыл алат экен деген ойдо залды айландыра карап жатсам залдын мен тараптагы чекеде олтурган бир саксыйган бала көңүлүмдү өзүнө тартты. Карабайын десем деле болбой ошол тарапты карай баштадым. Ал дагы түз карап олтурганы менен көзүнүн кыйыгы менен эч кимге сездирбей улам-улам мени карайт.

Өзүнүн турушу менен эле колунан жакшылык келбеген адам болуп көрүндү. Чачы саксайып желкесине түшкөн, өңү карарып күнгөбү же араккабы күйүп кеткен, беттеринде эски кара тактар, көзү кызарып, иши кылып мен үчүн көп жолу соттолгон өнөкөт кылмышкер олтурду. Бир убакта менин аны карап калганымды көзүнүн кыйыгы менен карап туруп акырын колун койнуна салып бир сүрөттү алып чыгып акырын буруп мага көрсөттү. Карасам Нургүлдүн сүрөтү. Көзүмдү ачып - жумуп дагы жакшылап карадым, дал өзү. Көчөдөн жакын ортодо эле тартып алганбы, пальточон бир жерди тиктеп турат. Ал бала сүрөттү мага көрсөткөндөн кийин кайра койнуна салып, мени түз карап туруп, он колунун манжаларын бириктирип, түз сунуп туруп, мойнуна такап кезеп көрсөттү. Эмне кылышымды билбей калдым. Мен аны -муну ойлонгончо ал бала оордунан туруп акырын басып чыгып кетти.

Жанымдан артык көргөн Нургулумдун коопсуздугунан аябай коркуп кеттим. Ары ойлонуп-бери ойлонуп, соттук отурумда болуп жаткан сөздөр деле башыма кирбей тыбырчылап туруп калдым. Ошентип мойнума алдым. Киши өлтүрүп көнүп калгандарга менин Нургүлүм ким болуп калыптыр эле. Мен чындыктын түбүнө жетип бошонуп, аны коргогонго чейин ар кандай нерселер болуп кетиши мүмкүн экенин эстеп алып, тобокелге сала албадым. Менин жыйырма жыл камакта олтурганым, бир адамдын өмүрүнө татыбайт эле, анын үстүнө жанымдан артык көргөн сүйгөнүм Нургүлдүн өмүрүнө. Айдар ыйламсырап жалооруп Нургүлдү карады.

Кунт коюп дыкаттык менен тыңшап олтурган судья

Айдардын ыйламсыраган добушунан улам, аны карап, дагы бир жагдайды тактагысы келди. - Баястанов ошол күнү сотто болгонун болгондой кылып эле айтып берип, Нургүлгө коркунуч болуп жатат деп эскертсең болбойт беле?

-Ооба, урматтуу судья, болот эле, ал сот отурумунда мага эч ким ишенбейт го, деп өзүм деле арсар тургам. Анын үстүнө баягы саксайган бала мойнуңа албасаң Нургүлдү өлтүрөбүз дегендей кылып кеткенде шашып калып мойнума алам деп айтып алып, кийин артка жол жок болуп калды. Ошондо шашпай, оюмду таразалап туруп айтсам болмок экен, - деп Айдар өкүнгөнсүп, бир чети судьянын айтканына кошулгансып башын ийкеди. -Бирок урматтуу судья тергөөдө берген көрсөтмөлөрдү окусаңыз керек. Баардыгын мойнума алдырып жаздырган. Мен качып кетип кармалгандан кийин кылмышкерлерди издөө бөлүмчөсүнүн балдары подвалга алып киришип, баягы ыкмаларды колдонолубу же ... дешкенде болуптур деп жазгандарына кол коюп бергем. Бирок ошого карабай чындыкты сотто айтайын деп турсам жанагындай болуп кетти. Иштин ичинде менин өз колум менен жазган түшүнүк каттын бири дагы тиркелбептир, анда кантип далилдейт элем. Эгерде мен, "мойнума алам",- деп айтып алганымдан кийин ошончолук мага чогултулган далилдерге каршы окуянын чындыгын айтсам эч ким ишенбей, жалгандарды кошуп жатат деп күлүшөт эле да,- деп Айдар судьяны караган боюнча туруп калды. - Урматтуу судья, мен ошол сот отурумунда Нургүлгө ишендире аларыма көзүм жетпеди. Көзүм жетпегенден кийин анын өмүрүн тобокелге сала албадым.

Ал убакта Нургулдүн кап-кара узун кирпиктери бири-бирине жеңил биригип, улам зирпилдеп, тынымсыз кыймылдап, ошол коюу кирпигинин арасынан туптунук жаш жылжып токтобостон агып жаткан эле. Нургүлдүн көз алдына чагылгандай тездик менен Айдарды ал жашаган үйдүн тепкич аянтынан жонуна дубинка менен кайкалата урушуп, ушунчалык жанын кейитип, аны алып кетип жатканы улам-улам көз алдына кайталанып келип турду. Айдар ошондо эмне үчүн таяк жегенин улам эстеген сайын Нургүлдүн ичи ачышып, "баардыгын мен үчүн кылган белең жаным! А менчи, мен үчүн өлүмгө даяр болгон сүйүүңө кандай жооп бергем! Кантип гана тергөөчүгө ишендим, кечир, кечир!" -деп ичинен кыйкырып, буркурап ыйлап олтурду. Кийин абалын оңдоп, эки колунун манжаларын чачтарынын арасына салып башын мыжыккан боюнча башын ылдый салып, жону бүлкүлдөп, өпкөсү көөп, эч токтоно албай, улам-улам Айдар тарапты аянычтуу карап, ичинен миң мертебе андан кечирим сурап, шолоктоп ыйлап олтурду. Тура калып, темир торду жарып кирип, Айдарды бүткүл элдин көзүнчө кучактап алып, кетирген жаңылыштыгына кечирим сурап, жалынып-жалбарып болгон күчү менен ошол залды жаңыртып ыйлап, кечирим сурагысы келип, боздоп ыйлады. Сүйгөнү үчүн жаштык курагын тозокко салып, баардыгына кайыл болгондор жомокто же кинодо эле эмес анык турмушта дагы болооруна, ошонун бири жандай көрүп сүйгөнү Айдар экенин, аны ушундай бала сүйгөнүнө сыймыктанып, бирок анын чын сүйүүсүнө татый албай калганын, өзүн-өзү кечире албай ыйлады.

Айдар темир тордун аркасында туруп ыйламсырап ата-энесине кайрылды. -Ата-энемден дагы кечирим сураймм. Аларды дагы кандай гана кайгыга салдым. Атамдын акыл насаатын эстеп алып, байкуш киши адам өлтүргүч уулуңдун жоруктарынан кийин кантип элдин бетин карап жүрөт болдуң экенсин, өтө намыстуу киши элең деп, бала күнүмдөн көзүмдү карап, бапестеп өстүргөн, акыл-насаатын айтып, өлүмгө дагы тик карай турган кылып тарбиялаган энемдин токтобой аккан көз жашын эстеп алып камакта жаткан түндөрү ал жердегилер уктагандан кийин канча ыйладым.

Бул убакта Айдардын атасынын көз жашы, мындай кайгы-муңдун көз жашын канча жолу көрүп, кубанычтын көз жашын унутуп калган сот залында токтобой таамып жатты. Кыска ойлуулук кылдым, "ойчул бол, кыраакы бол, боорукер бол",- деп сага акыл айтып чоңойтконум менен өзүм ошондой боло албадым, кечир балам, кечир деп, буркурап үнүн чыгара албай жашын чуурутуп, башын жерге салып, ичи ачышып, заманасы зарп айланып, кең дүйнө тар болуп олтурду. Айдардын апасы бирде өзүн жоготуп, бирде өзүнө келип, колундагы жүз аарчысы менен бети ылдый токтобой аккан жашын сүртүп, "мейли балам, эки жылдык өмүрүн текке кеткен жок, арканда үлгү боло турган гана ишиң калыптыр, желмогуздардын каарынан бир пендени сактай албасаң дагы экинчисин толук сактап калыпсын, рахмат балам, сендей балдар көбөйсүн".- дегендей кылып, ал өзүнө келген сайын баласын жалжал карап боздоп ыйлап олтурду.

Жамалдын туугандары тарапка башын бурган Айдар

оор үшкүрдү. -Силер дагы кечиргиле, Жамалдын ата-энелери, туугандары, ушундай жакшынакай кызды желмогуздардын каарынан сактап кала албадым. Алсыздык кылдым. Ал кыз өлбөш керек эле. Анын ошол түнү алардан тепки жеп, кан болгон бети-башынын канын чуурутуп качып жүргөнүн көз алдыма келтирип алып, ушундай кызды коргоп кала албадым деп камак жайында жатканда канча ыйладым.

Көзүнөн жашы токтобой бетинен ылдый куюлуп олтурган Жамалдын апасынын ордунан турганын көргөн судья дагы ага карата эскертүү берип, анын айта турган сөздөрүнө тыйуу салганга алсыз эле.

Ал акырын жай оордунан туруп бышактады. - Кечир балам, бизди кечире алсаң кечир! Биз акмак болдук, сенин ушунтип биздин кызыбыздын өмүрүн өз өмүрүң менен тобокелге салып коргойм деп аракет кылып, акыры ушинтип эки жылдан бери камакта жатканыңды кайдан билдик. Эми сен, кызымдын күйүтү эми сууй баштаганда кайгыга салбадыңбы. Кызымдын өлгөнүнөн дагы сенин ушунчалык запкы жегениң, -деп ал чыдабай кетип буркурап ыйлап жиберди. Кийин ый аралаштыра, калчылдаган ээктерин токтотууга аракеттенип, көзүнүн жашын куюлтат.- Кечирип кой уулум, сендей балдардан айланса болот. Сени уруп, жаныңды кейиттик, запкы жедирдик,- деп ал өзүн токтото албай шалак этип олтуруп калды. Жанындагы туугандары тегеректеп, анын бетине суу чачышып өзүнө келтиргенге аракеттенишет.

Баардык окуяны угуп олтурган Сыргак дагы ичинен күйүп, башын жерге салып олтуруп, эч кимге сездир-

бей ыйлады. Жамалдын ушунчалык аны сүйгөнүн, кыз киши болсо дагы душманынан өч алууга аракеттенгенин, Жамалдын башына мүшкүл түшкөнүн өз убагында сезбей, өз убагында аркасынан келе албай, ушунчалык муктаж убагында ага жардам бере албай кур намыска жеңдиргенин, ага деген сагынычы өмүрүнүн акыркы минутасына чейин таркабай өтөрүн, Жамалдын жүрөгү "Сыргак" деп акыркы демине чейин соккондугун, анын караанынан көзү өтүп, бул ааламдан көзү ачык кеткендигин эстеп алып ыйлады. Айдардын эрдигин, Жамалдын өмүрү үчүн жасаган аракетин, өмүрүн тобокелге салып, башкалар үчүн сабак болчу иштерди жасагандыгын, башына ушундай окуя туш келсе ар ким эле Айдар боло албастыгын ойлоп, ал сүйгөнүнүн өмүр-жашоосу үчүн баардык азапка, өлүмгө дагы даяр болгондугун угуп, ыйлап олтурду.

Ар кимдин эле колунан келе бербеген Айдардын эрдигин, өз өмүрүн тобокелге салып адамдардан чыккан жан алгычтардан бир алсыз кызды сактап калам деп кандай запкы жеп жаны кыйналганын, жандай көргөн сүйгөнүнүн өмүрү үчүн эки жылдан бери эзилип, элжуртка киши өлтүргүч катары таанылып камакта жатканын толук билип, зээндери кейиген залда олтурган эки тараптын тууган - урук, досторунун, карапайым адамдардын өтө кайраттуумун дегендери да оордуларынан козголо албай, Айдарды улам-улам жалжал карашып, уландардын баардыгы сендей болсо кана эле дегендей кылып ыйлап, көпчүлүгү жашын көрсөтпөй башын жерге салып жымжырт олтурушту. Бир гана залдагылардын мурдуларын тарткан үндөр угулуп турду.

Ал эми сыртта болсо кардуу кыш ушуну менен түгөнүп, мындан ары такыр кыш болбочуудай болуп, акыркы кар жамгыр аралаштыра, көчөдөгүлөрдү кадимкидей суу кылып, жолдордон кар аралаш суу агып, ала-шалбырт, лапылдап токтобой жаап жатты. Ошентип Айдарды сыноого алган каардуу кыш дагы түгөндү ...

* * *

Айдардай болуп каны-жанынды зарптап адамдарга жакшылык кыл, жакшылык кылган колуңдан келбесе эч качан аларга, душманыңа дагы жамандык жасаба-ошо дагы чоң эрдик.

Июнь, 2017- жыл.

# АЙ ТОЛГОН ТҮН

(Новелла)

Мен мындай жамгырды кинолордо эле көрөөр элем. Аны болсо түтүктөрдөн туш тараптан чачып турушат дешээр эле. Ал эми азыркы жамгыр дал ошондой болуп нөшөрлөп куюп, жөн эле чакалап төгүп жатты. Бир жумадан бери күн катуу ысып атканга жука көйнөкчөн чыгып алган экенмин, тим эле өтмө катарымдан суу өтүп кетти. Жол жээктеп чуркап аялдамага келип калкаландым. Аялдаманын үстүндөгү темир тыныкеге түшүп жаткан нөшөрдүн үнүнөн жолдон ары-бери өтүп жаткан машиалардын добушу угулбайт. Аялдаманын үстүнөн кудум эле шаркыратмадай ылдый аккан суу шарылдап, анын арт жагындагы арык менен бир болуп аккан сууга кошулуп жатты.

Чачтарымдан куюлган суу бетимден ылдый агып, мойнум аркылуу ичиме кирип, денемди кытыгылайт. Анткен менен ошол жамгыр менин көңүлүмдөгү бугумду жууп, баардыгын менден чыгарып, жолдон, арыктардан агып жаткан сууларга кошуп алып кетип жаткандай болду. Аңгыча жакын эле жерден «чарт» эткен чагылгандын ийри-буйру көгүлтүр жарыгы кара булутту аралап өттү. Ошол эле замат "тарс" эткен, жер бетин экиге бөлүп салгандай, кулак тундурган, өтө катуу добуш чыкты. Жер титиреткен бул үн так төбөмдөн башталып, улам жылып, добуштар бири-бирине кошулгансып, үстүмдө бир саамга айлангандан кийин дагы эле бийик чыккан дүңгүрөгөн добушту дагы бир жактан келген үн коштоп, жер-сууну титиретип барып, акырындап ке-

лип, ал добуш улам жылып, улам жылып алыстап барып токтоду. Чагылган жакын эле жерге түштү дедим ичимден. Кийинки чагылган мени мээлеп туруп атчуудай болуп, катуу коркуп, эмне кыларымды билбей калдым. Дароо аялдаманын калкаланган жайынан жамгыр нөшөрлөп төгүп жаткан ачык асманга чыктым. Кайра эле чачтарым аркылуу жамгырдын суулары куюла баштады. Жолдо болсо катуу жамгырдан терезе тазалагычтары тазалап үлгүрбөй жаткан машиналар жолдон аккан сууну дөңгөлөктөрү менен туш тарапка чачып, каалгып, ары-бери өтүп жатышты.

Ушундай бир жума бою катуу ысыган күндү суу сээп салкындаткан, менин дагы көптөн бери топтолгон бугумду жууп, бир аз да болсо көңүлүмдү көтөргөн ушундай сонун жамгырда чагылгандан коркуп, жолго чыктым.

Менин, жолдун боюнда нөшөрлөгөн жамгырда, ачык асмандын алдында көңүлүмдүн кирин, бугумду жазгы жамгырга жуудуруп турганымды көрбөй өтүп жаткан машиналардын ичинен бир унаа бурганда эскертүүчү сары жарыгын мен тарапка берип, фарасын жандырган абалында жай келип менден бир аз өтүп токтоду. Эмне кыларымды билбей калдым. Дароо чуркап баргандан намыстанып, акырын барып арткы эшигин ачтым. Машинанын ичиндеги күңүрттүктөн чачтары өскөн рулда олтурган жигиттин сөлөкөтү көрүндү. Ал жигит кылчайып дагы койбостон, түз карап олтурган абалында:- бол, бол чоң кыз! - деп шаштырганынан улам аргасыздан машинага олтурдум. Мен эшикти жабаарым менен эле машинасын ордунан жай козгоп, бурганда эскертүүчү

жарыгын кайрадан солго жандырып, акырын жолго чыкты. Менин каякка бараарымды сураган дагы жок. Карасам далысын теп-тегиз кылып, түз олтуруп машинаны башкарып кетип жатат. Унчукпай бир азга айдагандан кийин мага кайрылды. - Карындашым атыңыз ким?

-Атым Айзада.

Ойлонгонсуп бир азга унчукпай калды.

-Жакшы атыңыз бар экен. Айзада катуу суу болуп калыптырсыз, жаныңызда жеңил спортивкам бар, ошону кийип алыңызчы.

Өзүм чындап чыйрыгып жатсам дагы сыпайыгерчилик кылдым.

- Рахмат, жаздын күнү эмеспи, тез эле кургап калат.

- Жок Айзада ооруп каласың, кийип алсаң!

Уялып жатып аны жамындым. Анын спорт костюмунан бир башкача атырдын жыты бур этти. Зыңкыйган, атыр жыттанган жигит экен, машинасы дагы таза,-деп ичимден ойлоп, эки жагымды билиндирбей карап койдум.

Ал дагы бир азга айдагандан кийин, түз караган абалында мага кайрылды:-Айзада кийип алдыңызбы?

Эмне дээримди билбей,- ооба, -деп үн чыгарып, башымды ийкеп, арт жакты кароочу күзгүсүнөн аны карадым. Күзгүдөн ал мага көрүнбөдү.

Ошондон кийин кайра эле өзүнчө сүйлөндү. -Укмуш, деңиздин жээгиндеги өлкөлөрдүкүндөй болду го, тропикалык нөшөр, мындай нөшөрдү мен Кыргызстандан эч эле көрбөгөм. Анткен менен сонун ээ? Адамдардан башкасынын баардыгы тазарып калды.

Мен унчукпадым.

Нөшөрдө, машинанын айнек тазалагычы канчалык чамынып иштесе дагы жамгырдын суусун эки жакка шилегенге үлгүрбөй жатты. Бир убакта ал жигит: - тап-такыр эле эч нерсе көрүнбөй калды го, эмне кылабыэ ия Айзада,- деп күлүп койду. Машинасын андан дагы жайлатып айдап:- карасаң уналар жүрө албай калышты,- деп жол четинде токтоп туруп калган машиналар тарапка башын жаңсады. -Биз болсо кетип жатабыз, кудай деп кете береличи, токтогондо эмне, туурабы?- деди.

-Шартыңызга караңыз,-дедим.

Бир азга жүргөндөн кийин ал жигит түз кетип бара жаткан калыбында мага дагы кайрылды.

- Каякка бараарыңызды айтпадыңыз го?

-Сизди сурайбы,- деп,

- Ой, таксиге олтурган адам каякка бараарын өзү айтат да,- деп күлдү.

-Анда кечиресиз, мындай жамгырды көрбөгөн жаным коркуп эле келе берген турбайынбы. Шаарга киргенде токтотуп койсоңуз, ары жагына маршруттук таксилер менен кетип калам.

-Ушундай жамгырда кантип?

-Баардык жерде эле ушундай жамгыр дейсизби?

-Ананчы,- деп күлүп койду.

Дагы бир азга жүргөнүбүздөн кийин эле жамгыр азайып, күндүн аркасы кызарып, батып бараткан күндүн шооласы кара булуттун алдынан алсыз чачырап, каптал тараптан радуганын кооз изи көрүндү.

-Ой, Айзада көзүң ачык го. Айтып бүтө элегиңде эле жамгыр басылып калды, - деп туш тарабын карады.

-Сонун аба ырайы ээ, күндүн батып бараткандын кара.

Ошентип шаарга киргенден кийинки менин өтүнүчүм боюнча биринчи аялдамага мени калтырып: - Айзада жакшы кыз экенсиң, бактылуу бол,- деп, менин берген жол киремди деле албастан,- бүгүн таксистерде акция, бекер ташый турган күн деп тамашалап, артына кылчайып бир дагы карабастан унаасын айдап жүрүп кетти. Мен болсо, мени жеткирген кайрымдуу адамдын өңүн дагы көрбөй, зыңкыйган бир жакшынакай жигитти элестеткен боюнча кала бердим.

* * *

Биздин айыл тоонун түбүндөгү чоң капчыгайдын оозунда. Айылдын баш жагындагы, айыл түгөнүп, капчыгай башталган жер "Ооз"- деп аталып калган. Жайдын күндөрү балдарга кошулуп, Оозго барып уй тосоор элек. Ооздон бир аз ары, капчыгайга кирип кеткен жерде чоң саз дөбө. Саз дөбөнүн капталдарынан ондогон булактар бири-бирине кошулуп, шылдыраган тунук көк кашка муздак суу жээктерин бадал баскан таштуу сай менен бир болуп, таштан-ташка урунуп, күркүрөгөн тоо дайрасына кошулат. Ал суунун бир бөлүгү айылды аралап өтсө, экинчи бөлүгү "Булуң" деп аталган, ар дайым беде айдалып келген беде пааны аралап өтүп, чоң жолго чейин жетип турат.

Ал саздан жогорураактан, капчыгай экиге бөлүнүп кеткен жерде асман тиреген аска, ал асканын ылдый жагы оюлуп, ичкериге кирип кеткен, үстү жагы бастырмадай болуп саландаган, көк түстөгү зоо. Анын ар бир тешиктерин ар түркүн чымчыктар ээлеп, эң үстү жагындагы узунунан кеткен үңкүрдү көбүчкөндөр уялаган.

Качан барсаң чымчыктардын ар түркүн сайраган чурулдактары, көгүчкөндөрдүн гүүлдөгөн үндөрү жаңырып турат. Андан жогору жагы карагайлуу капчыгай. Ичи толо көк шибер, шибер толо тоонун ар түркүн гүлдөрү. Тоо гүлдөрүнө конуп учкан жапайы аарылар, калдаңдаган кызыл-тазыл көпөлөктөр.

Биздин айыл тоонун түбүндө, бийик жерде жайгашкандыктан ылдый жагындагы жайык талаа алаканга салгандай тегиз көрүнөт. Өзгөчө май айларында, талаанын бир бөлүгүндө сапсары гүл ачып ындоо жазгы жылуу желге термелсе, дагы бир тилкесинде жап жашыл болгон беде ыргалат. Дагы бир бөлүктө буудай, ал тилкелерди ажыратып бөлгөн ортолуктагы тал- теректер. Үстүрттөн караган адамга биздин айылдын этегиндеги талаа сары-жашыл болуп эми укмуш . Айылдын жогору жагындагы капчыгайдын бети толо арча карагай болгондуктан түнү тоо тараптан керимсел жел соксо арчанын жыты келгенсийт. Чоң жолдон айылга кеткен жол беде аңызын аралап, улам өр тартып, улам көтөрүлгөн сайын чоң жол тарап улам ылдыйда калып, барган сайын талаанын көркү ачылат.

Мына менин балалык кезим өткөн жер деп мактана турган эле айыл. Биздин айыл жер бетинде бирөө эле болсо керек деп ойлойм. Ооба, мен ушундай айылда чоңойдум.

Күндө кечинде бирден чыбык көтөрүп уй тоскону Оозго барабыз. Апабыз урушса деле болбой, мектептен келгенден кийин эле кошуна балдар-кыздар бири-бирибизди аңдышып, эптеп эле уй тособуз деген шылтоо менен үйдөн чыгабыз. Ан сайын апаларыбыз,

"уй келе турган маал боло элек",-деп болбой жатып күн батаарына аркан бою калганда араң уруксат беришет. Үйдөн чыккандан кийин тим эле байланган күчүктү кое бергендей ары-бери чуркап, бири-бирибизди укпай чуручу түшүп, Оозду көздөй жөнөйбүз. Дөң булактын бетиндеги шибер чөптө кубалашып, көпөлөк кармап, гүл теребиз, кыздар үй жасап ойнойбуз. Ошондогу балалык, бактылуу жыргал күндөр ай, айтып сөз жеткире албайм. Кээде капчыгайдан чыгып жаныбыздан өтүп кеткен уйларды көрбөй калып, уйлар келе элек деп дагы деле ойной берип, караңгыда үйгө барып тил укканыбызчы? Оюнкараак балалык кез ай, кайгы капасыз, түйшүк менен, бирөөлөр менен, сүйүү менен ишиң жок, оюндан башканы ойлобогон курак ай. Кана эле кайра кайрылып келсе?

Бир аз эс тартканы апам катуу туруп, такыр эле үйдөн чыгарбай турган болуп алган. Кошунанын кыздары сагалап, үйдүн бурчтарынан шыкаалап, эбин таап мени дагы ээрчитип чыгышып, Оозго барып сүйлөшүп олтургулары келишет. Кыз бала эс тарткандан кийин бир аз өзүн кармап, баягыдай далдаңдап обу жок кубалашып ойногондор акырындап кала баштайт экен. Кээде, жазып тайып апам уруксат берип калса кошунанын балдар- кыздарына кошулуп, Оозго барып кыздар менен сүйлөшүп олтурчу болуп калдык. Балдар бизди тынч коюшпай, ойнойбуз дешип, бир нерселерибизди жула качышып, аркасынан кубалатышат.

Бир жолу балдар жоолугумду жулуп алышып, суу жакшы өтөт экен, суунун көбөөтөрүнө тосуп балык кармайбыз деп качып жүрүшкөн. Аларды кубалап ба-

ратып жардан тайып кетсем болобу, шиберге сыйгаланып барып суунун четиндеги таштарга урунуп токтодум. Аз жерден, ээ-жаа бербей чамынган сууга түшүп, агып кете жаздадым. Менден качып жүргөн балдардын үрөйү учуп, эмне кыларын билбей туруп калышты. Тиземдин ооруганынан чыдай албай ыйлап атам. Эмне кылышарын билбей туруп калышкан балдар-кыздар кийин, эстерин жыйышып мага чуркап келишип жардын кырында туруп калышты. Балдар сайга түшүшүп, суунун жээгиндеги жардан чыгарабыз дешип, мени кыйкыртып, ыйлатып жатышкан учурда бизден эки-үч жашка чоң, биздин аркы көчөдөгү кошунанын баласы келип калыптыр. Олбурлуу, карылуу бала экен. Ал сайдын боюна секирип түшүп, мени жаш баланы көтөргөндөй кылып эки колу менен алдына так көтөрүп, жардын кырына чыгарды.

Ошентип, тиземди кыймылдата албай, акыры ал байке баягысындай бир колун тиземдин алдынан алып, экинчи колу менен белимдин жогорураак жагынан сүйөп кармап, алдына так көтөрүп машиналар жете турган жолго чейин алып чыкты. Тизем ооруп, жаным кейигени менен мага ошондо анын колдорунан башкача энергия өтүп жатты. Атамдарга тез эле кабар жеткен экен эле, мени ал бала жолдун боюна алып баргандан кийин эле атам, апам экөө, атамдын жигулисинде жетип келишти. Апам: - айланайын кызым! Эмне болдуң? - деп ыйлап жүрөт. Атам дагы коркуп калыптыр.

Тизем бир аз жакшы болуп, таяк менен басып калганда сыртка чыгып үйдүн капталындагы орундукка

келип олтурам. Үйүбүздүн тегерегинин баары кара тал, талдын ичи киши бою чыккан ак баш, укропко окшогон чөп. Көчөдөн өткөндөр чөптөн көрүнбөгөнү менен бизден кийинки көчө биздин көчөдөн бир аз бийик жайгашкандыктан үйүбүздүн тушундагы аркы көчөнүн үйлөрү бизге даана көрүнөт. Эки көчөнүн ортолугунда качандыр бир убакта кыян агызып келген анда-мында киши бою чоң таштар. Айылдагылардын баардыгы "ушундай таштарды агызып келгенге кандай кыян керек,"- деп таң калышчу. Бир замандар өткөн экен эле да. Биздин үйдүн тушунда кийинки көчөгө жетпей бир машинанын көлөмүндөй таш болор эле. Кадимки борту бар жүк ташуучу машина кейпинде. Эки көчөнүн балдары чыгып алып, аны алмак-салмак айдап, балдар бизди олтургузуп алып Фрунзе шаарына чейин барып келчү. Ошондон кийин таяк менен сыртка чыгып, үйдүн капталындагы орундукта олтуруп аркы көчөдөн баягы мени көтөргөн баланы көрүп калдым. Ал бала менен кичине кезибизде ошол машина ташка чыгып көп эле ойногон экенбиз эле эми эстесем. Мен кичине болуп, ал бизди теңине алчу эмес экен эле да. Анын үстүнө биз бул айылга мен башталгыч мектепте окуп жүргөндө көчүп келип, буларды жакшы деле билбей калган экенмин.

Биз мурда башка айылда жашачу экенбиз, апам айтып калар эле: атаңдын ата-теги Нарындан, бул жакта таяке-тайы бар. Ата-энеси ал жаш кезинде өтүп кетип, туугандарына батпай, кийин ушул жактагы таякелерин пааналап келип туруп калган Тиги, мурдагы айылда көп жашаганбыз, кийин эле атаң, "мал жанга

ылайыктуу",- деп ушул айылды жактырып туруп алды. Бул жерде деле таякелериңдин уруулары жашайт,- деп калаар эле. Ооба, чындап эле ким болсо деле жактыра турган айыл.

Ал баланы карап олтурсам жан-алы калбай эле огородунда иш кылып жүрөт. Мени анда-мында бир карап коет. Мен болсо эмнегедир ошол бала тарапты эле карагым келет. Бою узунунан келген сөөк-саактуу, олбурлуу, кара тору, жакшынакай бала экен. Жакын эле жерде жашасак дагы мен ага бир дагы жолу назар салбаптырмын. Ал бала бир убакта, чаап жаткан кетменин жерге коюп, мени карап туруп, "тизең кандай болуп калды",- дегендей кылып башын ийкеп койду эле, анын мени сурап жатканын толук билбесем деле мен дагы башымды ийкеп, менин сөздөрүм ага угулбаса деле: - жакшы!- деп кыйкырып койдум. Эки жагымды элеңдеп карап, шектенип, ал бала мени сурап жатабы же? - деп уялып кеттим.

Ошондон кийин ошол орундукка көп отурчу болуп калдым. Бир күнү кечинде батып бараткан күндүн шооласына быт-чыт конуп-учкан саратандарды аралап баягы бала мени көздөй келе жатат. Апкаарып, эмне кыларымды билбей калдам. Ал баланы бул убакка чейин канча көргөн болсом деле мындай абалда болбогом. Үйгө кирип кете албадым. Ал бала менин жаныма басып келип, келатканда эле жылмайып, "кандай Айка",- деди. Үнүм буулуп чыкпай калып барып, "жакшы",- дедим. -Тизең кантти, жакшы элесиңби? - дейт.

-Ооба,-басып калдым, рентгенге салдырсак жарака кетиптир деди,-дегенге жарадым. Менин жаныма келип

катарлаш олтурду. Кийин күндө бир убак мага келип, сүйлөшүп олтуруп жүрдү. Ошондо ал, «солдаттан келсем окуйм го, окусаң деле солдатка алып кетет экен, андан көрө солдатка барып келип кутулайын дедим»,- деген. Билбейм, менин көзүмө башка балдар жоктой болуп эле ошол Эрмек көрүнчү. Эрмек армияга кетер жылы жайында апамдар жайлоого чыгып кетишип, огороддогу беде чабылбай гүлдөп кеткен убак эле. Бир күнү Эрмек мага деле билгизбей досторун чогултуп кечинде келиптир, «бедеңерди балдарга чаптырып коеюн, атаң жок, бедеңер зөңгөк болуп уруктап кетти»,- дейт. Жок же бар деп айта албай, эмне дээримди билбей калдым. Бир убакта өздөрү ала келген чалгылар менен айдын сүттөй жарыгында шатыратып бедени чаап башташты. Каткырып - күлүп, катар тизилип, улам огороддун аягына чыгып кетишет. Беде чабылган сайын бир сонун жыт аңкыйт. Бир убакта, үп болгон жайкы ысыкты тоодон соккон керимсел жел айдап кеткендей болду. Аба салкындап, анда-мында чөп чапкан балдардын каткырыктары, чыртылдаган чегирткелердин добушу эле угулуп калды.

Түндүн бир оокумунда огороддогу бедени толук чаап бүтүшүп, чалгыларын жондоруна салып үй тарапка келишип, катар тизилишип, жаңы чабылган бedeнин солуна олтуруп калышты. Алардын чарчагандары байкалып, бир азга баштарын жерге салып, өз ара сүйлөшүп олтурушкандан кийин ордуларынан турушуп, көчө тарапка басышты. Артта калган Эрмек мага карап:- балдарды узатып коеюн,- деди.

Кайтып келген Эрмек менин катарыма олтуруп, сүт-

төй аппак айдын жарыганда магакарады:- Айка,-деди уялыңкы жер карап, кийин башын көтөрүп, жаңы чабылган беденин жытынан терең дем алды. -Билесиңби Айка? -дагы бир нерсени айтчуудай болуп туруп, кийин башка сөзгө бурду.- Айка мен ушундай жайындагы айлуу түндү жакшы көрөм. Карасаң айдын жарыгын, беденин аңкыган жытын, тоодон келген арчанын жытын, чегирткелердин чыртылдагын добушун,- деп, бир азга токтоп калып, кийин мага тик карады. -Күздө армияга кетем, менин сезимимди билбей калбасын деп бир нерсени айта албай жатам, Айка- деп дагы уялыңкы жер карап олтуруп калды.

Ошол түнү акыры ал мага деген сезимин, болгондо дагы сүйүү сезимин айткан. Ошол түнү жаңы чабылган беденин жытына бөлөнүп, айдын сүттөй жарыгында, мен дагы ага эч нерсе дей албай, уялыңкы, тартынып бирге олтуруп, ошентип сүйүүлөрүбүздү айтышканбыз. Чындап мен ага чейин эле Эрмектин караанын издеп калгам, балалык сүйүүм. Ал бала айылдын алдыңкы балдары эле. Айыл бүт жакшы көрөөрүн, элпек, ийкемдүү, баарына бирдей мамиле кыларын билгенден кийин аны ого бетер сүйүп калгам. Ал армиядан келсе бирге Фрунзеден окуп, студенттик күндөрдү бирге өткөрөбүз,- деп, ушундай сонун кыялданчуубуз.

Ал армияга кетер түнү коштошконбуз. Анда октябрь айынын аягы эле. Ага чейин аны менен канча жашыруун жолугушуп, саамайымды учурган, тоодон соккон салкын, айдарым желинде сырдашып, олтуруп жүрсөк деле биринчи жолу мен Эрмекти ошол түнү өпкөм. Жалбарактары кыпкызыл болуп, бир аз жел болсо же

катуурак кыймылдатсаң шатырап түшүп жаткан, мурдатан жолугушуп жүргөн чоң өрүктүн түбүнөн жолугушканбыз. Анда дагы айдын жарыгы эле. Тим эле биротоло армияда калчудай болуп, ичим ачышып, кантип коштошорумду билбей турсам Эрмек биринчи жолу өрүккө жөлөнүп турган жерибизден өзүнө имерип тартып, кучагына алып, моюндарымдан жыттап аймалаганда, мен дагы анын сезимине чыдай албай аны кучактап, эреркегем. Ошондо биринчи жолу Эрмек менен өбүшкөм. Ошол түн эч эсимден кетпейт. Ошол учурларда бир гана Эрмек менен бактылуу болгом. Ошол бакыт ошол боюнча түш болуп узакта калды.

Эрмек армиядан жазган биринчи катында: «баары сонун, Сахалинге түштүм. Чакан экспедициялык аскер бөлүгүндө кызмат өтөй баштадым. Укмуштай суук, азыр эле кыш экен»,-деп ноябрь айында, анда бизде бак-дарактардын жалбырактары толук түшүп бүтө элек мезгилде жазган. Кийин тындырбай кат жазды, сүрөттөрүн салды. Мен дагы ага, аябай жасанып туруп түшүп бир сүрөт жөнөткөм. Анын сүрөттөрү укмуш эле, тоодой кардын арасында. Бир жолу кат жазыптыр: «үч солдат электр мамычасын орнотконго чуңкурду бир жума каздык, жери эки метрге чейин тоңуп калат экен, катуу суук»,-деп. Ошентип жалындаган сүйүүлөрүмдү ак кагазга, алоолонуп жалындаган сезимдеримдин кылдары менен жазып, удаа-удаа Сахалинге жөнөтүп жаттым. Эрмектен келген каттарды айтпа, тим эле сүйүүсүн жалын кылып оозунан бүркүп жаткандай эле болчу. Чындап ага балалык сүйүүмдү арнагам. Андан кийин ушул күнгө чейин эле Эрмектей кылып эч кимди сүйбөдүм,

сүйө албасам деле керек.

Эрмек кызмат өтөп жаткан экинчи кышта кат жазыптыр: «биз экспедиция менен чалгынга чыгып жатабыз, жашыруун, эки айча полигондо болуп кайтат экенбиз, эгерде кат кечигип калса кабатырланба»,-дептир. Ошондон кийин Эрмектен кат үзүлдү. Билбейм, мендей болуп орто мектепти бүтүрүп жатканда эле жалындаган сүйүүсүн бирөөгө арнагандар, сүйгөнүнөн кат келбей калса чыдап тура албай калгандар болобу, жокпу? Мен ошончолук жаш экендигиме карабай аябай сүйгөн экенмин эле, Эрмектен кат күтө берип чыдай албай калгам. Канча күндөр ата-энеме көрсөтпөй жатып алып ыйлагам. Менин он катымдан кийин Эрмектен кыскача: “Айка, капа болбо мен бул жактан бир орус кызды сүйүп калдым. Чындыкты айтсам капа болбо, дем алыш күндөрү төрт сааттан шаарга дем алышка чыкканда бир орус бала менен бирге шаарда жүрүп, эки кыз менен таанышып калдык эле, кийин үйүнө барып жүрүп ал кыздын боюнда болуп калыптыр, алып кетесиң, болбосо ушул жакта калып кызматыңды ушул эле аскер бөлүгүндө ула, болбосо сотко берем деп жатат. Кечирип кой, экөөбүздүн баягы кыялдарыбыз ишке ашпай калды, багыңды байлабайын“,- деген кат келген. Ишенип, ишенбей, аябай ыйлап көксөөм сууду. Анын катына деле ишенбей Эрмектин инисине жолугуп сурасам, ал дагы:- байкем ошол жакта калат экен дейт.

Ошентип жүрөгүмдү эзген сагынычым таркабай, ал кайра эле келип калчуудай болуп күтүп жүрдүм. Балким ошол мезгилде, жаңылдым-жаздым деп келип калса мен кайра кечирет белем? Кечирсем керек эле,

балалык кичинекей жүрөгүмдү толук ээлеп алган экен эле да. Аны сагынганда баардыгына макул болчудай болгом. Балалык сүйүүм менен кызганыч дегенди деле билбептирмин. Иши кылып эле караанын көрсөм деген турбайынбы.

* * *

Он жылдын ичинде кандай гана кайгылуу күндөрдү башымдан өткөрбөдүм. Көп ыйладым. Апам да, атам да жаш эле удаа өтүп кетишип, жалгыз калгам. Бир тууганы жок жападан жалгыз калган жаман тура. Жалгызсырап ыйлап олтуруп, жок дегенде атамдын армияда жүргөндө Эрмектей болуп орус кыздан төрөгөн бир тууганым издеп келсе эле,- деп, дагы деле Эрмек баягы орус кызын таштап, ал баласы кийин аны издеп келчүүдөй болуп, Эрмекти орус кызга өмүрүнүн аягына чейин жашашын кандайдыр бир деңгээлде ыраа көрбөгөнсүйм. Бир туугансыз жаман экен, тууган издеп атамдын ата-тегине дагы барып келгем. Жакын туугандарын таппадым. Айылдагы үй ээнсиреп бош калган. Тегерете чөп басып, убагында шагы ийилген алма бактар тартайып, кээ бир бутактары куурап картайган. Малдыр- жандыр, өсүмдүк болсо деле картайганда сынынан кетип, башкача көрүнүп калат тура. Айылга барган сайын коңшу көчөдөгү баягы Эрмектин ата- энесинин үйүн карайм. Алардын үйү дагы кароосуз калгандай. Эрмек ата- энеси карыган чакта көргөн баласы болуп, эрмек болуп жүрсүн,- деп атын Эрмек койгон экен эле. Байкуш кемпир чал дагы өтүп кеткен деп уккам. Анын башка балдары деле айылга чыдабай шаарга кетип калышкан деп жүрүшөт. Союз таркай

баштагандан баштап айылдагылар ишсиз калып, жаштардын баары эле шаарлап кетишпедиби. Эрмекти көргөн эч ким жок экен. Бир жолу айылга келе жатып Эрмектин иниси менен бир автобуста чогуу келгем. Оозум батпай жатып, андан Эрмекти сурасам,-ал,-байкем Россияда, үч-төрт жылда бир келип кетет,- дейт. Орус аялы мененби деп сурай албадым. Ал мени таштап кеткен деп намыстанып, айда-жылда айылга бир барсам аны сураштырбайм деле. Бирок аны эстегенде, балалык сүйүүм козголуп элжиреп кетем. Менчелик бирөөнү жакшы көрүп, ошону эч эле унута албагандар дагы бар бекен? Канча жылдар өтсө деле аны эч эле эсимден чыгарып сала албайм.

Сендей сулуу кыздарга жигиттер жокпу, отузга чыгып калдың, турмушка чыгышың керек дешет. Турмушка чыгышты эч эле ойлобойм. Сүйүүнү өтө жаш кезимден башымдан өткөрүп, оозум күйүп, андан көңүлүм калып калганбы билбейм, бирөө менен баш кошуп жашоону элестете албайм.

Эки-үч күн мурда айылга келип, катуу жамгырда шаарга кайтып кеткенден бери эми кайра айылга бүгүн келгем. Атамдын туугандарына кайра барып, мурдагы барганымда сүйлөшүп койгон аталаш тууганымдын бир баласын келинчеги менен айылга алып келип,үйгө ремонт жасатып, аны атамдын үйүнө киргизип койсом дейм. Дем алыш күндөрү айылда жашап, балалык кезимди эстеп, Оозго барып, баягы төштөгү булактарга чыгып, Жар-Таштын чымчыктарынын үндөрүн уккум, тоонун арча жыттанган салкын абасынан кере дем алып, беде чабыкта аңызга кирип, чөмөлө чөптөргө жатып,

түркүн чөптөрдүн жыттарын искегим келет. Ошентип, ата-энемди, айылды сагынып, көңүлүм кирдеп, жашоонун анча деле кызыгы жоктой сезилип, ак-кара түстөгү жашоо менен эле өмүр кечирип келем. Баардыгым жакшы болсо, ишим бар, шаарда, айылда жашаганга үйлөрүм бар, ата-энесин түркүк кылып кармап жүргөн ким бар дейсиң, анда эмнеге көңүлүм чөгөт деп, турмушка өйдө карап жашайын десем деле болбой басынам. Маанайым түшөт. Тобоо!- дейм, анда артымдан чуркаган жигиттердин бирине турмушка чыгып алсамчы, балким жашоомдун нугу башкача болуп өзгөрөөр? Бир чети, ушул жылы турмушка чыксамбы деген ойдо атамдын үйүн кайра жаңыртып оңдогум келген.

Атамдын үйүндө түнкүгө калсам жалгыз кантип түнөйм,-деп шаарга эле кетип калайын деген ойдо, күн батып келе жатканда эле беде талаа аркылуу кеткен жалгыз аяк жол менен кесип өтүп, чоң жолго жөнөгөм. Талаанын бедеси бир аз күн мурда эле орулган экен, беденин чабык жыты каныл жаарымды жарат. Жалгыз аяк жол менен кетип жатып, өткөн күндүн ирмемдери эсиме түшүп, жол жээктеп чөмөлөлөп койгон беденин бирине олтуруп, анын буруксуган жытынан баягы Эрмек досторун ээрчитип келип биздин огороддогу беделерди чаап бергендеги түн эсиме түшөт. Анда айдын сүттөй жарыгы эле. Чалгылардын шартылдаган добуштары токтоп, балдар огороддун аягына барып тынымгып олтуруп калганда атамдар тоодон берип жиберген сүзмөдөн эзип чалап кылып барганымда Эрмек өзүнчө көңүлү көтөрүлүп, мага карап, "кичинекей эле туруп, өзүң билип, бизди чарчады, суусады деп чалап

жасап келдиңби",- деп ичинен сүйүнгөндөй болгон. Мен айылда өсүп, ата-эненин тарбиясын көрүп, мындай жумуштардын баарын жасап чоңойгом. «Ооба, сен эч кимге айттырбай ушуинтип досторуң менен келип, атамдын жүгүн жеңилдетип жатсаң, кантип анан» ... дегендей жылуу жүз менен Эрмекке карагам. Ошондо Эрмек досторунан кызгангансып, мени менен аларды бирге олтургузгусу келбей чалапты ичип бүтүшөөрү менен эле, дароо баардыгын тургузуп кетпеди беле.

Ордумдан туруп, чоң жолдун боюндагы аялдамага келгенимди деле сезбей, ошол күндөрүмдү эскерип, алаксып турган мезгилимде капысынан бир машина өтүп барып, токтоп калды. Карасам баягы, катуу жамгырда мени алып кеткен машина. Таңданып калдым, "бул эмне, мени андып жүрөбү? Эмнеге эле анда мага ушул машина туш келе берет? Машинанын моторун өчүрбөстөн, мени күтүп туруп калгансыган ал унаага баргым келбей ордумда туруп калдым. Ал машинадан деле эч ким түшпөй, мени күтүп жаткансып тура берди. Эмне болуп жатам, балким ошого окшош, сыягы, ошол машина болгондо деле жакшы эле жигит көрүнбөдү беле. Бул ушул тарапта иштесе керек да, өтүп баратып көрүп калгандыр,-деген ой кылт этти. Мейличи, эмнеси болсо дагы деп, машинанын айдоочусунун шагын сындыргым келбей акырын басып бардым. Жолдо арыктын боюнан үзүп алып, өткөндөрдү эсиме түшүрүп жыттап турган гүлдөрүмдү акырын жол четине таштадым. Арткы эшикти ачсам баягы жигит экен. Дагы деле мени карабастан,-олтур Айзада,-дейт. Бир укканда эле атымды эстеп калганына шектендим,

анын үстүнө үнү дагы тааныш учурап кетти. Жок, каяктан таанымак элем, үнү жылуу учураганы мурдагы түшкөндө сүйлөшүп кетпедим беле, ошого үнү тааныш болуп жатса керек,- дедим. Акырын чыгып арткы орундукка олтуруп, эшикти жабаарым менен эле машинаны акырын ордунан козгоп, жолдун оң тарабына буруп чоң жолго чыкты. Баягыдай эле мени кылчайып дагы карап койгон жок, ал күзгүдөн дагы көрүнбөдү, анын үстүнө шам кирип калган эле.

Бир убакта алдыңкы айнектен, алыскы ала-була ак карлуу тоонун кырларынан балбылдап чыгып келе жаткан ай көрүндү. Айдын мынчалык чоң болуп чыкканын мурда-кийин көрбөптүрмүн. Кечинде ай чоң болуп чыкса ошол түнү сөзсүз бир нерсе болот деп жүрүшкөндөрүн кулагым чалган. Кыргызда бир нерсе деген сөздү көп колдонобуз го. Баарын эле бир нерсе деп коет эмеспизби. Ошондо, ай чоң болуп чыкса эмне болот,- деп, бир нерсени тактап албаптырмын да. Ошондой ойго кирип, маңдайыбыздан, машина бир аз бурулган сайын алдыңкы айнектин бирде сол, бирде оң тарабына жылып кетип жаткан кызгылт сары балбылдаган айды карап келе жатканымда айдоочу башын бир аз мен тарапка буруп, бирок дагы деле жүзүн көрсөтпөй:
-О хоо, карасаң Айзада, айды. Айдын ушунчалык чоң чыкканын кара! Ай, бул кичирейип же чоңойбойт, жерге алыстап же жакындабайт. Бирок бизди курчап турган атмосфера, анын жыштыгы ушундай кылып көрсөтөт. Илгери 1911-жылы болгон чоң зилзала түнү дагы ай ушунтип чыккан деп айтышчу экен. Абанын жыштыгы, толкундары, жердин магниттик тартылуусу күчөгөндө

же алсызданганда бир кубулуш болот экен. Бүгүн же бир катуу сүйүнөбүз же катуу күйүнөбүз.

-Коркутпаңызчы, ушинтип айтсаңыз коркуп кетип жатам- дедим.

-Коркпой эле кой Айзада, балким жыргалчылык замандын башталышы ушул күндүр. Жок, кечирип кой Айзада, мен сени коркутайын дегеним жок,- деп түшүнүксүз эле сүйлөп койду. Кийин башка сөзгө бурду.

-Өткөндө үйгө кандай жетип алдыңыз?

-Жакшы, рахмат,-дедим.

Ошондон кийин дагы бир кыйла жерге чейин бир-бирибизге үн катпай бардык. Бир убакта айдоочу жигит:-Айзада, ушул тарапта иштейсизби же жашайсызбы? Экинчи жолу ушул аялдамадан учурашып калдык, -деди.

-Жок, жашайм, бул жерде деле эмес, тиги тоонун түбүндөгү айылда.

-Ой, Жар-Таш айылынансызбы? Мен ошол айылдан келе жатам го. Бул жакка чейин жөө келдиңизби?

-Ооба, беде пая менен кесип өткөн жалгыз аяк жол бар, айылдан машина күтпөй эле жөө басып келип, чоң жолдон кетебиз. Машина жол менен бассак тоонун түбү менен айланып калабыз. Алыс болуп калат.

Анын Жар-Таш айылынан келатам деген сөзү мени кызыктырды. Айылда он жылдан бери болбосом, кимисин тааныйт элем, балким ушул эле айылдыктыр, балким мейманга келген дагы бирөөдүр. Бирок мурда дагы биздин айылдан чыгып кеткен болсо анда айылдашым окшойт,- деп эмнегедир, тааныcам да тааныбасам дагы тактагым келди.

- Сиз дагы ошол айылдан болосузбу?

- Ой, жердештериңизди тааныбайсызбы?

-Чынын айтсам жакшы деле тааныбайм, биз мурда башка айылдан көчүп келген экенбиз, кийин, окууну бүтөрүм менен эле Бишкекке окуганы кеттим, кийин иштеп калдым.

-Туура, андай болсо тааныбайсыз деле,- деп бир саамга тунжурап, кийин, - жок, мен башка жактык болом,- деп койду.

Ошентип дагы бир аз жүргөндөн кийин айдоочу кайра мени сөзгө тартты.- Айзада бир нерсе сурасам болобу?

-Мейли, сурай бериңиз.

-Ушул Жар-Таш айылында Айка деген кыз бар экен? Ошол кызды тааныбайсызбы?

«Айка» деген атты укканда денем чымырап, беттеримден түк чыгып кетти. Мен айылда жашап жүргөндө эч бирөө дагы Айзада деген атымды билишчү эмес экенин, мени тааныгандардын баары Айка деп билишерин, ал тургай Эрмек дагы менин атымды Айка деп билчү экенин эстеп кеттим. Бир азга ойлонгонсуп туруп, - жок тааныбайт экенмин. Жашы канчалардагы кыз,- деп койдум.

-Жашыбы? Жашы отуздарга барып калса керек, жыйрыма сегиз, жыйырма тогуздарда.

Мен жөнүндө окшойт деп, дагы кызыктым.- Ал кызды өзүңүз тааныйсызбы же? ...

-Жок тааныбайм, Россиядан бир досум суранды эле.

-Жүрөгүм болк этип, кийин алып учуп токтоно албай калды. Ошол эле Эрмектин досу окшойт да,- деп ой-

лоп, шашкалактап,-досуңуз Россиянын каягында?- десем, ал:- Сахалинде. Солдаттан кийин эле ошол жакта калып калган,- деди.

Сөз мен жөнүндө экенине дароо түшүндүм. Эмне кылышымды билбей калдым. Капысынан болсо жаман болот экенсиң. Башыма эч нерсе кирбеди. "Эми мен керек болуп калыптырынбы? Болду-болбоду орус аялы менен бир нерсе болуп, эми мени издей баштаса керек",- деп ичимден, кандайдыр бир деңгээлде ушундай бир күндү күтүп жүрсөм деле ачууландым. Кайра туруп, аны менен жазында Жар-Таштын жогору жагындагы карагай, арчалардын арасына барып, ышкын терип, чарчап кечинде келгенибизди эстеп кеттим.

-Ой, Айзада,-деди айдоочу. -Менин суроомо жооп бербей эле олтуруп калдыңыз го.

-Кайсыл сурооңузга?

-Жашы жыйырма сегизге чыгып калган Айканы таанырыңыз туурасында.

-Мени тааныйт деп ким айтты?

-Мен айттым. Айылдашыңызды таанбай анан, өзү дагы дал эле сиздин куракта болсо, балким класташыңыздыр? Балким өзүңүздүр?

Айдоочу башын мага бурганда алдыдан каршы өткөн машинанын жарыганан анын өңү бир саамга даана көрүнүп барып караңгылыкта калды. Тааныдым. Эрмек экен. Чачтарын өстүрүп алганы, бой тартып, салабаттуу киши болуп калганы болбосо, көп эле окшоштуктары сакталыптыр. Ыйлап жибердим.

-Он эки жылдан кийин мен керек болуп калыптырмынбы ага,- деп, анын Эрмек экенин таанып турсам

деле ошентип койдум. -Орус аялы менен ымаласы келишпей калса, менин дагы деле бой жүргөнүмдү угуп, эми мага аракет кылып жатса керек да. Сүйүүнү оюнчук ойлойт экен да досуңуз- деп, булкулдап-силкилдеп эшиктин туткасын кармап,-машинаны токтотуп коюңузчу,- дедим.

Эшикти ачып жиберишимден коркуп кеткен Эрмек дароо машинасын онго буруп жолдун четине токтотту. Ошондо мен эшикти ачып, эшиктин туткасын кармаган боюнча,-досуңузга айтып барыңыз, Айка ал үчүн он эки жыл мурда өлгөн. Орус аялы, бала-чакасы менен бактылуу болсун,- дегенге араң жарап, кийин шамдагайлык менен машинадан түшүп эле туурага карап чуркадым.

Мага удаа машинадан шашып түшкөн Эрмек:- Айка, Айзада!- токточу, токтосоң! Мен үйлөнгөн эмесмин! Чындап үйлөнбөгөм! Айка токтосоң, баарын айтып берейин,- деп кыйкырып артымдан чуркады.Жолдун тушундагы алма бактарды аралап, айдын сүттөй жарыгында бир кыйла жерге барып токтодум. Эки жагымды карап, тыңшасам жымжырт. Бирок жолдун четинде дагы деле баягы Эрмектин машинасынын карааны турат.

Ичим туз куйгандай ачышып, буркурап бир азга ыйлап олтурдум. Бир кезде жанымды бергенге даяр болгон Эрмек мени көзүнө албай, мен тааныгандарга уят кылып таштап кетип, орус кызга үйлөнүп, аны менен он жылдан ашык жашап, балалуу болуп, эми аны менен ыркы келишпей калганда жетип келгенин кара,-дедим ичимден. Эми аны кандай сүйсөм дагы ага жакындабайм,- деп кайраттанып, анын машинасына олтурбай, көчөдөн башка машина тосуп кете турган

болуп кайра чоң жол тарапка бастым. Бак аралап келатсам бир караан жөрмөлөп чөптөрдүн арасынан бир нерсе издеп жатат. Карасам Эрмек. Токтоп туруп калдым. Түшүнүп-түшүнбөй кайра алдыга жылсам чөптөрдүн арасынан бутума бир катуу нерсе урунуп кетти. Эрмек ушуну издеп жатабы дегендей кылып бутум менен тээп көрсөм батинкага окшоду. Ии, Эрмек батинкесин жоготуп алып издеп жатыптыр да деп колума алып, ошол тарапка ыргытып коеюн десем ботинкасы оор. Колума алып карасам ботинканын ичинде жыгач бут, анын жогору жагында бутка байлай турган кайыш жоон ленталары бар экен. Бүткөн боюм дүркүрөп кетти. Мени көрүп кыймыл аракетин токтотуп, жасалма бүтүн таап алганымды көргөн Эрмек ыйламсырап:- Айка, мени кечир, ошондо сага жалган айткам, - деди.

Жасалма бутун кучактаган боюнча ыйлап жибердим. Эрмек байке эмнеге айтпадыңыз эле? Эмнеге мени алдадыңыз? Качан минтип калдыңыз? Бир суроомо дагы жооп албай буркурап ыйладым. Боздоп ыйладым. Чуркап жанына жетсем, тизесинен ылдый жагы жок мултуйган бутун шымына катат. -Кечирип кой Айка ошондо сага жалган айткам. Ошондо экспедицияда катуу суукта адашып калып үч күн талаада түнөп, бутумдун бирин үшүккө алдырып алгам. Сени кандай гана сүйөт элем. Кыялымда ушул күнгө чейин эле сени менен бирге жашап келдим. Эми кайра кетем. Кетээримде сени бир жолу көргүм келди эле. Айка, мени кечир жаным! Кечире алсаң кечир! Эми көрдүм. Сени кайра, дагы бир жолу болсо дагы көрсөткөн тагдырыма ыраазымын!

Жок, Эрмек байке, жок мен эми сизди кетирбейм! - деп анын олтурган жеринен атыр жыттанган кучагына боюмду таштадым. Эрмек өзүн жоготуп, көзүнөн аккан жашын токтото албай, менин бети-башымдан, көздөрүмдөн өпкүлөп жалынып жатты.

* * *

Ошол балбылдап чыккан ай тескерисинче бизге кубаныч, бакыт тартуулады.

Октябрь, 2017-жыл.

# МАЗМУНУ

1. Сураксыз өкүм-повесть............................................... 5

2. Ай толгон түн-новелла............................................ 142

Камчыбек Илиязов

**Сураксыз өкүм. Повесть, новелла. 2017. Бишкек.**

*Көркөм чыгарма.*
*Камчыбек Илиязов.*
*Сураксыз өкүм.*
*Корректору: М. Закирова.*
*Дизайнер: Т. Маткалыкова.*
*Техникалык редактору: Ж. Кадыров.*

Нускасы:1000
"Улуу тоолор" басмасы.
Бишкек ш.
Абдрахманов көчөсү-170 А